# МЕНИН КЫРГЫЗСТАНЫМ

Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 50 жылдыгына карата

65.9(2) Кы
М50

# МЕНИН КЫРГЫЗСТАНЫМ

ПУБЛИЦИСТИКАЛАР,
ОЧЕРКТЕР,
ЫРЛАР

*Түзгөн Калыбай Осмоналиев*

ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 227109

АБОНЕМЕНТ

«МЕКТЕП» БАСМАСЫ · 1975

С(Кирг.)
М 50

М 50 **Менин Кыргызстаным.** Публицистикалар, очерктер, ырлар. (Жаштар үчүн). Түзгөн Калыбай Осмоналиев. Ф., «Мектеп», 1975. ©
180 бет. (Кыргыз ССРинин жана Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 50 жылдыгына карата).
Бул китепке Кыргызстандын жаштарынын өлкөгө кошуп жаткан эмгектик салымдарын чагылдырган ар кандай жанрдагы чыгармалар кирди.

**Мой Киргизстан.** С(Кирг.)

73—140 / М 452 (17)—75 30—75

© Издательство «Мектеп», 1975 г.



Фрунзе аэропортунда пионерлердин Л. И. Брежнев менен жолугушуусу, 1970-ж.

*Жолдоштор, мен бүгүн Коммунисттик Жаштар Союзунун негизги милдеттери кайсылар жана ошого байланыштуу, Социалисттик республикада жаштардын уюмдары деги кандай болууга тийиш деген темада аңгемелешким келет.*

*Коммунисттик коомду түзүүнүн чыныгы милдети — дал жаштардын алдында турган милдет деп белгилүү мааниде айтууга мүмкүн болгондуктан, бул маселеге ого бетер токтолуп өтүү керек. Анткени, капиталисттик коомдо тарбияланган кызматкерлердин мууну, эң мыкты дегенде эксплуатациялоо негизинде курулган эски капиталисттик турмуштун негиздерин жок кылуу милдетин чече ала тургандыгы ачык. Бул муун, эң мыктады дегенде, пролетариат менен эмгекчи таптарга бийликти өз колдорунда кармап калууга жана бекем фундамент түзүүгө жардам бере турган коомдук курулушту түзүү милдетин чече алат, жаңы шарттарда, адамдардын ортосунда эксплуататордук мамилелер болбогон кырдаалдарда ишке киришүүчү муундар гана ошол фундаменттин үстүнө жаңы коом кура алат.*

(Россиялык Коммунисттик Жаштар Союзунун Бүткүл россиялык III съездинде В. И. Лениндин сүйлөгөн сөзүнөн. 2 октябрь, 1920-жыл).

# ТҮЗҮҮЧҮДӨН

Мындан туура элүү алты жыл мурда, 1918-жылдын 29-октябрында жумушчу жана дыйкан жаштар союзунун Бүткүл Россиялык I съезди болуп өткөн. Съездге чечүүчү добуш менен 176, кеңеш берүүчү добуш менен 19 делегат катышкан эле. Алардын 88и коммунисттер болучу. Съезддин ардактуу председатели болуп Владимир Ильич Ленин шайланган.

Съезд жаштардын коммунисттик кыймылын саясий жана уюштуруу жагынан негиздеген. Өз катарында 22 100 уланды жана кызды бириктирип турган Россиянын Коммунисттик Жаштар Союзу (РКСМ) мына ошентип түзүлгөн болучу.

Съезд программанын негизги жоболорун иштеп чыгып, Союздун Уставын бекиткен жана РКСМдын Борбордук Комитетин шайлаган. Союз Россиянын Коммунисттик партиясы менен

тилектеш экендигин билдирип жана коммунизмдин идеяларын таратууну, советтик Россиянын курулуштарына жумушчу жана дыйкан жаштарын тартууну алдына максат кылып койгон.

Мына ошентип, максаты жана милдеттери боюнча — коммунисттик, мүнөзү боюнча массалуу жана чыгармачыл, Коммунисттер партиясынын позициясына бекем турган жана анын жетекчилиги менен иштеген — жаңы типтеги, биримдүү жаштар уюму түзүлдү.

Жогоруда айтылгандай, алардын катары адегенде анча көп эмес эле, бар болгону — 22 100. Бирок алар — революциянын 22 100 жоокерлери болучу. Алар бир колуна — мылтык, бир колуна китеп алышып, жаңы турмушту куруп киришкен.

Өлкөдө граждандык согуш жүрүп жатты. Шаарлар менен кыштактар ал күндөрдө: «Сен өз каалооң менен жазылдыңбы?», «Жолдош! Сен мылтык атканды билесиңби? Эгер билбесең, өз комитетиңе тезирээк баргын да, үйрөнүүчүлөрдүн тизмесине жазыл!», «Райком жабык — бардыгы фронтко кетишти!» деген ураандар менен чакырыктарга жыкжыйма эле.

Революциянын кубаттуу толкуну жаштыкты көтөрүлгөн Украинанын көк майсан талааларына, жалыны жалбырттаган Тынч Дон менен Волганын жээктерине, адырлары алыска-алыска созулуп жаткан Приморьенин, ак кардуу Сибирдин, ак чачтуу Уралдын күрөшкө мелт-калт аймагына алып барды. Мына ушул күрөш жолдорунда комсомол такшалды, өз катарына жумушчу жана дыйкандардан партиянын ишине берилген жаш азаматтарды улам тарта берди.

Россиянын бардык элдеринин уландары менен кыздары Октябрдын жеңип алгандарын коргоп калууга жапырт аттанып чыгышты. Граждандык согуштун мына ошол каардуу жылдарында кайраттары менен калайыкка таанымал болушкан Николай Островский, Виталий Бонивур, Гукал Гукасян, Александр Кондратьев, Уркуя Салиева сыяктуу миңдеген революциянын кызыл шумкарлары өсүп чыкты.

Совет республикасы комсомолдун чаңга көөнөргөн гимнастеркасына эң биринчи сыйлык — кужурмөн Кызыл Туу орденин такты.

Ата-журттун ал күндөгү жеңиши ошентип жеңил келе койгон жок. Аны революциячыл элибиз жеңип алды. Алардын катарында жаштар аз эмес болучу.

Бүгүн биз, Совет бийлигин ички жана тышкы душмандардан сактап калууга катышып, кан төгүшкөн жыйырманчы жылдардын комсомолецтерине дагы бир ирээт таазим кылып, алардын эч качан өчпөй турган эрдиктерине, революциячыл кайраттарына бекем берилгендигибизди билдиребиз.

...Жаш совет өлкөсү граждандык согуштан али биротоло бошоно элек болучу. Интервенттер менен актардын аягы акырына чейин талкаланбай, буденовчулардын буудандарынын ээр токуму алынбай турган кез эле. Мына ушул учурда Партия, Ленин жаштарды заводдорго — станокторду ээлөөгө, талааларда — соколорду кармоого, кызыл бурчтарда — кагаз, карандаштарды алууга чакырды.

Өлкө согуш жаратынан улам, үңкүрлөр менен бузулган курулуштарга, талкаланган шаар, кыштактарга дуушар болуп турган. Револю-



ция таш-талканы чыккан эски дүйнөнүн ордуна социализмдин пайдубалынын негизин тургузууну күн тартибине койду. Биринчи беш жылдыктар марш алып, анын колоннасында көкүрөгүндө комсомолдун значоктору жаркыраган уландардын жана кыздардын чоң армиясы да бара жатты. Комсомолдук путевкалар менен өнөр жай курулуштарына ал жылдары 350 миң комсомолец жана комсомолка аттанышты. Алар социалисттик мелдештердин алдыңкы чектерин ээлешип, жумушчу факультеттерин, ФЗОлорду, жумушчу жана дыйкан жаштарынын мектептерин ачууга демилге көтөрүп чыгышты. Биринчи беш жылдыктын мезгилинде 350 миң адамдан турган кызыл сабат ачкычтардын жаш армиясы элдин сабатсыздыгын жоюу боюнча чабуулга өтүштү.

Мына ошол катаал мезгилдин каардуу 1920-жылында РКСМдин III съезди болуп өттү. Анда Владимир Ильич Ленин «Жаштар Союзунун милдеттери» деген жаш муундар үчүн өзүнүн программалык сөзү менен чыгып сүйлөдү. Делегаттар Ленинден өлкөдөгү абал жөнүндө, согуш жөнүндө айтат го деп күтүп турушкан. Кантсе да, Ленин учурдагы чарбалык жана согуштук иштерге токтолот деп күтүп турушкан. Бирок андай болбоду. Владимир Ильич түзүлгөнүнө эки гана жыл болгон Коммунисттик Жаштар Союзунун бүтүндөй ишмердигинин Программасына токтолду. Владимир Ильич Лениндин РКСМдин III съездинде чыгып сүйлөгөн сөзү комсомолдун бардык муундарынын айкын Программасы болуп калды.

Социализм үчүн болгон күрөштүн күч алган мына ошол мезгилинде, башкача айтканда, 1924-жылдын 25-майынан 1-июнуна чейин Кыргыз комсомолунун учредителдик съезди өтөт. Бул дата — Кыргыз комсомолунун туулган күнү болуп тарыхка жазылып калды.

Ал эми 1924-жылдын июлунда болуп өткөн РКСМдин VI съезди Ленин комсомолу деп атоого чечим кабыл алды. Съезддин Манифестинде мындай деп жазылган эле: «Биз бул чечимди сөз көркөмүн издеш үчүн... же ысымдардын эң сонунун алып жүрүш үчүн гана кабыл алып жаткан жерибиз жок. Биз бул чечимди СССРдин бардык элдеринин эмгекчил жаштары өзүнүн алдыңкы отряды Коммунисттик Жаштар Союзу менен бирге ленинче жашап, ленинче окуп, ленинче күрөшүү үчүн кабыл алып олтурабыз».

Комсомолдун бүтүндөй баатырдык тарыхы мына ушул ыйык Антына бекем тургандыгын далилдеди.

Эмесе, тарыхка бир аз көз чаптырып көрөлү.

1931-жылдын 21-январында, комсомол социалисттик мелдештерде эпкиндүү эмгектенгендиги жана дайыма демилге көтөргөндүгү үчүн экинчи жолу Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланды. **Улуу Ата Мекендик согуш.** Согуштун биринчи эле үч күнүндө ВЛКСМ Борбордук Комитети 900 миң комсомолецтерди жөнөттү. Фашизм менен болгон согушта көрсөтүшкөн эрдиктери жана баатырдыктары үчүн 3,5 миллион комсомолец Советтер Союзунун ордендери жана медалдары менен сыйланышты.

Жаштарды социалисттик Ата Мекенине берилүү духунда тарбиялагандыгы жана Улуу Ата Мекендик согушта Ата Мекендин алдында

көрсөткөн эрдиктери үчүн комсомол үчүнчү жолу Ленин ордени менен сыйланды.

**Согуштан кийинки жылдар.** Өлкөнүн талкаланган шаарлары менен кыштактарын, ири өнөр жай ишканаларын, Донбасстын шахталарын калыбына келтирүүнү комсомол шефке алды. Айыл чарбасын өркүндөтүүгө катышты.

**Элүүнчү жана алтымышынчы жылдар.** Комсомол өлкөнүн Сибирде, Түндүктө, Ыраакы Чыгышта, Казакстанда курулуп жаткан ири курулуштарын шефке алды. Эки миллиондон ашуун комсомолецтер комсомолдук путевкалар менен эпкиндүү курулуштарга барышты. 700 миң уландар менен кыздар дагы жерлерди өздөштүрүүгө катышышты.

Уюшулган эң биринчи күнү — 1918-жылдын 29-октябрынан баштап мына ушул күнгө чейин комсомол коммунизмдин активдүү куруучуларынан экенин айкын көрсөтө алды. Эми тарых комсомолду өз барактарына Коммунисттик партиянын ишенимдүү жардамчысы жана резерви деп биротоло жазып койду.

Комсомолдун бардык улуу муундарынын иштерин бүгүнкү күндөрдө жетимишинчи жылдардын комсомолецтери да татыктуу улантууда. Өзүнүн эң биринчи күнүндө 22 100 уландардан жана кыздардан турган комсомол эми 30 миллиондон же биринчи күндөгүсүнөн бир жарым миңден ашуун эсеге өстү. Мына ушул цифра комсомол өзүнө тартып турган күчү бар күжүрмөн союз экендигин далилдеп турат.

Лениндик комсомолдун күжүрмөн отряддарынын бири Кыргызстан Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзунун катарында азыр ВЛКСМдин 340 миңден ашуун мүчөсү бар. Алар Ата Мекенибиздин бардык комсомолдук уюмдарындай эле коммунизмди курууга активдүү катышууда.

Ар бир жаңы муунга мезгил өз талаптарын энчилейт. Бизге, жетимишинчи жылдардын жаштарына, ал талаптар Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын XXIV съездинин тарыхый чечимдеринде белгиленген. Жетимишинчи жылдардын уландары менен кыздары өздөрүн тогузунчу беш жылдыкка арнашкан. Бүткүл өлкөбүз менен бирге, биздин ар бирибиз ээлеген өз-өз ордубузда жалпы элдик бир милдетти аткарып жатабыз, ал — өндүрүш ылдамдыгын өркүндөтүү, анын эффективдүүлүгүн жогорулатуу, илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерин кеңири колдонуу,эмгек өндүрүмдүүлүгүн арттыруу аркылуу калктын материалдык жана маданий турмушун кеңири гүлдөтүүгө жетишүү.

Партия, жаштардын кол жана акыл күчүн талап кылган мамлекеттик маанилүү иштерди атады. «Беш жылдыкка — эпкиндүү эмгек, устаттык жана жаштардын изденүүсү!» деген чакырыктын алдында биз ал иштерди аткарууга киришиштик.

Өз чакырыктарын жаштар өздөрү иштешкен ишкананын, колхоз-совхоздун, илимий мекеменин жеке шарттарына ылайыктап өздөштүрүүдө. Аларды турмушка ашыруунун пландарын ар бир баштапкы комсомолдук уюм өз бет алдынча иштеп чыккан. Башкы пландардын бирин — профессионалдык кесипке даярдоо иштери түзсө,



экинчисин жаңы курулуштарды шефке алуу, үчүнчүсүн — эпкиндүү эмгек майданына катышуу түзөт. Буга окшогон мисалдарды уланта берүүгө болор эле, бирок алардын бардыгын бириктирип турган бир жалпылык бар. Ал кичине иш болобу, же чоң иш болобу, ар биринде пайдаланылбай жаткан мүмкүнчүлүктөрдү издеп табуу. Ар бир кичинеден, ар бир өзүнчө иштен жалпы чоң ийгилик топтолот. Пайдаланылбай жаткан мүмкүнчүлүктөрдү терең ой жүгүртүп, пландаштырып, анан издөөгө алуудабыз. Биздин изденүүлөрүбүз «Коммунизмге үйрөнүү» деп аталган өздүк комплекттүү планда аныкталган.

Жеке өздүк планды иштеп чыгууда биз анын ар бир пунктун жазып жатып, алдыга умтулуубуз Ленинче жашап, Ленинче иштеп жана Ленинче окууга канчалык дал келерин, ошондой эле партиянын чечимдерин күн санап аткарууга активдүү катышууга, коомдук тапшырмаларды орундатууга канчалык шайкеш келээрин көңүлдүн борборунда сактаганбыз. Мына ушул талаптарды биз өзүбүзгө, өзүбүздүн жолдошторубузга коёбуз.

Мындан жарым кылымдан ашуун мурда, тарыхта эң улуу революцияны ишке ашырган муундардын атынан чыгып сүйлөп, В. И. Ленин мындай деген: «Биз келечектин партиясыбыз, а келечек болсо жаштарга таандык... Биз дайыма алдыңкы класстын жаштарынын партиясы болуп кала беребиз!»

Лениндин осуяттарын ишке ашырып, Коммунисттер партиясы өсүп келе жаткан муун жөнүндө дайыма камкордук көрөт. Партия жаштарды өз өлкөсүнүн чыныгы ээси болууга, марксизмдин-ленинизмдин окуусун терең өздөштүрүүгө тарбиялап, революциялык күрөштүн жана чыгармачылык эмгектин тажрыйбалары менен байытат. Лениндик партия калыптанткан: коммунизмдин ишине берилгендик, коомдун кызыкчылыгы үчүн өзүн бүт арнагандык, бүткүл дүйнө жүзүндөгү миллиондогон эмгекчилер менен класстык тилектештик жана патриоттук сезимталдык — муундан-муунга өтүп турат. Советтик мүнөздүн бул белгилери биздин коомдун өнүгүшүнүн бардык этаптарында: биринчи беш жылдыктардын мезгилинде, Улуу Ата Мекендик согуштун фронтторунда, согуштан кийинки тынчтык курулуштарында даана көрүндү.

«Социализм үчүн күрөшүүчүлөрдүн улуу мууну,— деп айтты Л. И. Брежнев, В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына арналган салтанаттуу чогулушта,— өзүнүн татыктуу сменасын даярдап, ага бүт тажрыйбасын, билимин, лениндик жеңишчил эстафетасын берди. Партия советтик жаштар жана катарында жүз миллиондон ашуун советтик адамдар саясий такшалуудан өткөн, анын алдыңкы отряды — Лениндик комсомол Ата Мекенди жаңы, эң сонун иштер менен сыймыкка бөлөйт деп ишенет».

Кыргыз ССРи менен Кыргызстан Коммунисттик партиясынын 50 жылдыгына арналып чыгарылган бул китепке Ленин комсомолунун күжүрмөн отряддарынын бири — Кыргызстан Комсомолунун баатырдык барактарынан алынып жазылган очерктер, аңгемелер, ырлар, документалдык сүрөттөр киргизилди. Китеп «Улуулар баскан жол», «Улуулар жолун кичүүлөр улантат», «Республикам — достуктун өл-

көсү», «Ыр саптарында — жаштык жана тууган жер» деген бөлүмдөрдөн турат.

Кыргызстан Коммунисттик партиясынын жетекчилигинде Кыргызстан комсомолу 50 жыл аралыгындагы албан-албан ийгиликтерди жаратты, республикабыздын көкөлөгөн бүгүнкү сыймыгын арттырууга өз салымын кошту. Жарыяланган чыгармалар мына ошол жөнүндө баян этет.

*Калыбай Осмоналиев,*

«Ленинчил жаш» газетасынын редактору, Кыргызстан ЛКСМ БКнын бюро мүчөсү.

# УЛУУЛАР БАСКАН ЖОЛ



*КАСЫМАЛЫ БАЯЛИНОВ,*

*Жазуучу, Кыргызстан комсомолунун ветераны*

# ШУМКАР БИЙИККЕ УЧАТ

Гани Муратбаев Улуу Октябрь революциясынан кийин советтик чыгыш жаштарынын арасынан суурулуп чыга келген таланттуу жаш коммунист. Ар бир ишке жарамдуу, жөндөмү бар жаштарды ал өтө жакшы көрүүчү. Алардын муң-муктажына ортоктошуп, кем-карчына жардамдашып, акыл-насаатын айтып кеңешин да берер эле.

Гани 1902-жылы, Кызыл-Ордо областы, Казалы районунда төрөлгөн. Төрт жашында атасы өлүп, жетим калат. Энеси айыл-апанын жумушун кылып, кирин жууп, суусун ташып, өлбөс оокат күнүн көрүп, баласын багып өстүрөт. Ошондогу энеге келген оорчулукту бала да башынан өткөргөн.

Гани сегиз жашка келгенде энеси аны эптеп Казалы шаарындагы интернатка окууга киргизет. Адегенде ал сабагын өздөштүрө албай кый-

налса да тырышчаактыгы, сергектиги аркасында бара-бара балдардын алды болуп, аларга жетекчилик кыла баштайт. 1917—1918-жылдардагы шаар менен айыл-кыштактарда болгон жыйналыш, митингилерде эч бир жалтанбастан, тартынбастан, трибунага чыга келип, падышанын жүргүзгөн саясатына каршы сөз сүйлөйт. Бий менен болуштар, бай менен манаптар падышанын саясатына таянып, калың кара буканы эзгенин да айтат. Жаш уландын жалындуу сөздөрүнө, анын акылына, эрдигине ошондо орус жолдоштор таң калышкан. Андай бала көмүскө жерде калчубу? Эмгекчи ал аны 1917- жылы Казалы уездик аткаруу комитетине мүчө кылып шайлашат.

Гани Казалыда көп тура алган жок. Окумакчы болуп Ташкентке келет. Мында В. И. Лениндин наамындагы орто мектепке кирип, аны бүтүрүп чыгат. Бирок таланттуу жаш уланды андан алган билим эч бир канааттандырбайт. Дагы да билимин жогору көтөрмөкчү болуп өз бетинче окуй берет. Башкаларды да окууга үндөп, далай балдарды ал окууга киргизет.

Буга бир мисал: казак элинин азыркы окумуштуу адамы Бейсембай Кенжебаев бала кезинде Ташкентте болуптур. Барар жери, жатар үйү жок, көрүнгөн жерде конуп-түнөп жүрө бериптир. Күндөрдүн биринде өзүнө окшоп кайыр сураган бир топ бала болуп милиция жетим балдарды кармайт экен деген кабарды угуп качып, темир жолдун боюндагы коолорго келип жашынышат. Майда-чүйдө жумуш кылып, кайыр сурап табышкан тамак-аштарын бөлүштүрүп, жеп олтурушканда дал үстүнөн кандайдыр бир казак жигити чыга келип, жайдары жүзү менен эски досторчо амандашып, таанышат. Өзүнүн ким экенин — арысы окуп, бериси иштеп жүргөнүн да айтат. Бүткүл Россияда падыша өкмөтү тактан кулатылып, анын ордуна Совет өкмөтү орногонун, ал өкмөт кедей-кембагалдардын балдары үчүн балдар үйүн, интернат ачып, анда аларды кийиндирип, тамак-аш берип, окутуп жатканын да айтат. «Энди жүрүңдөр, карактарым!» деп аларды ээрчитип барып, интернатка киргизет.

Дагы бир мисал: Кыргыз элинин эл акыны, Токтогул атындагы сыйлыктын лауреаты Аалы Токомбаевди да Гани окууга киргизиптир. Ал жөнүндө Токомбаев мындай дейт:

«...1923-жылы Кыргызстандан үч-төрт бала болуп, окуйлу деп Ташкентке бардык. Бирок окууга кире албастан абдан сандалып, жардам береби деп, Гани Муратбаевди издеп таптык. Ал ошол кезде Туркестан Борбордук Комитетинин башкы секретары экен. Келгендеги жумушубузду ынтаасын коюп укту да: бизди ээрчитип, Орто Азия коммунисттик университетине алып келди. Анын жетекчилери менен сүйлөшүп, аларды көндүрүп, айтор, киргизди. Ошентип биз Ганинин жардамы менен САКУга окууга киргенбиз».

Ал жаш жеткинчектердин билим алышына, адам болушуна жанын үрөй жардам кылган жалын жүрөк жигит эле. Өсүп келе жаткан жана келечекте өсө турган комсомолецтерди да тааный билчү. Алар менен сүйлөшүүгө, жакындашууга аракет кылчу. Жыйналыштарда жаштардан чыга келип сүйлөөчүлөр боло калса, алардын аты-жөндөрүн дароо жазып алып, экинчи кезигишкенде алар менен



кол кармаша көрүшө кетүүчү. Жыйналыштарда да аларды сүйлөтүп, такшалтар эле. Ал гана түгүл, газета-журналдарга макала жаздыруучу. Кандай жазып, кандайча бүтүүнү да аларга айтып берчү.

Ошентип Гани комсомолдук кадрларын даярдоодо жана казак, кыргыз, өзбек, түркмөн, тажик жаштарын комсомолго тартууда көп жумуш иштеген. Туркестан республикасындагы комсомол уюмдарынын көрүнүктүү башчысы болуп, ошол кездеги Туркестан Коммунистик Жаштар Союзунун Борбордук Комитетинин мүчөсү болуп шайланган. Андан барып анын башкы секретары болгон.

1924-жылдын экинчи жарымынан тартып ал Москвага чакырылып, Коммунисттик Жаштар Интернационалынын Комитетинде иштей баштаган. Бирок, өмүрү өтө кыска экен, 1925-жылы Москвада, 23 жашында ырайымсыз ажал аны арабыздан алып кетти. Ошондо комсомол уюмдарына, Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзунун бардык мүчөлөрүнө төмөнкүдөй кайрылуу жазылган.

«15-апрелде Россиянын Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзунун Борбордук Комитетинин мүчөсү, Коммунисттик Жаштар Интернационалынын (КИМ) аткаруу комитетинин мүчөсү жолдош Гани Муратбаев дүйнөдөн кайтты.

Жолдош Муратбаев биздин Союзубуздун эң бир көрүнүктүү кызматкерлеринин бири. Советтик Чыгыш революциячыл жаш урпактарынын өтө таланттуу өкүлү болучу. Ал пролетардык күрөштүн отунда туулган, улуттук чектелүүчүлүктү билбеген, мурдагы каргыш тийген улутчулдуктун калдыктарынан оолак качкан жаңы жеткинчектен эле... Анын өлүмү комсомолецтер үчүн, биздин бүткүл Союзубуз үчүн оор жоготуу...

Ал соңку кездерде мыкты комсомол кызматкери болуп таанылган. Ал Коммунисттик Жаштар Интернационалынын Чыгыш бөлүмүн башкарган. Бирок, бул кызматта иштөөгө анын оорусу мүмкүнчүлүк бербеди.

Эми Гани жок. Кыргыз (ал кезде казактар да кыргыз деп аталган) жаштары анын ордуна ондогон, жүздөгөн жаңы күжүрмөн кызматкерлерди тарбиялоого тийиш. Россиянын жумушчу, айыл-кыштак жаштары Чыгыштын жаш жеткинчектери менен туушкандык байланыштарын мындан ары карай да чыңдай берүүлөрү керек.

Революциячыл жаш Чыгыш жашасын!

**РЛКСМ Борбордук Комитети»**

Бул кайрылуу 1925-жылдын 17-апрелинде, жума күнү «Правда» газетасына басылып чыкты. «Правдада» мындан башка да Гани Муратбаевге арналган бир кыйла макалалар басылган. Ошол макалаларда Ганинин өтө сүймөнчүктүү, өтө мыкты кымбат адам экени да айтылган.

1921-жылы анын демилгеси менен Ташкентте казак тилинде «Жаш кайрат» наамында газета чыга баштады. Анын редактору ал өзү болгон. Ал кээде газета, кээде журнал болуп чыгып турду. Акы-

областная БИБЛИОТЕКА Инв. №227109



Нарын дайрасындагы Шамалды-Сай ГЭСинин курулушу.

рында ал азыркы Алма-Атада чыга турган «Ленинчил жас» газетасынын алгачкы ташын койгон — Гани Муратбаев.

Мен Гани Муратбаевди 1920-жылдары Ташкентте, казак-кыргыз калк агартуу институтунун алдында ачылган алты айлык мугалимдик курста окуп жүргөн кезимде алда нече курдай көргөмүн, сүйлөгөн сөздөрүн укканым бар.

Ал институтка көп келер эле. Комсомолецтердин жыйналышын ачып, Совет өкмөтүнүн ички-тышкы абалынан аңгеме козгоп келип комсомолдун милдетине токтолуучу.

«Комсомол деген эмне,—дээр эле ал,—комсомол деген партиянын ишенимдүү таянычы, кол канаты. Ошондуктан, биз ага коммунизм үчүн канын да, жанын да бере турган жаштарды тартуубуз керек. Андай жаштарды биз жумушчу жаштардан, эмгекчи жаштардан гана табабыз. Ошолорго таянып, алардын колдоосу менен гана жашырынып жүргөн бай-манаптардын, бий-болуштардын балдарын арабыздан куул чыгуубуз керек...»

1920-жылы октябрь айында Москвада болуп өткөн РКСМдин III съездинде Гани Муратбаев да Орто Азиядан делегат болуп барып, В. И. Ленинди көргөн. Жаштар Союздарынын милдеттери жөнүндөгү сөзүн уккан.





Кант районундагы Ленин колхозунун кызылчачылары. 1934-жыл.

Улуу жол башчыбыздын ошондогу осуяттарын жаштар арасына таратууда жана аларды окууга үндөп, социалисттик курулушубузга активдүү катыштырууда Гани көп эмгек кылды.

Мына андан бери далай жыл өттү. В. И. Лениндин осуяттарын советтик жаштар, комсомолецтер ак ниет, асыл эмгектери менен иш жүзүнө аткарышты жана аткарып да келе жатышат. Алар социализмди куруу жолундагы күрөштө өлкөбүз менен бирге өсүп, бирге чыңалып, коммунизмге карай алга адымдоодо. Партиябыз жана өкмөтүбүз жаштар менен комсомолецтердин эбегейсиз зор эмгектерин жогору баалады. Өкмөттүк бир нече ордендер менен сыйланды. Комсомол азыр беш ордендүү. Албетте, бул советтик жаштар үчүн чоң сыймык. Мындай сыймыкка Кыргызстан комсомолецтери менен жаштары да кубанат. Анткени, Улуу Лениндин айткандарын турмушка ашырууда алар да мыкты иштешти. Буга жакында борборубуз Фрунзе шаарында болуп өткөн Лениндик Коммунисттик Жаштар Союзунун XVI съезди чоң далил. Анда республиканын бардык жеринен келген жаш делегаттар ата, агаларынын, эже, апаларынын эстафетасын улантып, айыл чарба өндүрүшүндө болсун, илимий, искусство иштеринде болсун, социалисттик курулушубуздун бардык тармактарында тең зор ийгиликтерге жетишкенин айтышты. Аны менен гана

токтолбостон дагы да жаңы, дагы да залкар ийгиликтерге ээ болууга убадаларын беришти. Албетте, ал убада жалаң гана Кыргызстан жаштарынын убадалары эмес, бүткүл советтик жаштардын, комсомолдун убадасы. Алардын бардыгынын ой-тилеги, максаты.

Советтик жаштардын бул ийгилигинде Гани Муратбаевдин да үлүшү бар. Анын эмгегин совет жаштары, комсомолецтер эч качан эстеринен чыгарышпайт.

*САТКЫН САСЫКБАЕВ*

*жазуучу,*

# МЕКТЕП, ӨЗҮМ, ОКУУЧУЛАРЫМ...

*БИОГРАФИЯЛЫК, ДОКУМЕНТАЛДУУ АҢГЕМЕ.*

## КИЧИНЕКЕЙ КИРИШ СӨЗ

Кыргызстандын эл мугалими, Ленин ордендүү коммунист Мүсүралы Копобаев көп жылдар бою миңдеген жаштарды окутуп, тарбиялап, алар партиялык, советтик, комсомолдук кызматтарга чейин көтөрүлүп өсүүгө, маданий, адабий ишмерлер болуп калууга күч жумшап, өз салымын салган киши. Кыргыз Автономиялуу область түзүлгөнгө чейин гана эмес, андан кийинки жылдарда, кыйын-кезең учурларга карабастан, мектепте бала окутуу менен бирге, чоңдордун кат сабатсыздыгын жоюуга, өскөлөң жаштардын курстарында сабак берүүгө, өзү гана эмес, мугалим аялы менен кошо тынымсыз иштеп келгендердин бири. Бул жөнүндө Мүсүралы ага жакында эле төмөндөкүчө эскерди:

«Жыйырманчы, отузунчу жылдарда мектепте балдарды окутуудан да чоңдордун, мектеп

жашынан өтүп кеткен жаштардын кат сабатсыздыгын жоюуга, башка да коомдук иштерге көп убакыт кетирчүбүз. Токсон беш проценти кат сабатсыз кыргыз элинин маданий-агартуу жактан көп түйшүгү бизге, алгачкы кызыл мугалимдерге түшкөн. Кыштын суугунда түшкө чейин мектепте бала окутуп, түштөн кийин чоңдордун кат сабатсыздыгын жоюп, коомдук жумуштарды аткарчубуз. Кызыл үйдүн ишин башкарып, дубал газета чыгарып, ураан жазуу, партячейка тарабынан комсомол чогулуштарына катышуу, батрактардын «схо-дун» өткөрүү мугалимдердин иши болучу. Мунсуз советтик бийликти айыл-кыштакта чыңдай алмак эмеспиз».

Мүсүралы Копобаев аганын чынында да мугалимдик майданындагы сиңирген эмгеги, тажрыйбасы, коомдук иштери советтик жаштардын муундары, бөтөнчө жаш мугалимдер үчүн өтө эле пайдалуу, үлгүлүү, тарыхы жактан кызыктуу экендигин эске алып, аларды өзүнө сүйлөтүү формасында жазып, жаштарга берүүгө диттендим. Дале болсо соо-саламат, акыл-эси менен жашап турган Мүсүралы карыя менен дагы аңгемелешип, мурунку текстин айрым жерлерине анчамынча өзгөртүү кийрип, башкача түздүм. Кана эмесе, Мүсүралы карыяга сөз берелик! Мен көркөмдөп жазуу милдетин гана алайын.

## АЛ КҮНДӨРДӨ

I

— Ээ, Сатай! «Өткөн өмүр бир убак» деген экен. Андан бери далай күндөр өттү, далай суулар акты...— деди Мүсүралы ага, тоону караган терезе жакка көз чаптыра ойлонуп, малдаш токунуп отурган калыбында аңгеме баштап.— Кыргызстанда Совет бийлиги орноп, кыргыз эли өзүнчө Автономиялуу область болгондон бери эле, жарым кылым өттү да кетти. Бул жылдар ичинде кыргыз эли, ар бир мен өндөнгөн адамдар, маданий, чарба жактан гүлдөгөн жыргалдуу турмушка оңой менен эле жете калган жок. Коммунисттик партиянын жетекчилиги, советтик бийликтин камкордугу аркасында, көп кыйынчылыктарды баштан өткөрүп анан жетти. Мен аңгемемди эмгек жолумдун эң алгачкы күндөрүнөн, өткөн замандан баштагым келет. Ошондо, «Биз ким элек, ким болдук?!» деген суроо чечилип, жаш муундарга окуя абдан түшүнүктүү болор деп ойлоймун.

II

— Баланын баары эле эне-атасынын жолун жолдоп, кесибин кылып келбейт. Кандай болбосун кесипке үйрөнүү, машыгуу баланын жөндөмдүүлүгүнө, эс-акылына, шыгына, тырышчаактыгына байланыштуу. Ата кесибин кууй турган болсом, мен темир уста болуп кетмекмин. Бирок, атамдын кесибине такыр окшобогон мугалимдик кесипке көнүккөмүн. Анткени менен атамдын темир усталык кесибин,





Мүсүралы Копобаев, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими.

мээнеткечтигин, жаткан ак көңүл, кең пейил мүнөзүн жактырчумун жана урматтоочумун.

Ооба, атам эмгекти сүйгөн, бирөөгө жаман айтпаган, өз турмушунан көрө, башкалардын турмушу өнүгүүнү көздөгөн, жеке тиричилигине өтө эле өнөө караган, «кудай жеткирет, мага бергенден көрө элге, туугандарыма берсин» деген киши болчу. Ошондуктан да айылдагылар аны: «Бөкө!» деп ызаттап турушчу. Кимиси болбосун атайын алдына келип: «Бөкө, сокомдун тишин таптап, маңгелимди каңдап бериңиз?» деп өтүнсө эле болду, чечинип таштап, көрүгүн күркүрөтүп, балка-дөшүсүн тарсылдата чаап, боз үйүн ыш менен түтүнгө толтуруп, кызыл чокко темир ширетип, керели-кечке узана берчү. Мойну-башынан көөлү тер куюлуп, чарчаганына да карачу эмес.

Ошентип, жанын үрөп узанганына жараша, эч кимден жарытып эмгек акы да албай турган. Көпчүлүгүнө: «Тим эле кой, эчтекенин кереги жок!» дечү. Энем раматылык: «Арам терсиң, талаага кеткен кайран эмгегиң!» деп жемелесе да: «Э, кудай жеткирет, Дамеш! Элге, туугандарга берген жардамымдын эсеси баары бир чыгат» — деп коёр эле.

Алты ага-ини Бозой уулудан Копобай темир уста болуп, Сакебай жыгач уста кесибин үйрөндү. Калгандары жарыбаган дыйканчылык турмушун куруп кетишти. Бирок, окуп кат таанparam да, алты бир туугандын ичинен элге аралашкан тыңы, заманга, окуу-билимге түшүнүктүүсү Бозой уулу Сасыкбай болучу. Анын кадырлуулугуна, адамгерчиликтүүлүгүнө жараша улуу, кичүү дебей: «Көкө!» деп чакырышчу. Көкөмдүн эстүүлүгүн, турмушка, өнөр-билимге түшүнүктүүлүгүн бүткүл айыл баалоочу.

Бир туугандары Копобай менен Сакебайдын чебер усталыгына Көкөм бөтөнчө сыймыктанар эле. «Баары бир, Бозой уулунун кол өнөр-тиричилигине жетпей, күнүңөр түшүп өтөсүңөр!» — деп тамаша иретинде туугандарын күлдүрчү.

Чынында мен болуп, жетигендин бир топ балдары, Көкөмдүн гана далалаты менен адегенде айылдан, молдодон, андан кийин Токмок шаарынан: татарча, өзбекче, айрымдарыбыз орусча окуп калганбыз. Баарын билип, түшүнүп уюштурган Көкөм раматылык болучу. «Элдин балдары ногойчо, түркчө, орусча окушуп, тилмеч, төрө, адвокат, писер болгондо, биздин балдарыбыз боло албайт бекен? Колдон келсе балдарды ногойчо эмес, орусча окутабыз!» — деп туугандарына акыл салып, демилге көтөргөн Көкөм болгон. Ошондуктан да, өзүнүн уулу Качкынды жана мени 1915-жылы кышында орус учителге берип, орусча окутканы да эсимде. Бирок, 1916-жылдагы каргашалуу козголоң биздин кендирибизди кескен да койгон...

Сегиз жашымдан тартып айылдык диний окуудан, молдодон окудум. Саман төшөгөн суук боз үйдө тончон, чокойчон отуруп окучубуз. Бир жагынан окуп, бир жагынан үй тиричилигине да каралашчумун. Атам сыяктанып эмгектенүүгө, адептүү, тартиптүү болууга тырышкамын. Атамдын көрүгүн басышып, көмүркөйүн жыйнашып, энеме суу ташып берип, от жагышчумун. Бирок, Осмонбек молдо, Аккийиз молдо дегендер: «Аптиек», «Курандары», ырайымсыз кыялдары менен жүрөгүмдүн зилин алып, көкөйүмө тийген. «Аптиек», «Куран» эмес, «Соподдияр», «Чаар китептердин» молдолор өздөрү түшүнбөгөн узун, жадатма сүрөөлөрүн жаттатып, башыбызды катырышчу. Эгер сүрөөнү чала жаттап, жаңылыш окуучу болсок, молдодон «чыбык» жечүбүз. Молдонун «чыбыгы» аз келгенсип, калпасы да сабоочу.

Карандай молдодон корккондугумдан мээ чириткен, узак сүрөөлөрдү суудай жаттоого тырышчумун. Жөн гана жаттабай, сүрөөлөрдү макам менен, кыраттуу окууга да мажбур кылышчу. Экинчи кышта сүрөөлөрдү шар жаттоо менен бирге Осмонбек молдонун өз кыраатына салып окууга көнүгө баштадым. Ошондон кийин молдо жактырып, жонумдан «чыбык» алууну азайтты. Бирок, жүрөгүм үшүп калган эмеспи, молдону да, куранды да ичимден жек көрчүмүн. Бир нече сүрөөлөрдү жакшы жаттап, кыраат менен окуп калгандыгымдан, Осмонбек ал сүрөөлөрдү эл арасында окуй берүүгө уруксат кылды. «Кайсы молдодон окугансың?» деп сурашса: «Осмонбек молдодон окугамын!» деп айтуумду эскертти. Бирок мен антип айтпаска тырышчумун.



Эл жайлоодо болучу. Көкөм Боомдон келген. Эл эт жеп болгондон кийин, атам арбактарга арнап куран окуп коюуну сурап, молдону карады. Молдо куранды өзү окубай, мага окутмак болду. Көпчүлүк арасында сүрөө окуй элек болчумун. Бир аз сүрдөй түштүм да, баягы сүрөөнү, баягы кыраат менен окуй баштадым. Үй толгон эл жымжырт. Атамдын муруттары эрбеңдеп, көзүнөн жаш келди. Сүрөө бүтүп бата кылынгандан кийин, топучан, бешмантчан отурган Көкөм ордунан тура калып, мени кучактай, бетимден өөп, жалбарынды:

— Балакетиңди алайыным! Чоңоюп, молдо болгонуң, адам болгонуң ушу! — деди, аябай эркелетип. Атам кубанганынан молдого бир соолук кой берсе керек эле. Эски, караңгы кишилердин айтары, кылары ошол болучу. Көкөм менин келечегимден үмүт кылып, ого бетер жакшы көрүп калды. Бирок мен молдонун жоругун, курандын сүрөөлөрүн ойлоп жүрөгүм зырп этчү болду.

Менин динге көңүлсүздүгүмдү ого бетер тереңдетип, молдолуктан четтеткен Сакебай уста болгон. Сакебай агабыз раматылык кат таанбаган, тубаса жыгач усталык чеберчилиги, таман-акы, маңдай тери менен мал тапкан, жатып ичер жалкоолорду, молдо-эшендерди жек көргөн киши болучу. Анын мага төмөнкүчө айткан акылы али да эсимде:

«Мүсүралы, сен молдолукка кызыкпай эле кой! — деген Сакем, үшкү менен жыгач чөмүчтүн ичин оюп отуруп.— Молдолук жерге кирсин! Ач көз, арам тамак, жегичтердин өзү молдолор, эшендер. Элди алдап, бекер оокат табыш үчүн динди, намаз, куранды. «ушур», «зекетти» чыгарып жүргөндөр да молдолор. Копобайлар молдолордун зулумдугуна түшүнүшпөй, беш убак намаз окушуп, орозо кармап, акыры сени да молдо кылгылары келет. Бул жөнүндө оюмду айтсам мени жемелеп коюшту. Жемелешсе, жемелешсин. Баары бир динге, молдолорго каршымын. Намаз окумак турсун, орозо да кармабаймын. Беш убак намазын үзбөй жүргөн Копобай деле бир, мен деле бир. Кыргыздар ата-бабабыздан бери дин, куран дегенди билбей эле жүрүп, оокат кылып келгенбиз.

Бий менен старчындар эми «чөп ооз» дегенди чыгарып алышты. Бул дагы элдин канын соруунун бир түрү. «Чөп ооз», «зекет», «Ушур» төлөбөсөң тозокко түшөсүң» дешет молдолор. Түшсө тозокко мен түшөйүн. «Тозок» элди коркутуунун айласы. Айтор, «Ушур», «Зекет», «Чөп ооз» төлөбөймүн! Атасынын башы! Мен чекемден теримди агызып, балта чаап, мал тапсам, анан малымды зулум молдо бекер жесе! Тапкан экен, май талканды. Молдо бейишке чыкса, мен тозокко түшөмүн. Молдо тозокко түшсө, мен бейишке чыгамын. Аларга, динге берер жообум ушул!

Тил ал, Мүсүралы! Молдолордун куранын, чаар китебин жаттап, башыңды чиритпей эле кой! Окусаң да молдолуктан башка окуудан оку, молдолуктун кереги ташка. Андан көрө, Нурлан экөөңөргө мен балта чаап, карагай тилгенди үйрөтөйүн. Силерге ушул кесип оң. Адал эмгек, ак ниетиңер менен мал таап, оокат кылууга үйрөнгүлө!» деген Сакем маркум.

Эми ойлосом Сакебай уста анык динсиз, жаткан акылман киши

экен. Сакем ушул заманга туш келип калса, чыныгы большевик болмок. Калп айтып эмне кылайын, Сакемдин ушул ою, ушул акылы мага чоң таасир берип, абдан ойлонткон. Диндин, молдолордун жоругун ого бетер жаман көрүп калгамын. Көкөмдүн Токмок шаарына алпарып: «Ногойчо, түркчө, орусча окутамын!» дегенине көңүлүм уюган. Сакемдин да: «Окусаң да, молдолуктан башка эле окуудан оку!» — деп айтканы да эсимде калган.

## III

1907-жылы Көкөмдүн далалаты менен Токмок шаарындагы № 8 татар мектебине өттүм. Кубанычымдын чеги жок. Көкөм андан бетер: «Мына эми ногой мектебине өттүң. Анык окууну, билимди ушундан аласың!» — деди. Токмок шаары, андагы заңгыраган татар мектеби, билимдүү, маданияттуу татар, өзбек мугалимдер, жазуу, эсеп, тарых, география өңдүү сабактар, шаарда өсүп, окуп жатышкан өзбек, татар, казак балдар чөйрөсү мага өтө чоң таасир берди. Бөлөкчө жосун көрсөтүп, билимимди гана эмес, зээнимди, көңүлүмдү көтөрдү. Адепке, тартипке, жорук-жосунга үйрөндүм. Мектептин өзүнөн да окуу куралдары: парта, доска, китеп, дептер, калем, сыя мени кандайдыр кызыктырып, жүрөгүмдү эргитти. Окууга, маданий турмушту үйрөнүүгө көңүлдөнүп, дегдедим!

Төрт жыл бою, 1907-жылдан 1911-жылга чейин, бүткүл Орто Азия боюнча соода-сатык шаары болуп, Кытай, Кыва, Кокондон бери соодагерлер, көпөштөр келип, кайнап турган Токмок шаарында окуп дегендей көптү да көрдүм, эми акыл-эс, ой-жүгүртүүм да башкача. «Эмне үчүн кыргыздар көчмөндүү болуп, артта калганбыз?.. Эмне үчүн кыргыздар отурукташып, кыштактар, шаарлар, мектептер курушкан эмес?.. Эмне үчүн кыргыздын окуусу, жазуусу, мектеби жок?..»— дегендей ой толкундарына чөмүлчү болдум.

1912-жылдан баштап, айылда биринчи жолу бала окута баштадым. Он жетидеги кезим. «Мектебим» туш-тушунан шамал ыркырап турган боз үй... «Партам» сыз жерге калың төшөлгөн таруу саман... Кайдагы калем, кайдагы дептер, эмненин тактасы... Өзүм Токмоктон ала келген татарча «маалим авал» китебин ачып, балдарга «А, Б, Т» деп татар тамгаларын үйрөтөм... Балдар боз үйдө тончон, чокойчон отурушкан менен да, көк муштум болуп үшүшөт... Же ичкен ысык тамактары болсочу... Курсактары ачып, түш ченде көздөрү жашылдана баштайт... Эртең менен үйлөрүнөн жапкан нан, же максым ичип келишкендир?..

Балдарды аяп, кээде эрте таркатып жиберчүмүн. Кайсы бирөөлөрү эшикке чыгып, чоң чокою менен кардан баса албай, күрткүгө тыгылып калышчу... Андайларды колунан жетелеп, өзүм алдына түшүп, чыйыр салып, узатып коёт элем... Аппак кардын үстүндө, ак кагазга кара сыя менен коюлган нокоттой болуп, кичинекей окуучу балдар өз-өз кыштоолоруна баратышканын көрчүмүн...

1914-жылы шаарга барып окуюн десем, ата-энем ыйлап каршы чыгышты. Эжелерим турмушка чыгып кетишкен. Оорулуу иним дүйнөдөн кайтты. Мен эмес улуу бир тууганым үйлөнө элек. Карыган



атама, энеме көбүнчө мен гана каралашам. Анын үстүнө биринчи дүйнөлүк согуш чыгып, ыгым-чыгым көбөйүп, элдин, эл ичинде биздин турмушубуз оордоду. Кийинки, 1915-жылы болсо атам дүйнөдөн кайтты... Айылдагылар, Көкөм аркылуу айттырып, мага дагы бала окуттурмак болушту. Бирок, балдарды окутууга, тарбиялоого абдан көңүлдүүмүн. Анткен менен балдарды боз үйдө окутуудан абдан жадап болдум. Өзүм да, балдар да кыйналчубуз. Мектеп жөнүндө көп ойлоочу болдум. Эптеп каражат таап, мектеп салдыруу көңүлүмдү тартты.

«Каражат тапсам... Мектеп салдырсам... Карагай деги жакын... Сакемдей устам деги бар... Мектеп терезелерине айнек салдырып, меш койдурсам... Балдарды жылуу, жарык бөлмөлөрдө окутуп турсам...» — дегендей ойго батып, уктай албайм. Ал эми кантип каражат табыш керек? Мына ушул маселе жүрөгүмдү мыжыкты. Согуштун кааты али күчтүү. Иштин кызыкчылыгы үчүн бала окутуудан жана башка жактан түшкөн каражаттын баарын мектеп курдурууга, коомго жумшамакчы болдум. Бул оюмду азырынча эч кимге, Көкөмө да айта элекмин.

Ошол учурда айлыбыздагы Чоробай ажы деген абдан малдуу, бай кишинин байбичеси кайтыш болду...

«Молдо Мүсүралы! — деди Чоробай ажы мени чакыртып алып, жыйналган элдин ортосунда отуруп. — Менин байбичем Шаарбанын сөөгүн акыретке сиз гана жеткиресиз. Сизден сурарым куран-катым кылып, аларыңызды шарият жолу менен ала бериңиз!? — деди. Байбичесинин арбагы үчүн ажы малын аябай ушаткысы келип турганына көзүм жетти...

— Ажым, курандын сөзү кудайдын сөзү,— дедим мен да, куранды ачып. — Киши балакатка жеткенден өлгөнгө чейин орозо намазынын казасы үчүн күнүнө 80 байсадан буудай бериши айтылган. Сиздин байбичеңиздин жашы 78 де экен. Шарият боюнча сиз байбичеңиздин дооранына 274 пуд буудай бересиз!.. Сооп жаназага бир ат токутуп, анын үстүнө байбичеге тиешелүү кийим-буюмдарын жүктөтүп бересиз!.. Курандын акысын болсо мен айта албаймын. Себеби, кудайдын куранына баа жетпейт... Куран-катым үчүн берериңизди өзүңүз айтыңыз!?» — дедим, атайылап.

— «Айтканыңыздын баары орундалат, молдом! Ал эми, куран-катым үчүн 12 туу кой алыңыз!» — деди ажым ажардуу жүз менен, үнүн көтөрө сүйлөп. Ошондон кийин, «Шаарба апамдын арбагына арнап» куранды түшүрдүк да калдык...

Андагы «учетум» Талкамбайды чакырып алып, мектеп курдуруу үчүн жыйналган каражатты эсептеп көрдүк. Накта колубузда: 370 пуд буудай, арпа, 12 кой, 2 жылкы, 3 уй чогулуптур...

Мына эми. Көкөмө сырымды айттым. Көкөм мага жалынып-жалбарып, өпкө-жүрөгүн чаап жиберди. «Адам болгонуң ушу, акыл киргени ушул, кагылып кетейиним! Элдин камын ойлогонуңдан айланып кетейин!» — деп Көкөм сүйүнүп, оюмду кубаттаганы али эсимде.

Эртеси эле бир кой союп, айылдагы аксакалдарды, билермандарды чакырып, Көкөм маслыкат кылды.




Авиомоделисттердин республикалык биринчи мелдеши, 1954-жыл

1916-жылдын жазы болучу... Сөздү мен баштадым. Көкөм «председатель» катарында жанымда отурат. Баарын арданта сүйлөп, балдарды окутуш, тарбиялаш үчүн мектеп керектигин, аны курууга каражат өзүмдө бардыгын, бирок, керектүү материалдарды даярдап, мектепти курдуруп берүүлөрүн сурадым. Канча каражат бардыгын айтып бердим. Баары дуу этип, дүүлүгө түшүштү. Арыкбай Эшимбек уулу дегенибиз адегенде сөз алып:

— Жаш бала, Мусуралы элдин камын ойлоп, биздин балдарыбызды окутууга дилгирденип, өз каражатын берип жатканда, биз кантип карап турабыз! Мен мунун аракетине, оюна абдан ыраазы болуп, толук кубаттаймын. Ошону менен бирге мектептин карагайларын бекер ташытып берүүгө убада беремин!» — деди. Казакбай Токтосун уулу деген билерман, бышык жигитибиз да обдула калып:

— Мектепке керектүү карагайларды тилдирип, тактайга айландырып берүү милдетин мен алайын! — деп, кыйкырып чыкты.

— Деле жакшы болот. Мектеп үчүн тунукени, айнекти, мыкты, акиташты, сырды таап, сатып келүү милдети менин мойнумда болсун!— деп, Сасыкбай демденди. Саманчы Абийир уулу дегенибиз да тура калып:





Ленин атындагы чокуну штурмалоонун алдындагы акыркы лагерь.

— Мусуралынын буудайы менен арпасын «Васильский партиядагы» алыш казган жумушчуларга пудун 40 тыйындан сатып, акча кылып берүүгө мен жоопту болоюн! — деди.

«Сакебай эмне дээр экен? Эгер Сакемдин усталыгы болбосо, башка аракет, материалдар түк керекке жарабайт, мектеп курулбай калат!» — деп күдүктөнүп турганымда, Нурлан деген кичинекей баласын жанына алып четте, көк көзүн жылтыратып отурган Сакебай уста козголду. Баары анын сөзүнө кулак салып калышты.

— Садагаң болоюн Мускем!— деп сөз баштады Сакем.— Шаардан көрүп келип, мектеп курдуруп, балдарды окутам дегени кулагыма кирип, жүрөгүмө жагып, кубандырды! Биздин мектебибиз деле ногойлордукунан кем курулбайт. Сазандын Боромбайы Бел-Сазга курдурган тамдан артык болот. Эмесе, жыгач-ташын даярдап берсеңер, мектепти мен бекер эле куруп берүү милдетин алайын! — деди эле, баары дуу этип, жандана түшүштү. Мен ого бетер сүйүндүм. Көкөм андан бетер сүйүнүп, иниси Сакебайга да жалынып жиберди.

— Мектепти түптөөчү ташты, кумду мен ташытып берейин! — деп, Мусаалы деген агабыз убада берди. Айтор, тууган ынтымагы, бирдиктүүлүк өкүм сүрүп, ар ким өзүнө жараша милдеттенме алышты.

«Жетекчи киши жеңиштүү иштесе, жергелүү эли жемиштүү жардам берет» — дегендей, бир айыл жапа тырмак жардам беришип, бат эле эмгек кайнап кетти. Карагайлуу-Булактан, Сар-Күңгөйдөн карагай, тактайлар өгүз-өгүз болуп, Жошолуу-Сайдын оозуна ташылып келип жатты.

Жайдын күнү, мектептин ордун дөңдөн көрсөтүп бердим. Мусаалы өзү баш болуп, он чакты жигит белдерине ыңырчак, тердик, желдик таңып алышып, мектепти түптөш үчүн сайдан миздүү, кызыл гранит таштарды дөбөгө аркалап ташып жатышты.

Сакем ыраматылык чечинип салып, узун саптуу байтешесин колуна алып, мектептин устундарын шылый-шылый чаап, ишке киришти. Чайыр жыттанган ак чамынды асманга чачырайт...

Ылай ийлөө, шыбак шыбоо үчүн суу керек болду. Сууну ойдон, өзөндөн чакалап ташуу кыйын эле. Мектеп курулушуна чакалап суу ташып үлгүрө алмак эмеспиз. Жошолуу-Сайдан арык чыгарып, боорду кыбалап, курулушка чейин суу алып келүүнү да ойлодум.

Бир күнү жыйырма чакты окуучу балдарды жыйнап алдым. Бир шыргыйдын башына кызыл сайма жоолукту байлап, «туу» тиктим... Бир бош көнөчөк менен көөкөрдү камчы саптай чыбык менен эки балага дүңгүрөтө чаптырып койдум... Токмокто өзбек балдардын барабанын көрүп, үнүн уккамын. Балдар ого бетер көп жыйналышты. Арык казып, мектеп курулушуна суу алып келерибизди айтып, жабдык ала келүүлөрүн дайындадым. Кандайдыр көтөрүлүп, сүйүнгөн, демденген балдар бат эле үйлөрүнөн: күрөк, орок, керки, жуушаң, кыпчуур, темир калак, шамшар алып жетип келишти...

Кызыл желек көтөрүп, «барабанды» дүңгүрөтүп, отуз чакты бала менен Жошолуу-Сайдын өрдөшүн көздөй жөнөп калдык...

— Капырай жапжаш туруп, Мүсүралынын кылып жүргөн ишин карасаң! Мектеп курдуруп, балдарды шаардыкындай тартипке салып, желек көтөрүп, арык каздырганы ээрчитип баратканын карасаң! — дешип, айылдагылар даңаза кылышты.

Ошентип Жошолуу-Сайдын ичинен, каптал боюнча кыбалап, кол арык казып, мектеп курулуп жаткан жерге бат эле суу алып келдик. Жер эңкейиш болгондуктан, жеңдей суу октой атылып, күмүштөй жаркырап, тез эле келди. Курулушка суунун зарылдыгын ойлоп турган Сакебай устанын сүйүнгөнүн айтпа. Мага жалынып-жалбарып келип жатат. Дүйшөмбөй дегенибиз көлчүк жасап, Кер-Табылгынын өрдөшүндөгү бир балчелекчи орустан эки, үч каз алып келип, каркылдатып курулуштун жанына сууга сүздүрүп койду.

— Дөңүнө мектеп курулуп, алыш казылып суу келип, каз-өрдөктөр каркылдап, Бел-Саз, Жошолуу-Сайдын оозу жөн эле шаар болуп кетти го!..— деп бир куудулубуз оюн-чынынан тамашалады. Анда Көкөм раматылык:

— Тамаша да эмес, күлкү да эмес, чынында Жошолуу-Сайдын оозуна садага болоюн Мүсүкемдин демилгеси менен чыныгы турмуш жышанасы кирди! — деп сүйүнгөн эле.

Ошол мектебимдин, ошол арыгымдын орду али да болсо Жошолуу-Сайдын оозунда турат.



Күзгө тарта мектептин керегеси көтөрүлүп, шыбагы шыбалып, чатырчасы шаңкайып туруп калды. Сакем дале жанын үрөп иштеп, мектептин каалгаларын, босоголорун, терезелеринин рамаларын жасап жаткан эле...

Бирок, тилекке каршы, 1916-жылдагы кандуу козголоң чыкты да, калды... Кимди-ким көрдү, бүткүл Кичи-Кемин астын-үстүн болуп кетти... Жарамдуу айгыр, аттар тандалып, жоо-жарактар камдалып, эл казатка аттанды...

— Анда сен Бел-Саз жайлоосунда, биздин үйдө болчусуң, Сатай... Сегиз жашар кезиң эле... Канкулудагы эжем Шааркүл да Кеңорчоктон биздикине айылчылап келип, кайра кете албай калды... Козголоң чыгарын ким билген... Ошондо Шааркүл сени карап алып, бирок, сага угузбай: «Каран күн ай, каран күн... Мен го мен, кенедей Саткындын айласы эмне болот?.. Ата-энеси Боомдо, өзү мында... Оо, кудай, эмне күнгө туш келдик?..» — деп көзүнүн жашын көл кылган эле.

Козголоңдун экинчи күнү биздин айылдагы эр, азаматтар: Дейдинин Абдыкерими, Кулукенин Толубеги, Дайрабайдын Абдраманы Бейшекедеги атышууда окко учушуп, түн ичинде, ойдон тоого атка өңөрүп, өкүрүп алып келишти... Айыл үстү азан-казан, ызы-чуу... А, кудайлап, буркурап ыйлаган катын-бала, кары-жаш...

Эртеси таң эртең менен, окко учкандарды «шеит» дешип, үчөөнү тең кийимдери менен бир мүрзөгө көмдүк да, үркүп Чоң-Кеминди көздөй ызы-чуу түшүп, көчө баштадык... Эки-үч күндөн кийин эле кайра көчүп келгени жүрөбүз... Көрсө, эки кемин элди азап, кайгымуң, кыргын алыска карай сүйрөп бараткан тура...

Чатырынан өөдө шаңкайып көтөрүлүп калган мектебим, үзүгү сыйрылган боз үй кебетеленип журтта, Жошолуу-Сайдын оозунда кала берген... Бир аны, бир окко учкан агаларымдын жаңы бейитин карап, муунум бошоп, көзүмдөн жаш кеткен... Жакында эле ушул эр, азаматтар күпүлдөшүп, тигил журтта калган мектептин карагайларын, таштарын ташышпады беле...

## БИЗДИН КҮНДӨРДӨ

### I

...1917-жылы, кеч күз.

Кытайга чейин үркүп барып, малдан, баштан айрылып, сандалып кайра келип, куу оокаттын айынан ар кайсы жерлерде тентип жүргөн кезибиз... Мен кызыл суудагы эжемдикинде элем. Ошол жылы февраль революциясы жеңип, падыша тактан кулап, убактылуу өкмөт (кош бийлик) өкүм сүрүп жаткан кези тура...

— «Октябрь революциясы жеңди! Большевиктер жеңди! Ленин башында болгон жумушчулар менен дыйкандардын өкмөтү, советтик бийлик түзүлдү!» — деген жаңы, толкундуу кабарды уктук.

Бат эле байлардын, жер ээлеринин, соодагерлердин жер-суулары, үй-мүлктөрү, малдары компискаланып кедей-кембагалдарга, качкын кыргыздарга бериле баштады. Советтик бийлик тарабынан эл агартуу

жумуштарына да абдан көңүл бөлүнүп, мектеп ачып, балдарды окутуп, элдин кат-сабатсыздыгын жойдурууга, жаңы, советтик мугалимдер даярдоого, кызыл үйлөр уюштурууга камынышты. Менин да зээним ойгонуп, жүрөгүм эргип, мектепти, мугалимдикти кайрадан эстедим. Жаңы, советтик мугалимдер даярдоо курстары ачыларын укканда делебем козголду. «Окусам, советтик мугалим болсом!» — деген тилек пайда болду. Али жашмын. Жыйырма бирге гана эми карадым. «Бирок, дини мектептен окупсуң деп, жаңы окууга албай коюшпасын?» — деп чочулап да коём...

1918-жылы жазында, баягы Токмок шаарында «Советтик кызыл мугалимдер» даярдоо курсу ачылып жатканын угуп, атайын бардым. Курстун башчысына чынымды, дилимди жашырбай айттым. «Кандай жооп угар экемин» деп да чочудум.

— Биздин кызыл мугалимдер курсуна нак ушул сендей окуу, жазуу билген жаштар керек! Дини мектептен окуган деп, сени эч ким күнөөлөбөйт. Мен деле дини мектептен окугамын. Андан көрө, курста жакшы окуп, советтик мугалим болуп, балдарды окутуп, элдин кат сабатсыздыгын жоюу үчүн күрөшкүнүң! — деп, мени да курска алышты. Ошондо дүнүйө, асман-жер мага ошончолук кызык көрүнүп кеткен эле.

1918—1919-окуу жылында Кызыл-Сууда биринчи жолу советтик мектепте бала окуттум. Мына ошондон тартып советтик кызыл мугалимдиктин жаркыраган даңгыр жолуна түштүм да кеттим. Ошол жылы үйлөнүп, мугалимдик кесипке биротоло көчтүм. Жолдошум Айныжамалдын кат-сабатсыздыгын да өзүм жойдум. Бир, эки балалуу болгонумда да, үй-тиричилигине абдан каралашып, аялымдын айылдык мектепти бүтүүсүнө жардам бердим. Эки, үч балалуу болгонумда аялым Ташкент шаарында САКУнун алдындагы партиялык курстан окушуна себеп болдум. Кийин экөөбүз тең мугалим катарында Лениндик, Коммунисттик партияга мүчө болуп өттүк.

«Мүсүралы жаңыга биротоло ооп кетти. Аны эми молдо дешке болбойт. Намаз окумак турсун, орозо кармаганды таштаптыр. Ичкени бозо!» — дешип, динчилер менден жерий башташты. «Жерисең жери, билимдүүлүгүңөрдөн ушуну айтып жаткан жоксуңар!» дедим ичимден...

## II

1921—1922-окуу жылында Кичи-Кеминге мектеп ачабыз деп, аракет кыла баштадык. Эл Кытайга чейин үркүп барып, чабылып-чачылып кайра келгенден кийин ачарчылыкка учурап, жакырланып болгон кези эле.

«Чабал өрдөк мурда учат» дегендей окуу жылына эрте камындык. Жыл сайын мугалимдер даярдоо курсунан окумай. Жазга маал болучу. Бүткүл Кичи-Кемин жайылмасынан эски да болсо, мектеп үчүн там таппадык. Айла кеткенден кийин, Кичи-Кемин сайында илгери бир курулган тегирмендин ордундагы эки бөлмөлүү тамдын бузулуп, аңырайган дубалына көзүбүз түштү. «Ушул эски тегирмендин



ордунан түзүгү жок. Эки бөлмөнү ремонттотуп, үстүн жаптырып мектеп кылалык» — дедик. Бирөөнү жалдап, эски тамдын үстүн жаптырып, терезе, эшик салдырдык. «Кичи-Кемин» мектеби болду да калды... «Тегирмендеги мектеп» деп да аташчу болду. Чынында да азыркы Кичи-Кемин орто мектебинин эң алгачкы нускасы ошол болчу. Мектептин директору Садык Төлөгөн уулу жаздын алды менен эски тегирмендин жанына көчүп барып, ишке киришти.

Окуу куралдарынан тыйпылбыз. Жетишкендигибиз эле: эки доска, эки стол, эки орундук, алты скамейка жасаттык. Эки бөлмөгө тең самандан калың төшөтүп, ак тактай скамейкаларды кыдырата койдурдук... Балдар скамейкалардын нары жагында, көгөнгө тизилгендей болуп олтурушат... Жарык кайда, меш кайда. Кыштак, там түгүл, боз үйүбүз жок, сайма алачык, жер кепе, таш короодо жан сактап турганбыз. Кичи-Кеминдин мугалимдеринин көпчүлүгү: Дөөлөталы Келдибек уулу, Садык Төлөгөн уулу, Артыкбай Жолдош уулу, Жамалдин Жумабай уулу Алматыдагы Казинпростун алдында ачылган мугалимдер курсунан окуп келишкен. Артыкбай орусча тилди да, жазууну да билчү. Садык согушка катышып келген, боз шинелчен, шыңга бойлуу, жаш жигит.

Кышында темир меш жаксак, бөлмө түтөп ысып кетет. Мектеп эмес эле кепе сыяктуу болучу. Жошолуу-Сайдын оозуна Сакебай уста курган карагай мектеп эсиме түшүп, атайын барып карасам орду эле калыптыр. Каздырган арыгым болсо боордо, ийрилген кара так болуп жатат...

Ошондогу сабактар: окуу, жазуу, география, эсеп, табият таануу,«шыгыр» жана аскердик окуу үчүн убакыт көп берилген. Анткени, учур ошондой болучу. Жыгачтан: мылтык, кылыч, найза жасаттык. Аскердик окууну Садык өзү өткөрчү. Чокойчон, тончон балдардын колуна жыгач мылтык карматып, «шыгыр» айттырып бастырганда сай жаңырып, эл карап калышчу. Үндөрү жакшы, ыр баштоочуларыбыз Жапар менен Саткын эле. «Шыгыр», декламация, «интернационал» ырын үйрөтүүчү мугалим Артыкбай болучу. «Шыгырлар» ал кезде казак тилинде. «Аргы атам», «Бул заман» деген ырлар катарга жүргөндө ырдалчу эле.

Ошондогу чоң көмөк, «качкын кыргыздар» деп, биздин окуучуларыбызга эндей кызыл, көк кездемелер, аппак кебез берилген. Балдар жаңы көйнөк, жаңы шым, бешмант кийип дегендей тыңып калышты. Эми, катарга тизилишсе да, басышса да түрлөрү башкача. Жыгач мылтыктарды көтөрүп, кызыл көйнөкчөн болуп, туу алып, «шыгыр» айтып, «марш» айношсо эл таң калышчу.

Мектептин ичи-тышына ураан, плакаттар, жол башчыларыбыздын портреттерин кадап салганбыз. Лениндин, Калининдин, Луначарскийдин портреттерине, көбүнчө Лениндин портретине эл таңыркап карашчу. «Азыркы улугубуз ушул Ленин экен го? Кедей-кембагалдарга укук, теңдик бергенине ыракмат! Эч бир падыша эл үчүн, кедей-кембагалдар үчүн мындай камкордук кылган эмес!»—дешчү.

Ошол мектептин бир жагын тешип сахна кылып: «Бай менен малай» деген көшөгөлүү пьеса койгонбуз...

3—3188

Кичи-Кемин жайылмасындагы кедейлерге жер кесилип берилди. Ар ким өзүнчө дүмүрөндөп сокмо там, дубал урушуп, бак-дарак тиккен болуп, биринчи жолу кыштакка орношо башташты. «Эми жакшы мектеп курдурсак экен!» — деген тилектебиз.

## III

Жылдар өтүп, советтик бийлик чыңдалган сайын, чыныгы азаттык, теңдик доорунун жаңы жөрөлгөлөрү жаркырап көрүнө баштаган. Кыргыз элинин, советтик мугалимдердин, кала берсе миңдеген жаш муундардын өмүрүндөгү өтө маанилүү, кубанычтуу учур 1924-жылдын 14-октябры жана 7-ноябры болуп калды. Анткени, ушул жылы, ушул учурда кара кыргыздар өзүнчө Автономиялуу область болуп, РСФСРдын карамагына өткөнбүз. Ошол эле жылы, 7-ноябрда кыргыз элинин өз эне тилиндеги бирден-бир тунгуч басма сөзү «Эркин Тоо» газетасы жарыкка чыккан. Кара кыргыздардын багы биротоло ачылып, тушоосу кесилген. Бул Лениндин улут саясатынын жеңиши эле.

«Эркин Тоо» газетасынын чыгышы менен эл агартуу, окуу, тарбия жумуштарыбыз, ал түгүл жалпы маданиятыбыз өнүгүп өсө баштаган десем жаңылышпаймын. Чынында да «Эркин Тоо» газетасы биринчи эне тил китебибиз, эл менен сүйлөшүп турууучу тилибиз, жаркыраган күзгүбүз болуп калган. Мугалимдер «Эркин Тоо» газетасын окуу китеби катарында бетибизге кармап, андан балдарга окуп берип, жаздырып, кыргыз имласын үйрөтүп, ишибиз жеңилдеген. «Эркин Тоо» газетасы чоңдордун кат сабатсыздыгын жоюуда да эбегейсиз чоң пайда келтирген. «Эркин Тоо» газетасына чейин кыргызча окуу китептери, кыргыз тилинин грамматикасы, ал түгүл так түзүлүп, жолго коюлган тамгасы да жок болчу.

Эсимден чыгып кетпесе, жыйырманчы жылдардын аяк чениндe, араб тамгасынан латын тамгасына көчүп жаткан учурда, латынча кыргыз тамгаларынын такталган, биротоло бекитилген нускасын (клише-сүрөтүн) «Эркин Тоо» газетасынын бетинен көрүп, окуп, таанышканбыз. Буга чейин, Казакстанга кошулуп тургандыгыбыздан, казакча окуу китептеринен, басма сөздөрүнөн пайдаланчубуз. Маселен, Байтурсуновдун «Казак тили» деген китебинен, казакча «Ак жол» газетасынан, казак жазуучулары Сакен Сайфулиндин, Майли уулу Байымбет дегендердин адабий китептерин пайдаланып келгенбиз.

Ал гана дейсиңби, «Эркин Тоо» газетасынын бетинде «Эл агартуу турмушу» деген чоң бөлүм ачылып, анын алдында үзгүлтүксүз жарыяланып турган материалдар аркылуу башка мектептердин, мугалимдердин турмушун, тажрыйбасын үйрөнүп турчубуз. Мектептерде балдарды окутуп, тарбиялоодо «Эркин Тоо» газетасынын дагы бир зор, маанилүү жардамы төмөнкүлөр менен да далилденет. Маселен, «Эркин Тоо» газетасы чыга баштагандан бери, анын беттеринде кыргыз жазуучуларынын ырлары, аңгемелери, жанытмалары чыга баштады. Эми, өз жазуучуларыбыздын чыгармаларынан балдарга жаздырып, үйрөтө баштаганбыз.



Жыйырманчы жылдарда эле «Эркин Тоо» газетасына: Аалы Токомбаев, Сыдык Карачев, Касымалы Баялинов, Мукай Элебаев, Молдогазы Токобаев, Кубанычбек Маликов, Саткын Сасыкбаев, Жума Жамгырчинов ырларын, аңгемелерин, кабарларын, макалаларын дайыма жазып турушчу болгон. Эсимде «Жол-Булак», «Кара-Булак» деген ат (псевдоним) менен «Эркин Тоо» газетасына чоң-чоң макалалар да жазылчу.

Маданий тарыхыбыздын бир түркүмү ушундай болучу. Эми ойлосом кыргыз совет жазуучуларынын, адабиятчыларынын мурунку муундарынын туурдагы уясы, көркөм чыгармалар жазып, машыккан устаканасы «Эркин Тоо» газетасы болгон экен. Кийин жогоруда аттары көрсөтүлгөн жазуучулардын бардыгы дээрлик: Аалы, Сыдык, Мукай, Саткын, Тазабек, Айткулу жана башкалар «Эркин Тоо» газетасынын редакциясында иштеп да калышат.

Кыргызстандын Автономиялуу республикага айланган жылдардан берки эл агартуу иштеринин гана эмес, жалпы экономикасынын, маданиятынын, адабиятынын жана искусствосунун өскөндүгүн, өсүп да жаткандыгын, советтик элдин жетишкендигин санап отурууга менин кудуретим жетпейт. Адам баласы айга барып, анын үстүнө «араба» жүргүзгөн доордун илиминин, маданиятынын, техникалык прогресстин укмуштуу ийгиликтерине мен өңдөнгөн карылардын таң калууга гана чамасы келет. Ошондой болсо да мугалимдик өмүрүмдөгү мектепке байланыштуу дагы бир учурду айта кетпесем болбос.

«Жаңы үнөм саясатынын» күчөп турган кези эле. Үркүп, чабылып-чачылып келген качкын кыргыздар тоюнмак турсун, мурункудай эле мал күтүшүп, боз үй жабдып, там сала башташты. «Аш көп болсо, каада көп» дегендей эски үрп-адаттар, орозо тутуп, беш убак намаз окуу өңдүүлөр кайрадан жандана баштады. Советтик мугалимдер жаңы мектеп курдуруп, балдарды жарык, жылуу класстарда окутуу үчүн аракет кылып жатсак, динчилер динди, эски үрп-адатты күчөтүштү. Боронбай ажы, Токсун ажы дегендерибиз баш болуп, мечит курдуруп, намаздарын үзбөй, мечитке отун-суу камдата турган болушту. Мектепке караганда мечиттин даражасын көтөрүп, таасирин тийгизүүгө аракеттеништи.

Эски тегирмендин ордундагы эки бөлмөлүү, жаман мектепке караганда жакшылап, Үч-Урук кыштагынын орто ченине мектеп курдурууга камындык. Анда Үч-Урук кыштагына бөлүнгөн жерге эл сокмолоп там салып, отурукташып жаткан кез. Мектеп үчүн Самсоновкадагы бир орустан зынч үйдүн жыгачын гана сатып алдык. Бай орустун үч бөлмөлүү чала бүткөн тамы экен. Жыгач устабыз Качкын раматылык. Ага бир орус устаны кошуп бердик. Качкын Сакебай устадан жыгач усталыктын жайын анча-мынча үйрөнүп калган эле. Жогоруда баяндалган, үркүндөн мурдагы мектепти куруп жатканда Сакебай устага жыгач-ташын кармалашып жардамдашкан Качкын болучу.

Мектептин жыгачтарын ташытып келип, аштатып, шыбатып бүтүп, төбөсүн жабуу жумушу гана калды. Анда тунуке, шифер кайда. Убактылуу куурай менен жаптырмак болдук. Бирок, даяр куурайы-

быз да жок. Ал эми динчилердин мечитинин жанында болсо бооланган, киши бою кызыл куурай отун үчүн тоодой болуп жыйналып турат. А биз куурайды отунга турмак мектептин төбөсүн жаптырууга таба албай жатабыз. Ичибиз күйдү.

Каражаты көп, мечити жылуу динчилер беш убак намазды үзбөй кемпир-чалдарды эмес, жаштарды да динге тарткылары келип, таасирин тийгизүүгө абдан умтулушту. Мугалимдер менен динчилер купуя кармашып калдык. Өзүбүзчө кеңешкенбизде, Садык туруп сунуш кылды. «Динчилердин ичи-койнуна кирип, ичинен иритип, ойронун чыгаралык!» — деди. Иштин кызыкчылыгы үчүн амал кылдык. Токмоктогу Алымкан төрөнүн атынан, динчилердин башчысы Боромбай ажы Сазан уулуна кызыл сыя, араб тамгасы менен Копобайдын Мүсүралысын (мурун окуп, дин жолун жакшы билгендиктен) мечитке имам кылып алуу жөнүндө «куш катты» жаздык... Садык араб тамгасы менен келиштирип жазды...

Эки күндөн кийин Боромбай ажы мени үйүнө чакырып алып: «Алымкан төрөнүн каты боюнча сизди ыймандыкка алабыз, Мүсүралы! Бизге келиңиз, шарт түзүп беребиз!» деди. Мен манчыркап туруп макул болдум да: «Мечитке келүүчү жаматтарга айтыңыз эмесе, куран жолуна көнүп, менин тилим менен жүрүшсүн!» —дедим... «Бул жагын мага коюңуз!?— деп Боромбай ажы убада берди. Биринчи эле күнү динчилер мага белдерин бүгүп, колдорун куушурушуп, молдокелеп калышты. Аларды намазга жакшылап жыгып, куранга абдан тойгуздум... Мектеп жөнүндө болсо: «Мечиттин, намаздын сообун тиги дүйнөгө барганда көрөсүңөр! Мектепте болсо, бул жарык дүйнөдө балдарыңар окуп, кат таанып, билимдүү болуп өздөрүн да, силерди да жакшы турмушта багышат. Ошондуктан, мектепке жардамыңарды аябагыла!» — дедим.

— Эмне айтарыңыз бар, молдоке? Мектепке кандайча жардам берелик? — деп, Боромбай ажы сурап калды.

— Мектептин азырынча төбөсүн жабыш үчүн 7000 боо куурай керек! Андан башка керектөөлөр үчүн 15 пуд буудай, 5 кой керек?— дедим. Боромбай макул болуп, «берелик!» дегенден кийин, мечитте олтургандардын баары бир оздон макул болушту.

Бат эле мектептин жанына бооланган кызыл куурай жыйылып кетти...

...Буудай да, койлор да жеткирилди. Мектептин төбөсү жабылып, тийиштүү окуу куралдарын алып, окууну убактысында баштадык.

Максатым орундалгандан кийин мечиттен баса бердим... Кийин Боромбай жана башка динчилер Алымкан төрөдөн кат жазылгандыгы жалгандыгын билип калышып: «Маалимдердин кылган амалы тура! Мүсүралы биздин арабызда эки ай «шпион» болуп жүргөн турбайбы!» — дешип мени жаман көздөрү менен карап калышты. Ошондон кийин, мечитти бат эле артелдин темир устаканасына айландырдык.

Кийинки жылы мектептин төбөсүндөгү куурайды сыйыртып таштап, тунуке менен жаптырып, кызыл сыр менен сырдаттык. Ошондон кийин «Кызыл школ» аталды да калды. Бир кезде кызыл школдун



класстарынан окуп, мойтоңдоп жүргөн окуучуларыбыз: Жапар, Болот, Саткын, Жумакасым, Майыш, Тазабек, Султангазы жана башкалар Москва, Ташкент, Алма-Ата жана башка ичкерки шаарларда окуп, адам болуп кетишти.

Болот Юнусалиев окуп, жөн гана маданий кызматкер болмок турсун, чоң окумуштуу, эл агартуу министри болуп да турду. «Кызыл школ» мектебинин директору улам которулуп, мектеп да эскирип, класстары жетишпей, жаңы шартка ылайыксыз болуп калды. Завуч, директор катарында мурункулардан мен гана иштеп калсам керек эле. Күндөрдүн биринде Фрунзеге барып Болот Юнусалиевдин кабыл алуусунда болдум. Кичи-Кеминге жаңы орто мектеп куруу жөнүндө маселе койдум.

Мурунку шакиртим Болот Мураталиевич мени ошончолук урматтап, кичипейилдик менен кабыл алып, койгон маселемди эң туура, учурдуу деп эсептеп тез, олуттуу чечти. Ошондо мартабам артылып, канатым жетилгенсип, эмгегим кайткандай болуп, чексиз кубанган элем. Кечээ күнкү өзүм окуткан топойгон, кичинекей сары бала бүгүн окумуштуу министр болуп, мамлекеттик ишти чечип отурганына кубангамын.

Бат эле мектеп курдуруучу долбоорчулар, куруучулар, курулуш материалдары жеткирилип келип калды. «Мектеп-интернаттын ордун көрсөтүңүз Копобаев! Кайсы жерге курабыз?» — дешип, куруучу инженерлер шаштырышты. «Эй, Мүсүралы! Курулуш материалдарын кайда түшүрөбүз?» дешип, шоферлор бир жагынан кыйкырышты. Кубанып, шаштым кетип, алдастайм. Ичимден кайра-кайра Болотко жалбарынам.

Интернат корпусу бир бөлөк болуп, он чакты класстары жаркыраган, төбөсү ак шифер менен жабылган Кичи-Кемин орто мектеби бүткүл Үч-Урук кыштагынын көркү сыяктанып, заңгырап орноду да калды. Эми, аны «Ак школ» дечү болдук. «Кызыл школ» болсо кыйын-кезең күндөрдүн керези өңдөнүп, ал кезде ордунда туруучу. Кийин буздуруп, жыгачын отун кылып, жагып алышты...

Күндөрдүн биринде министр Болот Юнусалиев жаркыраган «Зис» машинасына түшүп Кичи-Кеминге келип, өзүнүн камкордугу, мамлекеттин каражаты менен курдурулган жаңы мектепти, «Ак школду» көрдү. Бардык класстарды, интернат корпусун, директор, завуч кабинеттеринен өйдө кыдырып чыгып, «Жаңы мектебиңиз куттуу болсун, Молдоке! Эң жакшы мектеп болуптур. Мурдагыдай эле талыкпай иштей бериңиз!?» — деп, Болот колумду кысып, көңүлүмдү ого бетер көтөргөн эле...

Өз өлкөмдүн тең укуктуу көп эмгекчилеринин бири, коммунист катарында мен да эли-журтум, советтик бийлик үчүн, Коммунисттик партиябыз үчүн, эл катары эмгек сиңирдим. Партия менен өкмөтүбүз менин эмгегимди да баалап, коммунист-мугалим катарында Ленин ордени менен сыйлады. Эмгек сиңирген эл мугалими деген ардактуу наам берди. Төшүмө «Эл агартуунун отличниги» деген белгини да такты. «1941—1945-жылдардагы Улуу Ата мекендик согуштагы каармандыгы үчүн» медалы менен сыйлангам. В. И. Лениндин 100 жыл-

дыгына байланыштуу Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалын ыйгарышкан. Кыргыз элине, мугалимдерге, менин мурунку жүздөгөн окуучуларыма, Кыргыз ССРи менен Кыргызстан Компартиясынын 50 жылдык тою өткөрүлүүчү 1974-жылы да эмгектеги зор ийгиликтерге ээ болууларына тилектешмин!

Мектеп, өзүм, окуучуларым жөнүндө, өткөн жана азыркы доор боюнча ушуларды гана айткым келген эле,— дейт Мүсүралы Копобай уулу карыя.

*ЖАПАР СААТОВ*

*журналист*

# ӨЧПӨС ИЗ

*(ОЧЕРК)*

«Эч ким, эч нерсе унутулбайт!»

Советтик басмаларга өтө көп жарыяланып жүргөн мына ушул гумандуу, кереметтүү сөздү окуганымда, менин көз алдыма жаш Совет өкмөтүн чыңдоо үчүн, эркиндик, теңдик, адамзаттын бак-таалайы үчүн жанын да, канын да аябаган улуу муундардын айбаттуу элеси тартылат.

Ооба, алар аз эмес. Кээси биз менен түбөлүк кош айтышып кетсе да, анын эрдиги, биздин бак-таалайбыз үчүн арнаган гүлгүн өмүрү жүрөгүбүздүн тереңинде... Ал эми айрымдарын биз дайыма көрүп, а тургай жанынан өтүп, кээде бетме-бет кезигише калып жүрсөк да анын кандай адам экендигин анчалык элес албайбыз.

Анын сыңарындай мына ошол кишилердин көпчүлүгүнүн өңү мага тааныш адамдар. Алардын айрымдарын мен Москвада, жооптуу пост-

то иштеп турганда жолуктурсам, кээсин асемдүү жыйындарда ардактуу президиумда отурганын көргөм. Бирок чынын айтуу керек, алардын басып өткөн даңктуу жолун билген эмесмин. Качан гана алардын «өмүр баянына» сүңгүп кирип, сиңирген эмгектерин айгинелеген баалуу документтер менен таанышып, ошол жылдарда жарыяланган газета-журналдарды окуп отуруп анан ушул эскерүүнү жазууга туура келди.

Бул ой — баарыдан мурда, «биздин республикада Кызыл Армиянын улуттук аскердик бирикмеси качан түзүлгөн», «анын алгачкы барчындары кимдер болгон», «ага ким командалык кылган», «алар басмачылар менен кандайча салгылашкан», «ошол адамдар барбы же жокпу» деген ар кимди кызыктыруучу суроолордон улам келип чыкты.

...Анан архивди аңтара баштадык.

— 1925-жыл эле. Республикада Кызыл Армиянын улуттук аскердик бирикмесинин түзүлө башташы — кыргыз элинин турмушундагы эң зор тарыхый окуялардын бири болду. Анткени, жаңыдан телчигип келе жаткан жаш совет өкмөтүнө бир жагынан аябай куралданган чет өлкөлүк интервенттер тиштерин кайраса, экинчи жагынан ички душмандар каршылык көрсөтүшүп, дымын чыгарбай муунтуп жок кылмакчы болушкан.

Кыргызстанда да абал оор эле. Элдин көпчүлүгүнүн көзү туюк, караңгы. Алар совет бийлигинин саясатына али терең түшүнүшө элек болучу. Мына ушундан пайдаланышкан тап душмандары элди тескери үндөп, советтик активисттерди мыкачылык менен өлтүрүп кетишип, катуу каршылык көрсөтүп жатышты.

Тап душмандары жана ак гвардиячылар колдорунда куралы жок кедей-кембагалдарды буйдамга келтирбей чайнап салабыз деп турганда, кыргыздын улуттук кавалериялык дивизиону түзүлүп калды. Аны адеп түзүүдө, боордош орус элинин өкүлү, азыркы отставкадагы полковник, өкмөттүк жогорку сыйлык — кырк орден менен медалга татыктуу болгон эски большевик Василий Александрович Калачев зор эмгек сиңирген.

Тал чыбыктай солкулдаган жаштар жаңыдан түзүлгөн кыргыздын кавалериялык улуттук эскадронуна ар кайсы аймактардан агылып келип жатканда, В. А. Калачев дивизиондун командири эле. Василий Александрович буга чейин ак гвардиячы Анненковдун бандаларын жок кылууга активдүү катышып, большевиктик зор сыноолордон өткөн. Далай жоопкерчиликтүү операцияларга жетекчилик кылып, кызыл командир деген аскердик ардактуу наам алган. Ал советтик улуу полководец Михаил Васильевич Фрунзе менен жолугушуп, далай маанилүү тапшырмаларды аткарып келген. Жолдош Калачев эскадрондун командири, чалгындоо полкунун начальниги болуп иштеп, боордош Өзбекстандын Гузар, Бухара, Бахризиб, Чарджоу жана башка территорияларындагы басмачылардын уюктарын талкалоого катышкан.

Андан кийин биздин республикага келип, Коммунисттик партия менен Совет өкмөтүнүн көрсөтмөсү боюнча Жумушчу-дыйкан Кызыл Армиясынын Кыргызстандагы улуттук бирикмесин түзө баштаган.



Анда жүргүзгөн көрүнүктүү иштери үчүн Кызыл Армиянын он жылдыгында ага күжүрмөн Кызыл Туу ордени тапшырылып, аскер ат сыйлыкка берилген.

«Диктатор» деп коюучу сыйлыкка алынган ошол атты дивизиондун командири далай жолу төрт аягын түйлатып манежге минип чыгып, катарга тизилген кыргыз солдаттарынын саясий жана күжүрмөн даярдыктарын текшере турган.

Мурда солдат деген эмне экендигин жакшы билишпеген жана колуна курал алып көрбөгөн кыргыз жаштары үчүн улуттук бул эскадрон — саясий жана аскердик такшалуунун күжүрмөн мектеби болду. Алар бул жерден мылтыкты кантип атып, кылычты кандай чабуунун жана согуштук татаал тактиканын жол-жобосун гана үйрөнүшпөстөн, ошону менен бирге, өздөрүнүн саясий деңгээлин көтөрүшүп, тап душмандар менен кандайча күрөш жүргүзүүнү да жакшы өздөштүрүп чыгышты.

«Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» дегендей, дивизиондун командирлери отто туулуп, күрөштө такшалган чыныгы большевиктер болгондуктан, өз кадрларын кыраан барчындай алгыр кылып тарбиялай алышты. Мына ошолордун ичинде Андрей Григорьевич Цейер, Осмон Лайлиев, Кадыркул Качкеев, Усман Ильмуратов, Антон Викторович Маргайтес, Орозалы Саралинов, Абдыкерим Рысбаев, Иса Осмонов, Байдулда Даскенов, Асан Алиев, Мухамед Нургазиев, Болот Мукашев, Болот Күзөнбаев сыяктуу ар улуттан ажырагыс болуп кошулушкан каны да, жаны да бирге көп азаматтар бар эле.

Алар коллективдештирүү үчүн күрөшкө өзүлөрүнүн зор үлүштөрүн кошушуп, жаш совет бийлигине кастарын тигишкен тап душмандардын жана далай баш кесер басмачыларды жер менен жексен кылышкан. Бул жөнүндө көп китептер, эскерүүлөр жана макалалар чыкты. Алардын ичинде 1929-жылдан бери КПССтин мүчөсү, отставкадагы майор, бир нече китептердин автору Осмон Лайлиевдин эскерүүлөрү да бар. Жолдош Лайлиевдин жарыкка чыккан чыгармалары ошол кезде уюшулган кыргыздын тунгуч эскадронунун турмушунан жана анын күжүрмөн штабынын жүргүзгөн иштеринен кеңири баян берет.

Ошондой болсо да, оперативдүү отряддын начальниги Андрей Григорьевич Цейер, начальниктин орунбасары Байдулда Даскенов, отряддын комиссары Болот Күзөнбаев, отряддын старшинасы Кадыркул Качкеев, взводдун командири Болот Мукашев, анын жардамчысы Осмон Лайлиев, күжүрмөн участканын начальниги Антон Викторович Маргайтес жана башка жолдоштор катышкан бир салгылашууну баяндай кетүү өтө мүнөздүү.

...1929-жылдын күз айлары эле. Орто Азиялык согуш округунан «Чаткалдан чыккан басмачыларды жок кылуу керек» деген приказ алынды. Булар—Касансайдан чыккан Мадымар датка, шакафтардык Стамбек кор башы, дин исламдын тирүү кудайы Насыркан төрөнүн баш кесерлери эле. Алар көп кол курап, Чаткал менен Намангандын ортосунда аябай сайран курушуп, Жаңы-Базар, Кызыл-Жарды, Афлатунга чейин басып алышып, анан Ташкентке кол салмакчы болушкан.

Кыш кирди. Жайды жайлата жапайы айбандарча кокту-колотко, тоо-ташка жашынып, колдоруна эмне тийсе ошону тоноп алышып, далай адамдардын көз жашына жана кан сабилине калган кара ниеттер тоодон түшүп, Иринжит деген кыштакка баш калкалашат. Буга чейин кызылдар аларды басып алган жерлеринен улам чегинтип отуруп, азыркы Жаңы-Жол районунун аймагына сүрүп ташташкан эле. Иринжит кыштагы да мына ушул райондун территориясында. Басмачылар элдин малын каалашынча тоноп жешип, айыл активистерин мыкачылык менен кыйнап өлтүрүшүп, боюнда бар аялдардын ичин жарышып, укмуштуу шумдуктарды жасашкан.

Оперативдүү отряддын начальниги А. Г. Цейер, Иринжитте бугуп жаткан басмачыларды чалгындап келүү үчүн он жети милиция, жыйырма эки солдатты үч пулемету жана башка каруу жабдыктары менен кошуп берип, Осмон Лайлиевди жиберет.

Жолдош Лайлиевдин чалгынчылары түн жамынып, кыштакка жакындашат. Тандалып алынып, алдыга жөнөтүлгөн үч кишинин негизги максаты душмандын кай жерде жатканын, канча күчү бар экендигин билип келүү эле. Таң сөгүлүп бараткан. Айлана бүдөмүк караңгы. Жакын жерден эч нерсе таанылбайт. Үчөө бирде бүжүңдөп чуркап, бирде айланасын аярлап тура калып, шырп алдырбай, алга жылып баратышты. Бир оокумда мылтыктын үнү тарс эте түшүп, октор чуулдап эле калды. Көрсө булар — душмандын алдыңкы чекте аңдып жаткан анча-мынча гана бөлүктөрү экен. Алардын негизги күчү кыштактан бир километрче ары бугуп жаткандыгы кийин гана белгилүү болот.

Оперативдүү отряддын начальниги А. Г. Цейерге кабар жеткирүү үчүн ошол замат атайын киши чаптырылып, взводдун командиринин жардамчысы Осмон Лайлиевдин карамагындагы кызылдар душман менен беттешип калышты. Пулеметчулар өздөрүнө тийиштүү позицияларын ээлешип, душман тараптан ок чыккан жерди аябай аткылап калышты. Бир аздан кийин ок сейрек-сейрек чыгып, басмачылардын артка чегинип бараткандыгы байкалды.

Кызылдар кыштакка кирип барышты. Бул учурда таң аппак атып, жерге жарык кирип калган эле.

— Басмачылардын алдыңкы чекте жаткандарын атышып улам сүрүп отуруп, кыштактын башына чыгып кетиптирбиз. Алар алды-артын карабай качып беришти. Бирок мында бир сыр бар экен,— дейт азыркы отставкадагы майор жолдош Лайлиев, ошол салгылашууну күнү бүгүнкүдөй эскерип.— Кыштактын баш жагындагы музун чагып ичүү үчүн атайын тоңдурулуп коюлган көлмөчөгө жеттик. Анын тегереги бак. Айлана жымжырт. Дөбөчөдө бир үймөк турат. Мына ошонун үстүнө чыга калып, дүрбү салдым. Бул жер адыр-адырлуу болуп, кокту-колоттуу келет. Кокусунан эле бир чоң коктуда тизилип турган басмачыларды көрүп калдым. Алардын ар биринин башында ак селде. Аттарына өбөктөшүп, кыбыланы карай, күү-күү этип, алакандарын жая, кудайга жалынып-жалбарып жатышат. Кокус биз, тиги качып берген анча-мынча басмачылардын артынан кууп жөнөсөк, алар капысынан чыга калып, бизди курчап калышмак



тура. Эт-бетиме карабай, үймөктөн сыйгаланып түштүм да, бир кишини отряддын начальниги А. Г. Цейерге дагы чаптырып, калгандарын өз позицияларын дароо ээлөөгө команда бердим.

— Пулеметту тез орноткула. Ок... Тезирээк ок алып келгиле.

Аты эсимде калбаптыр, арт жакта жүргөн Өмүралиев деген жигит антаңдап шашып, сегиз дисканы көтөрө чуркап, алдындагы короону айлана бергенде, мылтыктын үнү тарс эте түштү да, жигитим кулап кетти. Дискалар колунан ыргып, ылдый тоголонду. Басмачылардын бир тобу короонун ичинде жашырынып калганын биз билбеппиз да. Мындай учурда секунда кымбат. Ойлонуп турбай, дароо аракеттенүү керек. Күйүп жарылуучу бөтөлкө гранатаны алдым да, эмгектеп дубалдын түбү менен барып, алар жашырынган кепенин терезесине жеткенде ыргытып жиберип, ылай-сылайды билбей, арыктын ичине кулап түштүм. Граната жарылып, кепени асманга бүркүп таштады. Ошондон кийин эч кимдин дымы чыкпай калды.

Бактыга жараша, Өмүралиевим өлбөптүр. Ок мойнун жанып өтүптүр, жеңил жарадар болгон экен. Дисканы тердирип алып, үч пулемет, бир нече мылтык аркылуу залп менен атууга команда бердим. Коктуну көздөй ок жамгырдай жаап, чаң ызгып эле калды... Ошонун оро-парасынан карасам, басмачылар тим эле кара таан. Күтүлбөгөн соккуга бүлүк түшүшүп, кай жакка качышаарын билбей, уйгу-туйгу, будуң-чаң...

Атка минип, атака коюуга команда бердим. Бул жерден да бир жаңылыштык кетириптирмин. Көрсө, так ушундай учурду күтүп, бир топ басмачы атайын даярданып турушкан экен. Пулеметтон атууга үлгүртпөй, алар бизди бир капшыттан качырып сала беришти... Бактыбыз бар экен. Аңгыча А. Г. Цейер жетекчилик кылган кызылдар атака коюп кирип келип калбаспы. Басмачылардын кыйсыпыр болгонун мына ошондо көрүп ал. А. Г. Цейердин отряддары бир нечеге бөлүнүшүп (бир взводдун командири Болот Мукашев эле), душманды оң жагынан да, сол жагынан да, алдынан да торгоп алып, кысып отурушуп, аябай майкандашты. Алардын көпчүлүгү колго тирүүлөй түшүрүлдү. Мына ушул операция менен Фергана өрөөнүндөгү ири басмачылардын уюктары тыптыйпыл болуп, баштарын кайра көтөрө алышкан жок.

...Айтып отурса, мындай салгылашуулардын нечени болуп, кыргыздын, орустун, казактын жана башка боордош улуттардын көп жигиттери совет бийлиги жана эл бактысы үчүн өздөрүнүн кырчын өмүрлөрүн беришкен. Мына ошолордун бири — отставкадагы полковник В. А. Калачев. Азыр ал Москвада турат, аскердик-патриоттук темада жазылган бир нече китептин автору, 1970-жылы Кыргызстанга келип кеткен. Отставкадагы майор, бир нече эскерүүлөрү чыккан Осмон Лайлиев жана Кадыркул Качкеев, Усман Ильмуратов. Орозалы Саралинов, Абдыкерим Рысбаев, Иса Осмонов сыяктуу тунгуч ветерандар Фрунзе шаарында жашашат.

Баса, кырчын өмүр демекчи, а кезде бул эл урматына ээ болгон адамдардын алды жыйырма беш жаш куракта эле. Бирок, өздөрүнүн укум өмүрүн текке өткөрүшпөй, нечен жылдарга татырлык иш кы-

ла билишти. Алсак, Осмон Лайлиев 1921-жылы ВЛКСМдын катарына өтүп, өзүнүн туулуп өскөн жери — Чүй районундагы Кең-Булуң селосунда комсомол ячейкасынын секретары болуп иштеген. Мансапкорчулукка, уруучулдукка, эки аял алууга, жаш кыздарды калыңга сатууга, бай-манаптардын ар кандай кылык-жоруктарын ачууга активдүү катышып, анан Кызыл Аскерге өз ыктыяры менен өткөн.

Алардын тунгуч командири Василий Александрович Калачевдин да чытырап турган кези эле. Осмон Лайлиев экөө 1928-жылы ажырашып, кырк эки жылдан кийин гана дидарлашкан. Анткени, Василий Александрович 1970-жылы Фрунзеге келип кеткен болучу. Мына ошол жылдын үчүнчү апрелинде жарыкка чыккан «Советская Киргизия» газетасында отставкадагы полковник, согуш ветераны В. А. Калачевдун сүрөтү жарыяланган. Ал Жалал-Абаддагы жаштардын арасында отурат, көкүрөгү орден-медалдарга толгон, көөдөнү керилип, кайраттуу муруту чыйралып, кайра жашарып бараткан сыяктуу.

Ооба, анын жаш кези Кыргызстанда, басмачыларга каршы катуу салгылашуу менен өтүп өз боордоштору менен бирге өмүр бою өчпөй турган унутулгус из калтырды. Кыргызстандын комсомолдору жана жаштары ал изди ичи бузук душмандарга бастырбай, өтө ыйык сакташат.

*А. ЧЕБУРАШКИН*

*гвардиянын запастагы полковниги, армиянын жана комсомолдун ветерандар советинин председатели, СССР журналисттер союзунун мүчөсү*

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН БААТЫР УУЛУ

Горький областынын аймагында жаңы дивизия түзүлүп, ага Белоруссия жеринде душманга каршы салгылашууга буйрук берилди.

1942-жылдын апрель айынын жаандуу күндөрүнүн биринде 9-ротага жаңы жоокерлер келип кошулду. Алибеттүү, кең далылуу, күчтүү 12 жигит колуна жаңыдан курал алышты. Ротанын командири лейтенант Антонов жаңы келген аскерлерди бир катарга тизип, алар менен кең-кесири таанышa баштады. Тизилип турган жоокерлердин оң жагындагы четкисине жеткенде кара торусунан келген жигит Чолпонбай Түлөбердиев экендигин жана ал алыскы Кыргызстандан келгендигин айтты.

— Салгылашууга мурда катышкан эмесмин. Колума биринчи жолу курал алып олтурам,—деди Чолпонбай.



Кыргызстандын биринчи авиаторлору, 1936-жыл.

Ооба, жаңыдан келген жаш комсомолецтер согушту, мылтыктын атылган үндөрүн көрүшкөн да, угушкан да эмес. Алардын арасында жараттан жаңыдан гана дарыланып, госпиталдан чыккан Горький шаарынын жашоочусу сержант Иван Захарин да бар болчу.

Жаңы жоокерлер жуунуп, курал-жарак алып, тамак ичип эс алышты. Эртеси таң ата электе полктун комсомолдук уюмунун секретары Сергей Чулимов келип, чалгынга 3—4 адам керек деп билдирди. Чалгынчыларга тайманбаган, күчтүү жана эр жүрөк адамдар талап кылынгандыктан, комсомол уюмунун секретары 9-ротадан Мамед Сафаровду, Иван Захарин менен Салион Сафаряндарды тандап алды. Бул жоокерлер мурда да чалгынчылык ишке катышып, бир канча жолу «тил» кармап келишкен. Чолпонбай чалгынчыларга «мен да кошулам» деп чыкты. Бирок, секретарь Чуликов:

— Сен жаңыдан келбедиңби! Чалгынчылыкты мурда башыңдан өткөрбөгөн соң, өзүң колго түшүп калышың мүмкүн. Азырынча ашыкпай коё тур. Жоокердик милдетти өтөөгө али үлгүрөсүң,—деди. Бирок, Чолпонбай, Иван Захаринге бир көргөндөн эле жагып калса керек. Ал секретарды Түлөбердиевди кошуп берүүнү өтүндү. Чолпонбай улуу жолдошунун ишенимин ошол эле күнү актады. Ал өзү





385-фрунзелик пехоталык дивизия фронтко жөнөп жатат, 1941-жыл.

жалгыз «тил» кармады. Бул жаш жоокердин кайратына-кайрат, күчүнө-күч кошкон мүнөттөр эле.

Күн батып, жоокерлер эс алууга жаңыдан гана жатканда немецтик замбиректер биздин жоокерлер жаткан чектерге ок ата башташты. Күрү-күү түшүп, жер жарылчудай дүңгүрөп, каракчылар кумурскадай жайнап кирип да келишти. Аларды каршы алууга туура келди. Аба күйгөн эт жыттанып, адамдын кускусун келтирет. Чолпонбай алдыңкы траншеялардын биринде обочо дөңчөдө жаткан эле. Бир оокумда каракчылардын үч аскери аны качырып сала беришти. Бирок, кыргыз жигит эч апкаарыбастан, автоматын алдыга сунуп, алардын жакын келишин күтүп, немецтер чукул кирип келгенде гана ок чыгарды. Тигил үчөө жыгылгандай болду. Ушул учурда автоматтын ичиндеги октор түгөнүп, атууга мүмкүндүк болбой калды. Бойлуу, карылуу бир фашист Чолпонбайдын жанына секирип түшүп:

— Хенде хох!— Колуңду көтөр!— деп буюрду. Жоокер кол көтөрбөй, автоматын өйдө көтөрүп, кундагы менен фашистти сырайта чапты. Ошол эле учурда траншеянын үстүндө дагы немецтер

пайда болду. Алар төмөнкү чуңкурда эмне болуп жатканын билбей үстүнөн ок атып жатышты.

— Коркпо, Чолпонбай, мен мындамын,— деп кыйкырган Захариндин үнү угулду. Үндүн соңунан автоматтын чытыраган үнү кайталанып, дөңсөдө турган немецтер да кулашты. Чолпонбай бул кичине тыныгуудан пайдаланып, автоматына жаңы ок салууга үлгүрдү.

Теңдешсиз бул салгылашуу бир-эки саатка созулду. Биздин жоокерлер жеңишке ээ болушту.

Дивизия ушул жерден токтобой Дондун жээгине чыкты. Алдыңкы бөлүктөргө күрпүлдөп агып жаткан суудан өтүүгө жана аркы жээктен жайгашууга, андан ары карай калк жашаган Селявное деп аталган ири пунктту ээлөөгө тапшырма берилди.

Жаз болгондуктан күн бирде бүркөлүп, бирде ачылып, Дондун үстүн чылк туман каптап турду. Таң үрөң-бараң сүрө баштаганда кичинекей кайыкка үч адам түштү. Алар Горький шаарынан келишкен коммунисттер Горохов, Туманов жана комсомолец Чолпонбай Түлөбердиевдер эле. Бул үч жоокер мурдатан бери таанышып, бири-биринен ажырашчу эмес. Аскерлер суудан сүзүп өтүп жээкке жетишти. Жээк абдан бийик да, таштуу да экен. Ошол маалда таң да ата баштады. Эми кайыктарга ар кандай тактаяларга минген аскерлер суудан жапа тырмак өтө башташты. Алар суунун кап ортосуна жеткенде душман байкап калса керек, пулеметтордон мөндүрдөй ок жаадырды. Суу казанда кайнап жаткан сүткө окшоп бүртүлдөп, көөп чыккандай болду. Жээктен туруп Чолпонбай анчалык бийик эмес дөңдүн эң үстүндө орнотулган пулемет окту таамай атып жатканын байкады. Ал пулемет жоокерлердин суудан өтүшүнө абдан тоскоолдук келтирип жатты. Демек, анын жаагын басмайынча жоокерлер суудан өтө алчудай эмес. Пулеметтун жаагын басууга алиги үч жоокер биринчилерден болуп боортоктоп жөнөштү. Чолпонбай беркилерге караганда шамдагайлык менен жээктин үстүнө чыгып, жашырылган пулеметту көздөй эки гранат ыргытты. Бирок, замбирек ок атуусун токтоткон жок. «Сөзсүз муну жок кылбасам, салакасы жаман болчудай»— деп ойлогон жоокер алдыга умтулду. Пулеметко жакын калганда көкүрөгүнө бир нерсе жабышып чагып алгандай болду. Чолпонбайдын көзү мунарыктап баратса да, ал алдыга ишенимдүүлүк менен баса берди. Арт жактагы жолдоштору:

— Кайда барасың, артка кайт!— деп кыйкырышса да, комсомолец акыркы күчүн жыйнап, ок чыгып жаткан жерге жетти. Ошол маалда пулемет дагы ок жаадырды. Чолпонбай төмөнүрөөк болгондуктан, алар ага тийбегенсиди. Ок чыгып жаткан жерге жеткенде гана аябай жарадар болгон жигит дагы бир жолу өйдө болду да арт жагын бир карап, пулеметтун оозун баса жыгылды. Ал бул мүнөттөрдө эмне жөнүндө ойлогондугу, көз алдына эмнелерди келтиргендиги биз үчүн белгисиз бойдон калды. Бирок, ал ошол акыркы секундаларда көп нерсени көз алдынан элестеп өткөрүүгө үлгүргөн чыгар.

Душмандын пулемету дагы бир жолу ок жадырып, алар баатырдын көкүрөгүн көзөп өтүп пулемет ошол эле замат тымтырс боло



түштү. Горохов менен Тумановдор гранат ыргытышып, тегеректеги ок чыгарып жаткан башка пулеметтордун да жаагын басышты. Дондун жээгиндеги калың өскөн камыштардан көз салып турган биздин жоокерлер сууга түшүп, чабак уруп, жээкке чыгышты да, көп убакыт өткөрбөй Урыв жана Селявное кыштактарын бошотушту. Бул кармашууларда алар душманды эч аяшкан жок.

Жеңишке жетишкенден кийин курман болгон жоокерлерди акыркы сапарга узатышты. Чолпонбай Түлөбердиевди ал өлбөс эрдик көрсөткөн жерге коюшту. Лейтенант Горохов сөз алып, кыскача мындай деди:

— Биз бүгүн кыргыз элинин уулдарынын бири, катардагы жоокер Чолпонбай Түлөбердиев менен коштошуп жатабыз. Ал эң кыска өмүр жашады. Жакында эле 20 жашка чыгыптыр. Жаш жигиттин өмүрү күтүлбөгөн жерден кырчылды. Биз анын өчүн алышыбыз керек. Өзүбүздүн жакын досубузду биз эч убакта унутпайбыз жана жүрөгүбүздө түбөлүккө сактайбыз.

Көп узабай биздин дивизияга СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы келди. Ал Указда комсомолец-жоокер Чолпонбай Түлөбердиевге курман болгондон кийин Советтер Союзунун Баатыры деген наам берүү жөнүндө жазылган. Бул — дивизиядагы жогорку наамга татыктуу болгон биринчи жоокер эле.

Чолпонбай Түлөбердиевдин эрдиги мына ушундайча болгон. Эгерде сен, окуучум, Воронеж областына караштуу Селявное деп аталган байыркы орус айлына келип калсаң, бул жерден Советтер Союзунун Баатыры кыргыз жигити Чолпонбай Түлөбердиевге орнотулган чоң эстеликти көрөсүң. Бул эстелик Чолпонбай эч убакта өлбөй, түбөлүккө жашай турган адамдардын бири экендигинен кабар берип турат. Ооба, баатыр өзү өлсө да, анын эрдиги жана ысмы эч убакта өлбөйт, ал эл сыяктуу түбөлүккө жашайт.

# УЛУУЛАР ЖОЛУН
# КИЧҮҮЛӨР
# УЛАНТАТ



# ЖАҢЫРГАН ЖЕРГЕБИЗДИН ЖОЛ НОВЕЛЛАЛАРЫ

## 1. ТАТТУУ ӨРӨӨН БИЗДИ УЗАТАТ...

Үч сутка кадам шилтеп,
Үч сутка уйку көрбөй,
Бир нече саптар үчүн газеттеги...

*(«Журналисттин ырынан»)*

Кылымдар ың-жыңсыз жаткан бул талааларды сары өзөн Чүй деп аташчу. Мындай наамга конушунун анда жөнү бар эле. Себеби, көз кайкыта суналган түздүктөр «как» эткен карга менен «кук» эткен кузгундун гана ээн жайык мекени болучу. Жайкы аптап суудан какшыган дүйүм түркүн чөптөрдү чалгыдай чаап өтөт. Эми, калдаңдаган камгактан башка эч нерсе көзгө илинбейт. Тээ кыйырда мал издеген кыргыз баласы атын эпеңдей желдирип, мунарык закымга аралаша сиңип жоголот...

Эзелден тозоң кум баскан,
Айдагар апчып, чаң баскан.

Алсырап, кургап таңдайы
Кубарып боздоп, муң каккан.
Сур бети миң түр бузулуп,
Суналып тилсиз тим жаткан.

Акын Жоомарттын «Чүй талаасы» деген ушул ыры өрөөндүн кайгылуу тарыхынын көркөм элесин эң сонун чагылдырат.

Лениндин доору кереӊ мейкиндиктерди түбөлүк уйкусунан ойготту. Эзели бир жерди байыр алып, кетмен таптап, кыртыш каңтарбаган тоолук журт орус агасынан көптү үйрөндү. Топуга ченеп таруу эгимиш эткен чала дыйкан «темир тулпардын» соңундагы айгыр жал айдоолорго маашырлана көз чаптырды. Жип керип, там салды, үй жанындагы көчө бойлоруна шуудураган байтеректер өстүрдү.

Байыркы Чүй өрөөнү көк жашыл тарткан даркан талааларга айланды. Анын кара топурагы сыйкыр колдордон аппак шекер «төрөдү». Ата-бабасы малдан бөлөктү билбеген Зууракан, Керимбүбү, Күлсара өңдүү кыргыз кыздары дыйканчылыктын «тилин» терең өздөштүрүштү.

Кара-Балтага беттеген трассадагы машинада бара жатып бүгүнкү күнүбүздүн сандаган ийгиликтерине кириптер болобуз. Кооз-кооз кыштактар бири-бирине уланышат. Жазгы эмгекке шаңданган түздүктөр бетинде тракторлор артына салаа-салаа издер калтырат.

Фрунзе — Ош жолу бизди алаканына салып сапарга алып чыкты. Максатыбыз — Кыргызстандын артерия кан тамыры сыяктанган атактуу ушул тракты боюнча кыдырып, жаңырган жергебиздин эмгектик портретине штрихтер жасоо, күжүрмөн адамдар менен бетме-бет жолугушуу.

1965-жылы бүткөрүлгөн бул магистраль республикабыздын түндүгү менен түштүгүн байланыштырат. Төө-Ашуудагы көлөмү боюнча эң уникалдуу тешкен тоо советтик техниканын кудуреттүүлүгүн даңазалады. Ал деңиз деңгээлинен 3200 метр бийиктикте, узундугу 2,5 километрчелик келет. Кубаттуу электр жарыгы жана аба системалары менен жабдылган.

Туннелден өтүп, машинабыз ылдамдыгын жогорулатты. Суусамыр аймагына көктөм кечирээк келет. Бирок күнгөйлөрдө байчечекейлер жыбырап, жаз белгиси кылтыйып калган. Тиричилик жандануудa.

— Кечээ сары кар жаады дешет, бу өрөөнгө. Жолду көчкү бөгөсө болду...— Шофер жигитибиз чылымын күйгүзүп жатып үн катты.

— Антүүгө да мүмкүн.— Сапарлаш адам тоолордун чокусуна карап койду.

Кыйла чакырымдарды артка калтыргандан кийин жолдо бир топ машиналардын кезек күтүшкөн караанын көрдүк. Айткандай эле түндө көчкү көчүптүр. 5 бульдозер аны түртүп тазалоо алегинде. Ала-Бел ДРПсынын начальниги Айтказы Турабаев да мында экен.



— Өтө зор кар көчкүсү,— деди ал.— Адистердин болжолдуу эсеби — 1,5 миллион кубометр. Жардырып да жатабыз. Күн-түн дебей иштесек деле бир нече күнгө созулгудай. Бирок, Абдылдаев Жапар, Жетигенов Нуркан сыяктуу жигиттерибиз темпти тездетишүүдө.

«Кар тоосун» жапыстатканча төрт саатчалык убакыт күтүп отурдук. Анан жыйналган автомашиналарды бульдозер аркылуу сүйрөп нары жакка өткөрүштү. Үзүлгөн сапарыбыз кайрадан уланды. Алдыда—Кара-Көл...

## 2. ДОСТУК АРТЫ — МАХАББАТ

Эгер досум, Кара-Көлдө болбосоң
Сонундарды көрө элегиң ушу да.
Канат керип, сабалаган куш эмес,
Булут конот зоокалардын учуна.
Миң-сандаган замбиректер
аткандай
Жаңырыктар аска койнун
толтуруп...
Каалаганда абаны да беребиз
Ушу жерден космонавтка кол
сунуп.

*(Токтогул ГЭСин куруучу жаштардын ырынан)*

...Кара-Көлдүк комсомолецтер уюштурган «Кыял» аттуу талкуу клубунун кезектеги жолугушуусу өтүп жатты. Залда улан-кыздар жык-жыйма. Кээлери курулуш аянтынан түз эле мында келишкен, спецкийимчен, ал тургай, жүздөрү да ала-чамбыл.

«Сен өзүңдүн замандаш курбуларың тууралу кандай ойдосуң?» Бул суроого ар ким өзүнчө жооптор тапты. Ырас, бир жактуу пикирлер да болбой койгон жок. Айрымдары күлкү келтирерлик да ойлорду айтты. Дискуссиянын кийинки суроосу жаштар арасында аябагандай жандануууну туудурду: «Жашай билүү» деген эмне, татынакай турмушту сен кандайча түшүнөсүң?»

Николайдын жүрөгүн өйүп жүргөн нерселердин бири дал ушул эле. Ал азыр ич күптүсүн жолдошторунун ортосуна салгысы келди.

— Биз көбүнчө ушул эки түшүнүктү чаташтырып алабыз. Турмушта оңой оокатка ыктап, жеңилдин асты менен, оордун үстү менен күн көрүп, жашай билген кесепеттер азбы? Алар эмгек романтикасын, толук кандуу турмушту чака тыйындардай майда көрүшөт.

Валя Колькасынын сөздөрүнө купуя ыраазы болуп отурду. Николай азыр негедир ал үчүн дүйнөдөгү эң асыл адамдардын бириндей сезилди. Натурасында шайыр, тамашакөй, эр жүрөк жана бала кыял бул жигитке кабылткан тагдырына табынды. «Мындай адамдар кандай кыйынчылык болсо да бели майышпайт» деп ойлоду ичинен. «Юра да ушундай жигиттерден эле го...» Анан, жанындагы



Төө-Ашуусундагы жол.

курбалдаш кыздарынан далдалана капыстан көздөрүнө толо калган жашын жоолук учу менен сүрттү.

...Валянын агасы Юра Ратушный да жеткен көк, айтканынан кайтпаган өжөр уландардан эле. Ал да Николай Еланский сыяктуу ачык-айрым, шамдагай болучу. Юра карындашына кат жазганда Николай досу тууралу «алла-таалам бул экөөбүздүн топурагыбызды бир жерден алса керек» деп айтчу. Валя да тигилердин жанаша түшкөн сүрөттөрүн карап отуруп ырас эле издешпей табышыпсыңар дечү.

Юра Токтогул ГЭСинин курулушуна Николайга караганда бир аз кечирээк келди. Мүнөздөрүнүн окшоштугунанбы же максаттарынын бирдейлигиненби, айтор, экөө ынак болуп кетишти.

Еланский армияда кызмат өтөп жүргөндө радио ишин өтө тың өздөштүрүптүр. Ага ал жерде калып иштөөнү нечен ирет сунуш кылышты. Бирок, Николай демобилизациядан кийин өзүнүн Кыргызстанына кайтып келди. Таш-Көмүр шаарына келип, мурдагы эле кесиби — кенчиликке өттү. Ошол учурда Токтогул ГЭСинин кабары угулуп калды. Өнөргө тойбогон улан эми гидрокурулушчу болууну эңседи да калды.





Ат-Башы дайрасын бөгөө.

Жаламалуу аскалардын кысыгында долу Нарын чамынып агып жатат. Дал ушул жерге келечекте ири электр станциясы орномок. Иш жаңы гана башталган. Күндөрдүн биринде Николай жаш инженер Дмитрий Бушмандын көзүнө чалдыгып калды. Ал көбүнчө кагазга эмес, адамдын өзүнө ишенчү. Кыязы, Николай Еланскийдин бир-эки эле сөзүнөн уландагы жакшы касиеттерди байкаса керек. «Каренкиндин бригадасына барасың» деди аз гана аңгемелешкенден кийин. Ал эми Каренкиндин бригадасы курулушта анык «жан кечти» жумуштарды аткарчу.

Токтогул ГЭСин куруу жер шарттарынан улам өтө кыйынчылыкка турду. Плотинанын курулуш аянтчасы болуучу жерге жетүү эң татаал болду. Зоока беттери типтик 80-90 градус. Кээ бир жерлери альпинисттердин тили менен айтканда, «чымын буту тайгаланчудай».

Мына ушундай абал дүйнөдө дагы бир нече жаңы кесиптерди жаратты. Аскага чыгуучу-жардыргыч, аскага чыгуучу-жыгач уста, аскага чыгуучу-бургулоочу, ал тургай, аскага чыгуучу...-бульдозерчу.

Фрунзеден атайы чакырылып келинген тажрыйбалуу альпинист Владимир Аксенов мындан 500дөй аскага чыгуучу жигиттер-

дин «киндигин кести». Анын курсунда Николай менен Юра да бар болучу.

Аскага чыгуучулук кесип жалаң гана үйрөнүүнүн жемиши эмес. Ал адамдан табигый тырышчаактыкты, баамдагычтыкты жана туруктуулукту талап кылат. Мындай касиеттер Николай Еланскийде бар болучу.

— Мынабу сиздер келген тешкен тоону адегенде жасадык. Сууга минип турган катуу асканы оюп жол жасоо оңойго турбады.—Николай бизге түшүндүрө баштады. — Төбөдөн кезек-кезек кулап түшкөн таштардан коргонуу да керек эмеспи. Баланын муштумундай эле таш нечен жүздөгөн метр бийиктиктен куланса самосвал машинасынын кабинасынын төбөсүн тешип өтөт. А бу жерде майда таштар гана эмес, нечен тонна келген кесектер да кулоого ыктымал. Ошондуктан араң турган таштарды аскага чыгып издейбиз. Тапсак, жанына 30 килограммдай жардыргыч дарысын коюп, төмөндө турган адистерге белги беребиз!

Бир жолу компрессордун үстүнөн 200—300 тонналык калтылдак таш байкалды. Аны кулатып түшүрүү курулуп жаткан ишке кыйла зыян келтирчүдөй. Ушу себептүү ордуна бекитүү зарылчылыгы келип чыкты. Ким барат? Экөө жөнөштү — Николай Еланский жана Владимир Аксенов. Мына ушул бир эсе коркунучтуу, бир эсе сыймыктуу, эрдик операциясын көрүүгө Кара-Көлдөн жүздөгөн адамдар келишти. Эки азамат жалама бетке чыгып барышып, алгачкы казыкты бекитишкенде таштын «тирүү» экендигине көздөрү жетишти. Ал кичине эле туура эмес кыймылдан учуп кетчүдөй. Жоондугу билектей трос эми аны түбөлүк кучактады да калды.

Мына ушундан кийин Николайды Кара-Көл поселогунун адамдары «космонавт» деп аташчу болду. Курбалдаштары эрдигине тымызын көз артышат, а кыздар болсо жылдызы жарык уланга алдыртан көз кыйыгын жиберишет. Мүмкүн муну Коля байкаган эместир.

Иш жүрүп жатты. Нарындын оң жээгине жол салынып калган. Ал сол жээгинде болсо салаңдаган аскаларга бекитилген илмектер... Ичке сым тростор керилген. Азыр дайранын аркы четине көтөргүч машинаны, жардыргыч дарыны алып барып, бульдозер үчүн аянтча жасоо зарылчылыгы келип чыкты. Бул процессти аткаруу Карендин бригадасына тапшырылган эле. Каармандык үлүшү дагы Николай Еланскийге туура келди. Ал керилген сым аркылуу албуут толкундардын үстүнөн өттү. Бир нече күндөн кийин, аянтча даярдалгандан соң тростук-блок системасы боюнча наркы маңдайга бульдозер өткөрүлдү.

Кесиптеш досу Колянын эр жүрөк иштери Юрага катуу таасир калтырчу. Николай ийнине перфораторду же төрт кырдуу устунчаны салып коюп төмөн карай сыйгалана түшүп келатканда бөтөн дүйнөдөн жолго чыккан сапарчыдай туюлчу. Аз да болсо ага өзүн окшоштурууга көп далалаттанчу. Карындашы Валяга жазган каттарында курбусу жөнүндө эң сонун жылуу пикирлерин билдирчү. Анда Валя бир тууган шаары Жалал-Абадда орто мектепте окучу.



Досун атайылап үйүнө мейманга чакырып, карындашы менен да тааныштырып коюу тилеги Юранын көңүлүндө эле.

Бирок тагдыр жазмышы тилегине кедерги болду.

...Николай Жалал-Абадга жалгыз барды. Адрес боюнча Юранын ата-энесинин үйүн издеп тапты. Бир аз күн жүрдү. Сүйүктүү уулу аскадан кулап курман болгондугун угузууга оозу барбай, кайра кайтты. Кийин гана Валяга бул тууралу жылуу-жумшак кат жазды. Адам кайгы-капада бири-бирине тирек болсо жакшылык түбөлүк унутулбайт белем. Николай бара-бара Юранын ата-энесине өз баласындай кайрыкер болуп кетти. Валя экөө чыныгы достордой ынак. Ага Кара-Көлдө ачылган политехникалык институттун филиалына келип окууну, күндүз ГЭСтин курулушунда иштөөгө кеңеш берди. Достук арты акырындап чоң махаббатка айланды.

— Турмушка таарынычым жок. Көңүлдөгүдөй ишим бар. Азыр өзүм монтаждоочулардын бригадиримин. Валя геодезистка. Уулдуу болгонбуз. Аты албетте, маркум досумдун ысмында — Юра. Айткан Валюшам тигине.— Ал берегидеги автобуска жабыла түшүп жаткан кыздардын четтегисин көрсөттү.— Грузиянын «Иверия» вокалдык ансамблинин артисттери курулушту көрүүгө келишет экен. Ошолорду тоскону баратышкан го.

Николай аларды карай бажырая жылмайды. Көрсө, Валясы кол булгап койгон тура...

## 3. ТУРМУШ ТЕПКИЧТЕРИ

— Келипсиң, кызым.
— Иштейин деп...
— Жашың канчада?
— 16дамын.
— Эртерээк го.
— Атайын эртелеп келдим.
*(Кадрлар бөлүмүндөгү диалог).*

Деги, адам өмүрү билинбеген тепкичтерден турат окшойт. Анын турмушка болгон умтулуусу, күндөлүк аракеттери улам жаңы бийиктигине көтөрөт. Белинскийдин сөзү менен айтканда «ким алгалабаса, ал артта калат. Жашоодо бир орунда токтоп туруу деген жок». Бул — аксиома, жылмалоого мүмкүн эмес чындык.

Бактиярдын да өз алына жараша өмүр тепкичтери бар. Кара-Суу районундагы XXII партсъезд атындагы колхоздо төрөлүп, дүйнө тааныды. Андан орто билимдүү болду. Ош шаарындагы кыргыз текстиль комбинатына жумушчулукка орношту. Бул жерден Коммунисттик партиянын катарына өттү. Карапайым өзбек кызынын мындай кыска таржымалынын аягын ишкананын ийрүү цехинин начальниги Солдатова Раиса Петровна баяндады.

— Ахмедова тууралу коллектив абдан жакшы пикирде. Дээринде бар, зээндүү кыздарыбыздын бири. Менимче, жумушчулук кесип да адамдан кандайдыр бир табигый шыкты талап кылса ке-



Тянь-Шандагы ЛЭП, Кум-Бел ашуусу (3600 м.)

рек. Бактияр үйрөнчүктүк мөөнөтүнөн эрте чыкты. Келечегинен үмүттөнүп, Москвадагы Фрунзе атындагы текстиль комбинатына жети айлык стажировка курсуна жибергенбиз. Коммунисттик эмгектин ударниги. Баса, шаардык Советке депутат.

— Бактияр, квалификацияңызды өркүндөтүү жагы кандай?— деп сурап калдык жумушчу кыздан.

— Москвадагы текстиль институтунда сырттан билим алуудамын. Азыркы шартта окубаса болобу...

— Дагы бир негизгисин унутуп бараткан турбаймынбы. Келерки жылы Бактиярдын үйлөнүү тоюн өткөрөбүз.— Раиса Петровна сөзүнө тамаша аралаштыра сүйлөдү. Күйөө баланы да өзүбүздө эмгектенгендей тандайбыз. Антпесе...

Бактияр күлкү ойногон карагат көздөрүн бизден ала качкан болду. Анын бажырайган жүзүнөн кубаты ашып-ташыган жай жатпас жаштыктын учкундары ойт берет. «Чыңгыздын Жамыйласына окшоп кеткендейби» дедим ичимден.

— Суроoбуз орунсузураак угулса кечирип коюңуз, сиз болочоктогу жарыңыздын кандай болушун каалар элеңиз?— Маектешиме дагы кайрылдым.





Борбордук энергосистемада.

— Кандай десем... Албетте, биринчи иретте чыныгы адам болушун. Ак ниеттүү, эмгекчил...

Бактияр аяккы сөзүнө өзгөчө маани бергендей сүйлөдү. Бул анын турмушундагы эң негизги нерсе эле. Кайраткерлик, максатка тынбай умтулуучулук гана курагы 20нын кырынан жаңы ашкан кызды кадыр-барк даражасына жеткирди. Ал дал ушул ыйык сөздү бардыгынан талап кылат. Кесиптеш курбуларынан да...

Ахмедованын комсомолдук чогулуштагы бир кеби далайларды ойлонткон. «Керегем сага айтам, келиним сен ук» дегендей эмгек жөнүндөгү, жумуш тартиби туурасында анын пикирлери Лариса Шумилевскаянын намысына тийип отурду. Ал ишке көп кечигип келет, кээде күнү бою дайынсыз жоголот. «Комсомолдук прожектордун» нуруна да илинди.

Бу жолу Лариса сыяктуу прогулчулардын кулактары кызарды. Алардын адрестерине көптөгөн сындар айтылды. Жалпы коллективдин ийгилигине андайлардын кыйла кедерги болуп жаткандыктарын белгилешти.

Адамды чөйрө тарбиялайт деген чын. Бактиярдын кесиптеши Мукадамда кээде байкала калуучу ыкшоолук, жүр нарылык бар

эле. Бирок, ал туш келбеген атмосфера жаңыдан гана башталып, али өнөкөткө айлана элек жалкоолук илдетине профилактикалык таасирдүү чара болду. Эселек курагынан эми эле ашкан ойноок кызга жогорудагыдай кемчилиги туурасында негедир эч ким эскерткен жок. Бул мүмкүн, Мукадамдын өзү менен өзү күрөшүү процессинин жанындагыларга сезилип калгандыгынан уламбы дейм. Унчукпай деле көп нерсени айтууга болот эмеспи. Сергек кыз баарын түшүндү, жүрөгү менен сезди.

— Ишибиз бири-бирибизге ушунчалык байланыштуу. Ойлоп көрсөңүз, кездеменин эриши менен аркагы өз ара шайкештенип турбаса оңдуу натыйжа чыкмакпы. Ушу себептүү ар кимибиз жүктөлгөн милдетибиздин жоопкерчилигин терең туюшубуз зарыл.

Бул 5-разряддагы алдыңкы жумушчу, демилгечил, активдүү комсомолка Мукадам Сайдалимованын өздүк практикасында нечен ирет далилденген бүгүнкү сөзү. Ал учурда 5 ийик машинасын тейлейт. Ал эми норма боюнча 3,5 машинада гана иштөөгө тийиш экен.

Цехтин начальниги Солдатова Раиса Петровнанын кабинети бир кезек экзамен алынуучу студенттик аудиторияга окшоп кетет. 3-4төн кыздар келип, экзаменатордун алдына отурушат. Колдорунда кадимки эле конспектилер.

— Комбинатка көбүнчө али эч кандай кесипке ээ болуша элек өспүрүмдөр келишет. Ырас, алгач үйрөнчүктүккө алабыз· Ар бирин тажрыйбалуу, өндүрүштүн алдыңкы адамдарына бекитип беребиз.— Кадрларды даярдоочу инструктор Даутова Галина баяндай баштады.—Азыр Анисимова, Исмаилова, Бакирова сыяктуу кыздардан техминумумду алдык. Азаматтар, теория менен практиканы айкалыштырып калышыптыр. Бул негизги нерсе да.

— Экзамен учурунда үйрөнчүктөргө болжол менен кандай суроолор берилет?

— Маселен, чыгарылган продукциянын сапаттуулугу, полуфабрикаттардын номерлери, акы төлөө, машиналардын эмгек өндүрүмдүүлүгү...

Даңктуу кыргыз текстиль комбинаты жана анын адамдары жөнүндө сүйлөшүп отуруп, ийрүү цехинин старший мастери Ершова Иза Федоровна бизге мына буларды баян этти:

— Кээде өзүмө-өзүм суроо коём: Умтулуунун чеги барбы? Кыязы, жок окшойт. Эгер анын аягы аткарылгандарга каниет алып, корстон болуу менен бүтсө, бардыгыбызды таңдандырган керемет ийгиликтер үзгүлтүксүз жаралбайт эле го. Мен турмушту эстафета катары түшүнөм. Ата-бабалар, эне-эжелер бизге эрдик мурастарын калтырышты, а биз—кийинки муундагыларга... 1967-жылы Иваново шаарынан Ошко келдим. Анда мастер болуп иштөөчү элем. Бул жерде азыркы комбинаттын курулушу жүрүп жатыптыр. Курууччулукка да аралашып кеттик. Жаңы жабдууларды монтаждоого каралашабыз. Өзгөчө ал жылдары текстиль гигантын курууга өлкөнүн ар тарабынан улан-кыздар көп келишти. Айрымдарында эч кандай деле профессия жок. Болгону — каалоо, жаштык жалын. Ийрүү-токуу өнөрүнө үйрөтүү боюнча Фрунзеден келишкен эки кыз—Тамара Кувшинова менен Алла Иванкива көп көмөк көрсөтүштү. Алар өздөрүндөгү билим-тажрыйбаларын шакирттерине калтырышты.

Ырас эле Тамара, Алла сыяктуу күжүрмөндөрдөн сандаган демилгечилер өсүп чыгышты. Асылкан Арыкова, Надя Хивинцева, Разида Узакова, Света Карабалова, Люба Копылова учурда ишкананын сыймыгын арттыргандардан. Кыздар тандап алган кесиптерин өтө сүйүшөт. Муну алардын ишке жасаган мамилелери толук далилдеп бере алат.

Октябрдын 50 жылдыгы деген ысымды алган кыргыз текстиль комбинаты анын байдубалын тургузган 160 адамдан 4 миң жумушчусу бар ири өнөр жайына айланды. Коллектив жалпысынан алганда, жалаң жаштардан түзүлгөн. Негизги өндүрүштөгү машиналардын долбоор өндүрүмдүүлүгү пландагыдай 18 айдын ичинде эмес, 16 айдын аралыгында эле өздөштүрүлдү. Ийрилген жиптин кээ бир номерлери боюнча эмгек өндүрүмдүүлүгү 15 процентке жогорулады. Мунун эсебинен 150 тонна кошумча продукция иштелип чыгарылган. Бул күндөрдө аталган ишканада Валентина Плетневанын 450дөй жолдоочулары бар. Алар эмгектин кайсы участогунда болбосун чыныгы жигердүүлүктү, коммунисттик аң-сезимдүүлүктү көрсөтүп жатышат. Башкача айтканда, турмуштун улам бийиктеги тепкичтерине көтөрүлүшүүдө. Андай бийиктиктен коммунизм горизонту даана көрүнөт·..

## 4. БАБА-ДЫЙКАН БАКТЫСЫ

**Бригадир Жоробай Шералиев:**

пахтанын атасы — жер,
энеси — суу.

Жоробай акенин өмүрүндө эки гана тилеги бар эле. Ал аларды кан күйгөн согуш талаасында жүрүп самаган. Ошол тилегин жакындатуу үчүн сыз окоптордо айлап жатты, күн-түндөп уйку бетин көрбөдү, ок-дары жыттанган токой ичинде душман изин акмалады, бир кабыргасынан ажыраса да колуна автоматын карыштыра кармады...

Ар ким көздөгөн максатына тырыша умтулса каалаганына жетет деген акыйкат сөз. Жоробайдын эки тилеги тең орундалды.

Биринчиси — адамзат башына мүшкүл салган каргашалуу ушул согуш бүтүп, туулган очокко аман-эсен барсам кара жумуштан эч чарчадым деп айтпас элем;

Экинчиси — асылкеч жар сүйүп, андан бала күтсөм... Жерди урматтагандай кылып тарбияласам...

...Өткөн жылдын 7-ноябры Жоробай акенин турмушундагы унутулгус күндөрдүн бири болду. Күн сууктап, кыш төбөсүн көрсөтүп калган· Пахта түшүмү үчүн күрөш кызуу темпте. Ал бул күнү «Кызыл-Жар» совхозу боюнча мамлекетке пахта тапшыруу планын эң биринчи орундатты. Бул күнү уулдуу болду. Кош майрам бригадир-

ди да, совхоз жетекчилерин да кубантты. Ушул кечте белгилүү пахтакердин үйүндө шатыра-шатман ийгилик каалаган тосттор көтөрүлдү. Совхоздун жетекчилери, мектептин мугалимдери, райондук аткаруу комитетинин өкүлү Жоробай акеге жана анын бригадасындагы кайраткерлерге жылуу сөздөрүн арнашты.

Өмүрүндө, ал тургай майдандан өтө оор жарадар болуп госпиталдагы операция учурунда да көзүнө жаш албаган адам салтанаттуу мындай кечте чөнтөгүнөн бет аарчысын издеди. Бул анын чексиз сүйүнүчүнүн белгиси эле. Дал ушул кечте эл көзүнчө ымыркайынын атын Бакыт койду.

...Алар алгач ондой гана адам эле. Жаңы-Жол районундагы Кара-Жыгач айылынан келишип, Кызыл-Жардын эрме чөлдүү дыңын көтөрүшмөк. Жер кепеде баш калкалашып, эрте жаздан эмгек этишти. 25 гектар аянттагы жер айдашты. Сал-сал топурактар малга моюн бербейт. Кетмендин уңгусу менен ургулашат. Түшүм жаман болгон жок. Жоробай аке ошондо ар гектарына 27 центнерден «ак алтын» өстүрдү. План 12 центнерден болучу. Айтканга оңой ушул цифрага жеткирүү канчалык кыйындыкка турду дейсиң. Көлөкөлөр жай жок, ташбакалар бир жактан пахта өсүмдүгүн отоп-бутап киришет. Аларды кол менен терип жок кылууга туура келди. Жалынганы жалгыз гана трактор. Анын да айныкейи көп.

Эзели суу көрбөгөн бул өрөөндө шыбактан башка эч нерсе өспөчүдөй. Кар нымы менен жазгы нөшөрдөн кубат алган адырлар көктөмдө чочугансып төшүнө кызгалдактар сайына калат. Наристе чачындай көрпөлөнө көк жашыл тарткансыйт. Бирок, баары бир алардын өмүрү какумдун башындай алсыз, таңкы түштөй кыска. Жаздан жайга өтө баштаганда баягы жерлер сары журт конуштай түскө келет.

Жоробай талаалардан анча деле обочо эмес Нарын дарыясына көп барат. Шарпылдап аккан суу толкундарын ойлуу тиктейт. Анан мелтиреп жаткан бозоргон түздүктөргө аянычтуу көз жүгүртөт. «Атаганат, мынабу жээк сол өйүздөгүдөй жапыс болсо не. Ошондо кетмендеп болсо да канал салып, тиги талааларга кылкылдата пахта экпес белек. Ата көрү, пахтанын атасы — жер болсо, энеси — суу тура. Кендирди кесип турганын кара!»

Дыйкандардын муңайым жүзүн эми кубаныч аралады. Инженерлер насостук станция курушуп, Нарын суусунан каналга бурушту. Дыйканчылыкка дилгир адамдар да мында келе башташты. 12 адамга бекитилген 70 гектар аянттан 39,5 центнерден түшүм жыйналды. Бул 1960-жылдагы эмгектин натыйжасы эле.

Бирок, суу кыйынчылыгынан биротоло кутулууга алиге мүмкүн болбой жатты. Сугат сезонунун кызуу учурунда станциянын кубаттуулугу талапты канааттандыра албады. Пахта өсүмдүгү солуп, ар кандай ылаңдар жабышты. Жазды жаздай тынбай эмгек эткенинин акыбети кайтпай тургандыгынан шектенген айрым адамдар кол шилтеп басып кетүүгө да камынышты.

Ошондо Жоробай акенин эсине блиндажда жаткандагы өзүнө берген биринчи анты дагы бир ирет келди: «Колумдан кетмен өл-



гөндө гана түшсүн!» Жетилип калган өсүмдүктөрдүн кебетеси аянычтуу. Дыйкан аларды аралай басса, туш-туштан суу, суу!—деген өлүмсөк үн чыккансыйт. Түн бою Жоробай акенин талаасында шайтандын отундай жарык көчүп жүрдү. Бул кыйла алыска чейин көрүнүп, көптөргө табышмактанды. Ал колуна чырактан кармап, сугатка киришкен баба-дыйкан Жоробай болучу. Бул демилге пахтакер атанган бир топтордун намысына тийди окшойт. Талаа бети эми жарык шамдарга жыбырады.

Шералиев аксакал андагы кездерди эскергенде азыркы «Кызыл-Жар» совхозунун директору Николай Осипович Мешковдун ысмын аңгемесине көп кыстарат. Анткени, «эңгилчек баскан, кум баскан» ушул түздүктөрдүн келечегин көрө билип, анын акыры пахтазарга, гүлзарга айланаарына бекем ишенген адамдардын бири дал ушул киши эле. Николай Осипович РТСтин директору болуп турган чакта бул аймактарга көп келип турду. Ирригатор адистерди жиберип, кошумча насостук станцияны орноштурган да ошол.

Жоробай аке Үч-Коргон ГЭСи курулуп жатканда аябагандай жетинди. Байламтада суу деңгээли улам көтөрүлө берип, дайра толкундары какыр өрөөндү нымга марытты. Татына үйлөр салынып, эшик алдында түркүн гүлдөр жыт аңкытты. Салаалана жүзүм бышты. Кызыл-жарлык наристелер төрөлүп, алды мектеп босоголорун атташты. Өзгөргөн аймакка түбөлүк отурукташуу үчүн түштүктүн ар кайсы жерлеринен, айрыкча Жаңы-Жол районунан көп адамдар келишти...

Шералиевдин бригадасы быйыл да чоң дем менен иштеп жатышат. Алар 87 гектар аянтка пахта эгишкен. Ар бир гектарынан 30 центнерден «ак алтын» өстүрүү милдети турат.

— Жогорку түшүм алуунун сыры эмнеде?— деп сурадык дыйкандан.

— Мен бир гана нерседен көрөм: Эмгек. Пахта бала сыяктуу. Ага тынымсыз көз салуу керек. Башында начар тарбияланган бөбөктү кийинчерээк оңдоо кыйын болгондой, жашында багуудан калган өсүмдүктү чыныгы «ак алтынга» айландырыш — апендечилик. Түшүмдүүлүктү көтөрүүнүн дагы бир жолу бар. Ал — которуштуруп айдоо. Учурда бригадабызга 65 гектар беде аянты бекитилген. Мына ушул экөөнө кезектеше пахта эгебиз. Тажрыйба өз жемиштерин берип келатат.

Ленин ордендүү коммунист пахтакер Жоробай Шералиев дыйканчылыкка аралашкандан бери «ак алтын» өстүрүүнүн Канатов Ташболот, Бекматов Ыса, Рыскулов Нармырза өңдүү беделдүү устаттарын тарбиялап чыгарды. Алардын ичинде өзүнчө бригадага жетекчилик кылгандары да жок эмес. Жоробай аке өзүнүн тракторист жигити комсомолец Супатаев Тажымырзага көп үмүт артат. Улан ишке дилгир, эмгекчил.

— Мен анын тырышчаактыгын өзгөчө баалайм. Юбилейлик медаль алууга көрсөттүк. Ылайым эле «Устадан шакирт өтүптүр» деген макал чындык болсо экен.

Жоробай аке бул сөзүн ойлуу жана ишенимдүү айтты...

5—3188

# 5. ЗАВОД АДАМДАРДАН БАШТАЛАТ, ЖЕ ЛЕНИН КӨЧӨСҮ, 100

**Жумушчу Мария Примбаева:**

— Завод — биздин экинчи үйүбүз. Ал эмгекке гана тарбиялабастан, жашоого, адамдар ортосундагы достук мамилелерге үйрөтүүдө.

Маршрутубуздун эң акыркы чекити Майлы-Сай шаары менен бүтмөк. Калаанын борбордук магистралы — Ленин көчөсү менен кетип бара жатып, оюма бир нерсе кылт этти.

— Боря,— дедим сапарлаш калемдешиме.— Биз бараткан көчө көсөмдүн ысмында экен. Эгер 100 — үйдө жашаган үй-бүлөдөн репортаж алсак кантет?

Жолдошум сүйүнүп кетти:

— Сонун идея! Анан азга ойлоно калды да: Бирок, максатыбыз электрлампаларын чыгаруучу заводдун адамдары жөнүндө болгондон кийин...

— Эмне экен. Мүмкүн, анда ошол ишканада эмгектенген кишилер бардыр, кур дегенде ал заводго иштөөнү каалагандары табылар.

— Макул. Эмесе, репортажыбызды «Завод адамдардан башталат, же Ленин көчөсү 100» деп атап коёлу.

Ушинтип экөөбүз бир пикирге келдик да, каалаган номерибизди издей баштадык.

Биз болжолдогондой бул үйдө бактылуу үй-бүлө жашайт экен. Жубайлар — Василий Иванович Герасимов менен Екатерина Яковлевна экөө тең Ильичтин жердештери болуп чыгышты. Ульяновскиде туулуп, чоңоюшуптур.

— Улуу Лениндин жердеши экендигибизге сыймыктанабыз. Бирок, анда каттабаганыбызга бир топ жыл болуп калды. Таанылгыстай өзгөрүп кеткен дешет. Эми барсак дашат окшойбуз...

Екатерина Яковлевна күйөөсүнө сүйкүмдүү карады.

— Кызыбыз Шура келерки жылы онунчуну бүтөт.— Үй ээси аялынын сөзүн кошумчалады.— Ал Горький шаарындагы политехникалык институттан окусам деп жүрөт. Ушул учурдан пайдаланып туулган крайыбызды көрө келүү да максатыбыз бар.

Коммунист В. И. Герасимов кесиби боюнча кенчи. Кыйла жылдар бою шахтада иштептир. Азыр шаардагы түштүк СМУсунда 3-разряддагы арматурщик болуп эмгектенет. Майлы-Сайдагы курулуштардан Василий Ивановичтин колу тийбегени аздыр.

А Екатерина Яковлевна электр лампаларын чыгаруучу заводдо кызмат өтөйт. Экөө тең коммунисттик эмгектин ударниги, коллективдин кадыр-барктуу адамдарынан. 5-класстагы уулу Сережа да эжесиндей окуунун отличниги экен...



Ыкластуу маектешүүдөн кийин бизди сыртка Екатерина Яковлевна узатып чыкты. Сменасына барар убактысы чукулдап калыптыр. Заводго чогуу бет алдык.

— Мынабу аймактар мындан 4-5 жылча илгери аңгырап бош жатчу.— Заңгыраган имараттар жайгашкан жерлерди көрсөттү.— Кечкурун баскандан коркчубуз. Эмичи... Шаарыбыздын мактанычы. Өзүбүз бөтөн калаада туулуп-өссөк да, Майлы-Сай бизге негедир жүрөктөштөй жакын сезилет. Себеби, аны өз колубуз менен куруудабыз. Кейпи, башка жакка кетишибиз кыйын болот окшойт...

Ишкана оозунан алгачкы каарманыбыз менен да коштоштук.

Союзга таанымал электр лампаларын чыгаруучу завод... Мунун ысмы жалаң гана Майлы-Сай шаары үчүн эмес, жалпы Кыргызстанга сыймык. Анын жасалган продукциясы өлкөбүздүн бардык булуң-бурчтарына чейин тарайт. Чакан гана «Изолит» заводунан башталган азыркы ири өнөр жайды 60-жылдардын жалындуу комсомолецтери курушту жана мындан түбөлүккө орун-очок табышты. Ушу тапта заводдо эмгектенгендердин 80 процентин улан-кыздар түзүшөт.

Саида Ахмедовна Амедова башкарган автолампаларды чыгаруучу цех ишканада эпкиндүүлөрдүн катарында. 80 адамдан турган бул коллектив жыл сайын эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатышып, ар бири өздүк квалификацияларын көтөрүүдө. Өткөн жылы айына 20 миң даана электр лампаларын чыгарышса, учурда 100-115 миңден ашып кетти.

Мария Примбаева Ленин районундагы Карл Маркс атындагы колхоздо өсүп-өнгөн. Ал жерден 8 жылдык мектепти бүттү. Кыялкеч кыздын бет алдында кең горизонт жатты. Окуу десе — окуу, иш десе — иш. Бирок, ал экөөн тең айкалыштырууну каалады. Ата-энесинин «темир-тезек» кыз балага ылайык жай болмок» беле деген кебине муюбай турмушунда биринчи жолу моюн толгоду. Адам тагдырын кээде бир гана сөз чечкен учурлар да болот.

Мария максатын издеп жолго чыкты. Ал жол Майлы-Сайдагы электр лампаларын жасоочу заводго алып келди.

— Завод — биздин экинчи үйүбүз. Ал эмгекке гана тарбиялабастан, жашоого, адамдар ортосундагы достук мамилелерге үйрөтүүдө. — Жумушчу кыз чечкиндүү сүйлөдү.— 9-класста кечкисин окуйм. Жатаканадамын.

— Марияны жакында Ленин комсомолунун катарына мүчөлүккө алдык. Албетте, ага ишеним көрсөткөндүгүбүз үчүн...— Саида Ахмедовна Примбаеванын далысын коомай таптады.

Айылдаш курбусунун калаага барып, техникалык кесипке ээ болушу Бегайым, Уулкан өңдүү кыздардын да кыялына канат байлады. Ошентип, иш максатташтарды кайрадан бир жерге чогулутту. Алардын «өз үйү, өлөң төшөгү» болуп калды.

Мариянын баягы сөзүн дагы эсиме салам. «Эмгекке гана тарбиялабастан... «Эгер мындайча салыштыруу туура келсе, завод өспүрүмдү чоң турмуш мейкиндигине старт берүүчү космодромго окшоп кеткенсийт.

Рекусова Галя Майлы-Сайдагы электро-механикалык техникумду бүттү. Кызматка баягы боордош ишканасына келди. Сүйгөн жигити да мында эмгектенет экен. Комсомол комитетинин секретары Геннадий Кильдяев бизге бул экөөнүн комсомолдук үйлөнүү тою жакында өткөрүлө тургандыгын айтты. Ал тургай, катыша кетүүнү суранган эле. Убактыбыздын аяктап калгандыгына байланыштуу салтанаттуу кечеден репортаж ала албадык. Бирок, бардыгы көз алдыбызда:

«...Кенен зал ичи музыка менен шыңгыр күлкүлөргө ширелген. Ортодо аккууну элестеткен колукту Галя менен азамат улан. Азыр ааламда экөөнөн бактылуу адам жоктой. «Горько! Горько!» деген сөздөрдөн кыз бети тамылжып, нурданат. Жигитинин карылуу манжалары эми анын жумшак салааларына айкашат. Алар түбөлүк ажырашпоого ант алышкан да.

Алгачкы сөздү заводдун директору Нечаев Юрий Иванович баштаар. Мүмкүн башка жетекчилер. Анын кебинде кубануунун, сыймыктангандыктын ысык илеби бар. Мартабалуу ишкананын адамдары келечек күндү өз колдору менен жакындатып жатышкандыгына чексиз ыраазылыгы туюлат.

Бул кече жалаң эле эки жаштын эмес, жалпы ишкананын майрамына айланган болушу керек... Анткени, коллективдин девизи мындай: Бирибиз — бардыгыбыз үчүн, бардыгыбыз — бирөө үчүн!

*ЗАРЫЛБЕК ТУРСУНАЛИЕВ*

# ЖАНГАН ЖЫЛДЫЗ

*(ОЧЕРК)*

«Нагыз мыкты хирург кыраан көздүү, арстан жүрөктүү, аял затындай назик колдуу болушу керек».
*Р е й.*

Береги ак шөкүлөдөй люстралары жаркыраган чоң актовый залда кыргыз коомчулугунун ар түркүн өкүлдөрүнүн чогулушу өтүүдө. Анда Кыргызстан ЛКСМ Борбордук Комитетинин Бюросу чектеген атайын комиссиянын чечиминин негизинде Кыргызстан Ленин комсомолунун 1970-1972-жылдар үчүн сыйлыктары ыйгарылып жатты. Сыйлангандардын арасында илим, техника, өндүрүш, адабият жана искусство тармагында эмгектенген эр азаматтардын бир кылкасы бар эле. Коомчулугубуз алардын ак мөлтүр маңдай теринен жаралган зор эмгектерин колдоого алып, атак-даңкка бөлөп жаткандыгынын жөнү бар. Албетте, алар өздөрүнүн өмүр сапарында турмуштун далай ысыгына күйүп, суугуна тоңуп, ар кандай кыйынчылыктарды баштан өткөрүшкөндүгү айкын. Натыйжада алардын биздин коомго кошкон зор салым-



«Улахол» совхозунда талааларды планировкалоо.

дары кыска элдин кыйрына, узун элдин учуна жетип, ата-журттун
астында жүздөрү жарык!..
Бир оокумда президиумдан чачтарын ак бубак баскан карыя
академик Б. Жамгырчинов ордунан туруп, Кыргызстан Ленин ком-
сомолунун сыйлыгы илим тармагы боюнча Кыргызстан онкология
жана радиология илим-изилдөө институтунун директорунун илимий
иштер боюнча орун басары, медициналык илимдердин кандидаты Ан-
варбек Илиязовго ыйгарылгандыгын салтанаттуу жарыялады. Зал-
да чагылгандын доошундай дүркүрөгөн кол чабуулар...
Медицина тармагы боюнча болуп жаткан тунгуч лауреаттын
сыймыктуу иштери залда отурган ар бир адамдын жүрөгүнөн купуя
түнөк таап, сезимде кандайдыр бир сыйкырдуу күч бийлик кылат.
Анын алкышка татыктуу болгон бир катар илимий ачуулары рак
оорусун алдын ала аныктоо жана аны дарылоо боюнча жүргүзүлгөн.

Аздан кийин трибунага шыңга бойлуу, маңдайынан жылдызы
төгүлгөн, ак жуумал жаш жигит чыкты. Дале болсо кол чабуулар-
дын борошону токтой элек. Ал бир азга апкаарыгансып турду да,
анан өзүнүн илимий эмгектеринин коомчулук тарабынан колдоого





Фрунзе шаарындагы автомобилдерди жыйноочу заводдо.

алынып, Кыргызстандын Ленин комсомолунун сыйлыгы ыйгарыл-
гандыгына чын жүрөгүнөн ыраазылыгын билдирип, таазим этип
жатты. Сөзүнүн соңунда өзүн тарбиялап, ушул даражага жеткирген
Лениндин Коммунисттик партиясына жана совет өкмөтүнө зор ал-
кышын айтып, бул эмгегинин бааланышы мындан ары да көп улут-
туу Ата Мекендин астында албан иштерди жаратууга шыктандыра
тургандыгын айтты. Анын сөзүн коштогон кол чабуулар тегирмен-
дин барасындай дүркүрөп көпкө созулуп жатты.

Ошол мезгилде менин ички сезимимде ойдун кандайдыр бир жаңы «перзенти» төрөлдү. Анткени бул жигиттин мээримдүү күлүмсүрөгөн жарык маанайы, чымыр турпаты мага мурдатан эле таанышта сезилет.

Ооба, мен арийне жаңылган жокмун! Бул баягы мындан бир нече жыл мурун бокс боюнча эл аралык беттешүүдө жеңип чыккан жигит. Ал ошол кезде спорттун бул түрү боюнча Кыргызстандын чемпиону болчу. Андагы ала-тоолук кыргыз уланынын укмуштуудай жеңиши калың калайыкты аябай толкундаткан эле. Эми ошондогу ак калпак Ата-Журттун намысын коргоп, атаандаштары менен алпурушкан азамат жигит азыр лауреат болуп отурат. Мындай жак-

шынакай жөрөлгө кимди болсо да көңүл кушун көкөлөтүп, сыймыкка бөлөбөй койбойт!

Адамдын өмүрү үчүн өзүндөгү жаштык күч-кубатты аябай, ажал менен бетме-бет чыгып арбашкан азамат жигиттин эл үчүн сиңирген албан-албан эмгектери эмнегедир менин көңүлүмдө уялап, кыялымды алда кайда чабыттатат. Анын кайраткерлигин ата-конушка даңазалап, калемдин чыгармачылык күчүн сынап көрүү үлүшү мага да туура келди.

Заңгыраган кенен бөлмөдө эмгеги менен элге тааныла баштаган жаш окумуштуу Анварбек Илиязович менен өмүрдүн ар түркүн кырдаалындагы окуялар жөнүндө аңгемелешип, баятан бери баар алышып отурам. Эмгекти өз жанындай сүйгөн элеттик кыргыздын карапайым уулу Анварбек Илиязович менин өтүнүчүмө жараша жарык маанайда чечилип сүйлөп, өзүнүн купуя сырларын мээримдүүлүк менен төгүп отурду. Ал бирде аябаган зор терезенин ары жагынан көрүнгөн ак элечек тоолордун чокуларына ойлуу карап, кээде столунда жаткан илимий иштердин кол жазмаларына үңүлөт. Ооба, ал тынымсыз ой менен иштин айкалышында жүргөн адам. Анткени адам кайсы гана кесипте иштебесин, өз ишин өтө билгичтик менен толук аткарса, анын жүзү эл алдында күндөй жарык болору маалым. Бул мезгилге дейре Анварбектин башынан кандай окуялар өттү болду экен? Турмуштун өйдө-ылдый белестерин ашып, түркүн тоскоолдуктарын жирегендир? Нечен ысыкка күйүп, суукка тоңуп, ачуу-таттуу күндөрдү башынан өткөргөндүр?

Ооба, Анварбектин турмушка айкашкан тагдыры ошондой болду. Акыры талыкпаган тынымсыз эмгеги таалайга жеткирерине көзү жетип жан аянбастан эмгектенди, мына эми Анварбектин эмгеги аны чексиз бакытка бөлөп, атак-даңкка тундуруп отурат. Эл арасында кадыр-баркка ээ кылды. Көкүрөгүндөгү лауреаттык жана юбилейлик медалы, жогорку категориядагы хирург, «Саламаттыкты сактоонун отличниги» деген ардактуу наамдар буга күбө болуп, анын ар-намыстуулук менен эмгектенген иштерин айгинелеп турбайбы.

— Ким билсин... балким жаштык кыялдын шарданы менен келечекте башка кесиптин ээси болот белем? Анда баары бир Ата-Журтум үчүн ар дайым ар-намыстуулук менен ак ниеттүү эмгектенүү мен үчүн сыймык болмок! Бирок, ачыгын айтсам, өзүм жанымдай сүйгөн врачтык кесипти эч нерсеге алмаштыра албастыгымды башыма оор учур келген күндө да жашыра албайм. Мен үчүн бул кесип өмүрдөгү турмуштан алган эң ыйык шыбагам катарында туюлат. Андыктан өзүмдүн адамгерчилик сапатымды, жаштык күч-кайратымды, ойлогон ой-тилектеримди, ички дүйнөмдүн нравалык тазалыгын, сезимдеги тунук идеалымды алды менен ага багыштоо менин жашоодогу негизги максатым!

Ушул тапта Анварбектин ак жуумал, мээримдүү жүзү чексиз ажардана түшүп, бакытка балкыгандык оңой эле байкалат. Ар кимдин ой-кыялын ойноткон ак ниеттүү эмгегиндеги ийгиликтердин кубанычы көңүлүнүн тереңинде бекем сакталып, азыр да анын кыялын бийлеп тургандыгы маңдайында отурган мага даана сезилип турду.



— Менин балалык жылдарым өзүмдүн туулуп-өскөн айлым Долинкада өттү. Ар кимдин туулуп-өскөн жеринин өзүнө тиешелүү сүймөнчүгү болот. Анын сыңарындай кыргыз көлү Ысык-Көлдүн жээгинде жайгашкан биздин айыл менин балалык кыялыма зор таасир тийгизээр эле. Айрыкча кээ бир кездеги көлдүн ак буурул толкундары күр-шар эте жээкке урунуп, анын кереметтүү доошу мени сыйкырлап алуучу. Көлдүн жээгиндеги кооз жаратылыш, анын сууларынын өзгөчө бир касиети адам баласынын ден соолугуна пайдалуу экендиги анда мени анча ойлонткон эмес. Бир гана анын адамды суктанткан көркөм табияты, эртели-кеч толкундардын шуулдаган добушу менин наристе сезимиме кумардын отун жагуучу. Көл жээгиндеги менин бактылуу балалыгым көпкө узаган жок. Анткени Ата мекенибизге Гитлердик фашисттик баскынчылар кара ниеттик менен кол салып, айыл-апаны кайгы-муңга бөлөдү. Бирок эл-журт душманга жапа-тырмак каршы туруп, натыйжада намысты колдон алдырган жок. Анткени менен согуштун каары карапайым калкка оор салакасын алып келди. Ошондогу турмуштун каатчылыгы өлүм-житимдин көбөйүшүнө өбөлгө түздү. Анын үстүнө медициналык кадрлардын аздыгы да тескери таасир тийгизбей койгон жок. Жаш балдар, карылар болор-болбос дарттын өтүшүп кетүүлөрүнүн натыйжасында каза табышчу. Бир чети мына ушундай кырсыктуу жагдайлар менин да жаныма батып, келечекте адамдарды ажалдан сактаган врач болууга шыктандырды.

Акырында медик болуу тилегим мени өзгөчө дегдете баштады. Химия, физика, биология сабактарынын кызыкчылыгына терең батып кеттим. Аны менен бирге өзүмдүн спорттук машыгууларымды да калтырган жокмун. Ошондой эле үй-тиричилигине, колхоздун талаа жумуштарына кол кабыш кылып, бирде апам Шекер менен арык чапсам, бирде агаларым Салике, Докиндер менен араба айдайм.

Мына ошентип мен самаган мезгил да келип жетти. 1953-жылы июнь айында орто мектептин мамлекеттик экзамендерин ийгиликтүү аяктап, азыркы Кыргызстан Мамлекеттик медициналык институтунун абитуриенттеринин катарына кошулдум. Ырас, институтка өтүү экзамендерин тапшыруу мага оңой түйшүктөрдү алып келген жок. Анын үстүнө конкурс жогору болгондуктан даярдыкты күчөтүүгө туура келди. Албетте, мен ошол кезде эле адамдын жашоосу үчүн жан аянбастан күрөшкөн врачтардын кесиби өтө ыйык экендигин жакшы түшүнчүмүн. Бирок врачтык ыйык кесипке ээ болуу керек деген менин ички дүйнөмдөгү тунук сезим экзамендерде зор даярдыктар менен өтүүмө өбөлгө түздү.

Анварбек азыраак токтой калып, көз айнегин алды да, өзүнүн бейкапар студенттик жылдарын ыракаттана эскерип, ойдун тунук көлүнө чөмүп кеткенсиди... Сабактарын «эң жакшы» деген бааларда окуп, курстан-курска алкыш жарыялануу менен көчкөн. Айта кетчү орчундуу нерсе — институттагы илимий-практикалык кружокторго активдүү катышып жүргөндүктөн, жогорку курстарда өзүн аз-дыр-көптүр көнүгүп калган хирург катарында көрсөтүүгө жетишкен.

— Менин келечекте илимпоз болуп чыгышыма,— деди Анвар-



Прессподборщиктер. М. В. Фрунзе атындагы завод.

бек өзү сөз учугун улап,— албетте, институттагы илимий кружок-
тордо, конференцияларда жасалган тунгуч докладдар зор таасирин
тийгизгендигин баса көрсөтүшүм керек. Анткени андагы ийримдерге
азыркы коомчулугубузга аттын кашкасындай таанымал болгон про-
фессорлор, доценттер жана башка окутуучулар жетекчилик
кылышкан.

Анварбектин өмүр сапарындагы кутмандуу жыл — 1959-жыл.
Анткени ушул жылы Кыргызстан Мамлекеттик медициналык инс-
титутунун дарылоо факультетин жакшы аяктап, мамлекеттик комис-
сиянын чечими боюнча Кыргызстан онкология жана радиология
илим-изилдөө институтуна кызматка жиберилген. Ырас, алгачкы
кадам ар түрдүү тоскоолдуктарга учуратпай койгон эмес. Канат
каккан ар бир секунд сайын анын ойлогон оюу, көздөгөн максаты—
иштеген ишин, өзүнүн сүйгөн кесибин турмуш талап кылгандай
аткарып, саламаттыктын сакчылыгында ар-намыстуулук менен кыз-
мат өтөө болду. Ошондуктан окуп, изденип, тажрыйбалуу врачтар-
дын кеңешин угуп, жакшы жөрөлгөлөрдү өз практикасында колдо-
нуп, адамдар дуушар болгон ар кандай кырсыктарды жоюу үчүн
жан аябастан эмгектенди.





Оштогу жибек комбинаты.

Күн желеси созулуп, ай канаты ирмелген сайын ак эткенден
так этип иштеген эмгеги текке кетпей, өз үлүшүн бере баштады.
Туулуп-өскөн мекендин койгон талабын так аткарып, адамдын өмү-
рүн коргоодо, изденүүдө көп ийгиликтерди жаратты. Бирок, жаш-
тык кайратын сынай турган эң орчундуу күндөр али алдыда эле...

Анварбек ушул эле институтта клиникалык ординатураны ий-
гиликтүү бүтүп, аспирантурага кабыл алынды. Институтта иштеп
жүргөн кезинде ал өзүн эмгекти сүйгөн, такшалган врач жана эң
жакшы клиницист экендигин даана тааныта алды.

— Мына ошондо менин врачтык кесипке шыктуулугума жана
ага берилгендигиме институттун администрациялык жетекчилери
гана эмес, бардык сыркоолуулар да суктанышты.— Аз убакыттын
ичинде жетишкен ийгиликтериме манчыркабай, өзүмдүн кесибимди
ишенимдүүлүк жана чыгармачылык менен өркүндөттүм. Эмгектин
үзүрү ойдогудай болду,— Анварбек өзүнүн эмгек жолундагы тун-
гуч ийгиликтеринин кубанычына бөлөнүп, бактылуу көздөрү менен
мени бажырая карады.

Ак эмгегинен баар тапкан Анварбектин бакытка карай кол
созуп, машакаттуу турмушуна чыйыр салуусу мына ушундайча



Социалисттик эмгектин эки жолку баатыры Зуурakan Кайназарова колхозчулардын арасында.

башталып, натыйжада аспирантураны ийгиликтүү аяктады. Ал 1966-жылы профессор Алексей Ильич Саенконун жетекчилиги менен Алма-Ата шаарында «Кыргызстандагы теринин рагынын таралышынын жана мөөнөтүнүн создугушунун кээ бир бөтөнчөлүктөрү» деген темада диссертациясын ийгиликтүү коргоду. Анварбек ошону менен катар эле илимий-изилдөөлөрдү жүргүзүү менен дарылоо-диагностикалык иштерге активдүү катышкан. 1966-жылы ал ушул институттун ич көңдөйүндөгү шишиктер бөлүмүнүн жетекчилигине шайланган. Жетекчилик кызматты ал билгичтик менен ишке ашырып турду. Ушунун натыйжасында эң жакшы уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн жана онкологиялык ооруларды дарылоонун жана диагноз коюунун азыркы учурдагы талаптарын терең өздөштүргөн жогорку квалификациядагы онколог-хирург экендигин көрсөтө алды. Ал эми азыр ушул эле институттун директорунун илимий иштер боюнча орунбасарынын милдетин билгичтик менен ишке ашырууда.

Акыйкатта Анварбек коомчулуктун көңүлүн бурган пайдалуу илимий изилдөөлөрдү интенсивдүү жана үзүрлүү жүргүзүүдө. Ал кырктан ашык илимий жана популярдуу эмгектерди жарыялаган. Анын ичинен «Теринин рагы, эпидемиология, клиника жана дары-





Киров районундагы «Россия», колхозунун старший чабаны К. Аманбаев.

лоо» деген темадагы баалуу монографиянын автору да болуп саналат. Арийне бул эмгек теориялык жана практикалык мааниге ээ болуп эсептелет. Монографиядагы топтолгон клиникалык өтө кеңири материалда Кыргызстандагы теринин рагын дарылоону уюштуруунун жана диагноз коюунун маселелери боюнча көптөгөн баалуу практикалык сунуштар киргизилгендиги жүрөк кубантпай койбойт. Белгилей кетчү нерсе, бул монографияны жазууда 1665 оорулууга тажрыйба жүргүзүлгөн. Анварбек өзүнүн эмгегинде биринчилерден болуп рактын эпидемиологиялык маселелерин жана республиканын ар кандай этникалык топторунун арасында шишиктердин лаколизацияларынын таралышынын бөтөнчөлүктөрүн изилдеп чыккан. Ошону менен бирге анын оорулардын жынысы жана жаш курактарына байланыштуулугу белгиленген.

Мында автор тарабынан азыркы учурдагы илимий деңгелде тери шишиктеринин этнологиялык жана патогенетикалык проблемалары менен байланышкан маселелер каралган. Ошондой эле ракты пайда кылуучу рак болордон мурдагы абалдын клиникалык маселелери таасын текшерилип чыккан. Мына ушунун баары монографиянын практикалык баалуулугун дагы жогорулатып, изилдөө-

нүн авторитетин бийик көтөрөт. Акыйкатта, биздин өлкөдөгү көптөгөн окумуштуулардын бул эмгекке болгон зор кызыгуусун туудуруп жатышы мына ушуну менен түшүндүрүлөт.

Азыркы тапта А. И. Илиязов «Жоон ичегинин рагы жана аны клиникалык жол менен дарылоо» деген темадагы докторлук диссертациясынын үстүндө иштөө менен ичегинин шишиктерин хирургиялык жол менен дарылоо боюнча аябаган зор материал чогултту. Ал өзүнүн тажрыйбасынын негизинде, тактап айтканда, онколог-хирург катарында ичегинин рагын жана шишип кетүүлөрдөн мурдагы абалды дарылоону жана диагноз коюуну жакшыртуу максатында көптөгөн иш чараларды эң сонун жүзөгө ашырды. Ошондой эле ичегинин бетинен майда полиптерди жок кылуучу жана биопсинди алуучу каражаттарды иштеп чыгып, өндүрүшкө даярдаган.

Анварбек Илиязович СССР Министрлер Советиндеги ойлоп чыгаруулардын жана ачылыштардын Мамлекеттик комитетине автордук күбөлүгүн алуу үчүн арыз берген. Арыз кабыл алынып, экспертте изилденип жатат.

А. И. Илиязов илимий-изилдөө жана дарылоо-диагностук иштерди жүргүзүү менен бирге педагогикалык багытта да эмгектенет. Ал Кыргызстан Мамлекеттик медициналык институтунун жогорку курсунун студенттерине онкология боюнча сабак өтөт. Ошону менен катар бир нече жаш аспиранттардын илимий жетекчиси болуп саналат. Ал республиканын жана Фрунзе шаарынын дарылоо мекемелерине пайдалуу жана аябаган зор өлчөмдөгү консултативдик жардамдарды көрсөтөт.

А. И. Илиязов республиканын коомдук жайларында жана институттарда коомдук иштерди да жүргүзөт. Ал 1964-жылдан бери Кыргыз ССРинин бокс федерациясынын председатели болуп саналат. Азыркы учурда биздин республикадагы спорттун бул түрүн өнүктүрүү боюнча бир катар чараларды турмушка ашырды.

А. И. Илиязов республиканын комсомолдук иштерине да активдүү катышат. 1967-жылдан тартып Кыргызстан ЛКСМ Борбордук Комитетинин функциясындагы республиканын жаш илимпоздорунун окумуштуулар советинин мүчөсү болуп эсептелет. Бул иште ал жогорку деңгелдеги активдүүлүгүн көрсөтүп, жаш окумуштуулардын Кыргызстан Лениндик Жаштар Союзунун 40 жылдыгына, ВЛКСМдин 50 жылдыгына, В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына жана совет мамлекетинин түзүлгөндүгүнүн 50 жылдыгына арналып өткөрүлгөн юбилейлик илимий-техникалык конференциясын зор даярдыктар менен өткөрүүдө өзүнүн такшалган уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн эл көзүнө тааныта алды.

Эринбес эмгегинен бакыттын гүлү жадыраган Анварбек Илиязовдун жашы быйыл отуз жетиге толду. Бул жаш эл үчүн эмгектене турган эмгек жашы. Бирок анын алдында турмуштун дагы көптөгөн ашуу, белестери бар. Ошол өмүрдүн бийик серелеринен өзүнүн талыкпаган эмгеги, кажыбаган кайраты менен ийгиликтүү өтүп кете ала тургандыгында эч шек жок.



*ЖУМАТАЙ ШАРШЕЕВ*

# ТАҢДЫ ТОСКОН АДАМ

*(ОЧЕРК)*

— Ошентип звеньевойлукка дайындап коюшту. Владимир Никонович Зозулянын жетекчилиги алдында үч жыл иштедим эле, эми ал кишиге кантип көрсөтмө берип, иш тапшырам?— деп ыңгайсыздана түштүм. Бирок Владимир Никонович канткен менен тажрыйбага дыйкан, ушул кызылча талаасын нечен курдай узун-туурасынан кесип өткөн киши эмеспи, абалымды баамдай коюп:

— Эчтеке эмес, Стёпа. Жаштык кылбайсың. Мени эмне, дароо звеньевой бойдон төрөлдү деп турасыңбы? Бир-эки ирет жаңыласың—ансыз өзү иш да болбойт. Анан иштин көзүн таанып, камчы салдырбай кетесиң. Кокус күмөндөнө калсаң менден деле сура· Бизге караганда жашсың, күчүң билегиңде. Ошон үчүн ишенип отурабыз сага,— деди. Деги эмнесин айтасың. Оруста: «Алгачкы куймак

дайыма камыраак болот» деген сөз бар эмеспи. Анын сыңарындай ошол жылдагы кызылчадан алган түшүмүбүз чеке жылытарлык эмес — гектарынан 418 центнерден болду.

— Кийинки жылычы?

— 1967-жылдан баштап планды такай аткарчу болдук. Бирок эмнегедир звенодогулардын эч кимисинин өңүнөн ыраазылыктын жышаанын байкабадым. «Өзүң жасаган ишке ыраазы болуп, андан ырахат ала албаганың кандай?» деп ойлондум. «Мүмкүн изденүү, аракетти көбүрөөк жумшоо керектир? Мүмкүн жердин жашырган бир сырынын түйүнүн таппай жаткандырбыз?»

Кийинчерээк биздин бул түпөйүл суроубузду Макар Лукич Ярошенко чечип берди. Ал киши станцияда кант кызылчасын себүү боюнча агроном-сыноочу болуп иштейт.

— Билесиңби, Степан,— деди ал кандайдыр жашыруун нерсе айтканы жаткандай эки жагын каранып.— Эгер макул десең биринчи жолу сенин звеноңдун аянтына байкап көрөлү.

— Эмнени, Макар Лукич?

— Эмнени болмок эле, кызылчаны да. Жыл сайын жыбыратып коюу сээп жатабыз, туурабы?

— Туура.

— Аны суюлтуу үчүн кеминде бир айга жакын убакыт кетеби?

— Ооба.

— А эгер...— деп барып Макар Лукич токтой калды.

— Жыш кылбай, азыраак себели дейсизби?

— Таптың. Мурдагыдай эмес, аз норма менен сепкенибиз дурус болчудай.

— Аныңыз ырас го. Бирок тобокелдикке кантип чыдайбыз? Кокустан кызылча өнүп чыкпай калса, ошондо шорубуз кайнабайбы?

— Ах, Стёпа, Стёпа! Дал ошон үчүн байкап көрөлү деп сени менен кеңешип жатса.

Мен ойлоно калдым. Макар Лукичтин жасай турган тажрыйбасы бир жагынан азгырганы менен, бир жагынан опурталдуу эле. Ошондуктан, ойлонуп, акылга жеңдире таразалап жооп беришим керек болчу.

— Жарайт. Быйылча аянттын 40 гектарына ошентип көрөлү. Калган жүз гектарды мурдагы эле эски ыкма менен себели.

Септик. Макар Лукич жана звенодогу баарыбыздын оюбузда ошол кырк гектар аянт турду. Эртели-кеч өнүп чыкканы барбы деп карайбыз. Эчтеме көрүнбөйт. Бир күнү карасак он метр жерде бирден чыгымыш этиптир.

— Ичиңиз жакшы эле тызылдагандыр?

— Тызылдабай коёбу? Кокус ошол бойдон ала болуп калса кайра себүү коркунучу туулуп жатпайбы? Эми эмне кылчубуз?— деген суроого башыбызды мыжыктык. Ушунча эмгегибиз текке кетчүбү? Ыя? Бирок көпчүлүк киришсе табылбаган айла да болбойт тура. Түн экенине карабай жеңил мала менен бир сыйра малалап чыгып, бир-эки күн сары санаа болуп күттүк эле, биздин кубаны-



чыбызга тегиз өнүп чыкты. Ой, ошол 1971-жылдын жазы эсибизде көпкө сактала турган болду окшойт.

— Анда өз учурунда жардамга келген экенсиздер ээ?

— Албетте. Жаңы өнүп келаткан кызылча деле сууга чөгүп бараткан киши сымал жардамсыз. Эгер колуңду сунуп тартып алсаң, куткарып кетесиң. Мында эң башкысы — ошол учурдун өзүнө кечикпөө керек. Кечиккениң — далай центнерлерди жоготуу, түшүмдү азайтуу деген сөз.

— Ошол жылдын жазы эсте каларлык болду дедиңиз, Степан Семенович. Ал эми күзү кандай болду? Элде: «Жөжөнү күзүндө сана» деген сөз бар го...

— Албетте, биз дагы «жөжөбүздү» санадык. Баягы тажрыйба жасап тобокел кылып бел байлаган 40 гектардын ар биринен 570 центнерден алдык.

— Мурдагы жылдардагыңызга караганда алда канча түзүк болгон экен. Ал эми берки эски ыкма менен себилген 100 гектарчы?

— Анын гектарынан 527 центнерден айланды. Мына, көрдүңүзбү? Аз норма менен себүү өз натыйжасын берди. Мында биринчиден — кызылчанын уругу үнөмдөлөт, экинчиден — суюлтуу жумушу 8—9 гана күндө бүтөт экен.

— Аз норма менен себүү өзүн актаган экен да?

— Ооба. Аралыгы 10—12 сантиметрден так себилет. Тереңдиги болсо 3—4 сантиметр.

— Кийинки жылдары ошол ыкмага биротоло көчтүңүздөрбү?

— Жок. Адегенде эле бүт аянтты көчүрүү опурталдуудай сезилди. «Алда кандай болот» деген ой алыстабайт экен анын үстүнө. 1972-жылы баягы 140 гектар жердин үчтөн экисин, башкача айтканда, 80 гектарына аз норма менен септик эле, жыйынтыгы мурдагы жылдагыдан да жакшы болду. Пландагы 450 центнердин ордуна 584 центнерден түшүм жыйдык.

— Бул жолу звеноңуздагы механизаторлордун жүздөрүнөн ыраазылыктын белгисин байкаган чыгарсыз, Степан Семенович?

— Албетте. Бирок аны өңдөрүнөн билдиришпегени менен иштеринен даана байкадым. Жетишкен ийгилик адамга канат сыңары болот окшобойбу. Бала кезимде энем сууга жумшаганда «Эми тээтиги бакка чейин чыдайын» деп коюп, ал бакка жеткенимде: «Ансыз деле аз калды, үйгө чейин тынбай барсам эмне болот?» деп тынбастан көтөрүп келер элем. Иште деле ошондой болот экен. Улам жогоруураак чек белгилеп коюп, жеткенден кийин ал жөн эле жепирейген дөңсөө кебетеленип, альпинисттерчесинен улам жаңы бийиктикти көксөп, ошондон ашсам экен деп самайсың. Звеномдогулар да ушинтип ойлошот. Бир коллективде эмгектенгенден кийин анын чечими менен кантип келишпей коё аласың? Баягы: «Бирөө — бардыгы, бардыгы бирөө үчүн» деген сөздөгүдөй, ынтымагыбыз абдан жакшы. Өзүм белорусмун, Владимир Зозуля менен Николай Сухоплясовдор — украин, Франс Мартинс менен Василий Иост — немец, Николай Банбан — орус, Шады Одынаев — өзбек, Владимир Пак — корей. Көрдүңүзбү, звенодо өзүм менен он үч кишибиз. Ар улуттун

6—3188



С. Юсупова колхоз бакчасында балдар менен.

өкүлдөрүнөн турган интернационалдуу чакан коллективбиз. Максатыбыз бир болгон соң, башканын эмне кереги бар? Дээрлик бардыгы класстуу механизаторлор. Бири жок болсо бири ошол жумушту аткарып кете берет.

— Класстуу механизаторлор демекчи, Степан Семенович, сиз бул кесипти кандайча жактырып, башкага алмаштырган жоксуз? Албетте, бул суроо демейдеги, адатта кабарчылар берүүчү көнүмүш суроо деңизчи. Бирок да кесибиңизге болгон өзүңүздүн симпатияңыз жөнүндө билүү кызыктырып турат. Кээ бирөөлөр механизатордук кесипке кокусунан кабылса, дагы бирөөлөр эмгек акысына карап, үчүнчү бирөөлөр..

— Менин бул кесипти беттеп калганым эч кандай кокустук да, эмгек акысына кызыккандык да эмес. Ал кезде 7-классты жаңы бүтүргөм. Атамдын иниси Демьян Андреевич Раковец айылда трактор айдоочу. Бала күндөн ошол трактордун аркасынан жаңы коңторулуп жаткан бороз менен ээрчип, түтүнүнүн жыты өзүнчө жакшы жыттанып, жыңайлак буттарымдын жумшак, нымдуу топуракты моокуму канып басканы такай азгырар эле. «Ошол Демьян байкемдей болуп трактор айдасам ээ» деп самачумун. Жетинчини бүтүрөр





Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты, Кыргыз ССРинин эл жазуучусу, Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын академиги Чыңгыз Төрөкулович Айтматов.

менен Демьян байкеме прицепщик болуп алдым. Ошондогу кубанычым ай!.. Өзүм биринчи жолу трактор айдап... Түшүнүп жатасызбы, муну кантип айтсам? Килейген трактор, а сен болсо баласың. Бирок ал сенин ичке, билегинде али түгү жок колдоруңа моюн сунуп, оңго бурсаң — оңго, солго бурсаң — солго... Жөн эле керемет! Өзүң дыйкандын уулу болгондон кийин жерди кичинеңден эле сыйлай да, сүйө да баштайт экенсиң. Атам менен энем жалаң талаачылыкта иштешип, азыр пенсияда, туулган жерим болгон Белоруссиянын Минск областынын Стародорожский районундагы Дрозды кыштагында жашап турушат. Менин жерге болгон сүйүүмдөн улам ушул механизатордук кесипке умтулдум окшойт. Мына, азыр жашым отуз төрттө болгону менен турмушумдун 15 жылдан ашууну жалаң трактор менен байланышты.

— Стажыңыз жакшы эле болуп калган экен, Степан Семенович. Мунун бардыгын бир жерде иштеген эместирсиз?

— Ооба. 1956-жылы Архангельск областынын Ровденск районунда токой жыгачын даярдоо ишинде иштеп, андан Армияга чакырылдым. 1960-жылы демобилизация учурунда өздөштүрүлбөгөн дың жерлерге баруучуларды каттап жатышканын угуп, баргым келди.

Жаштык кез өзүнчө романтиканы самап, кыйын участокторго барып иштөөгө ынтызар болот тура. Ошентип Алтай крайындагы Локтев үрөн совхозунда тракторчу-комбайнчы болуп иштедим. Андан кийинки ишим болсо такай ушул машина сыноо станциясы болуп калды. Кайсы жерде көбүрөөк иштеп көнүп алсаң — ошол жер «өз үйүң— өлөң төшөгүңдөй» эле болот экен...

...Ушул бирде жылмайып коюп, бирде ойлуу, бирде кызып сүйлөп отурган жумшак мүнөз, орто бойлуу жигитти улам көз айырбай карайм. Кандайдыр бир өзгөчөлүк издеп убараланам. Бирок менин издегеним оңойлук менен табылчудай эмес. Мындай карасаң мандайында жөпжөнөкөй, өз ишин сүйө жана баалай билген, Екатерина аттуу жубайы бар, Витя жана Алёша деген эки уулдун атасы— Степан Семенович Раковец аттуу механизатор отурат. Үй ичи жылуу эмеспи — көйнөкчөн. Ал эми тетиги үч эшиктүү шкафтын ичиндеги костюмунун төшүндө ВДНХнын күмүш медалы, «Кыргыз ССРинин айыл чарбасындагы социалисттик мелдештин отличниги» деген значок, Лениндик юбилейлик медаль, Ленин ордени, Кыргыз ССР жогорку Советинин депутатынын значогу тагылуу экенин саамга унутуп да койчудайсың. Тамекиден улам кере соруп коюп, түтүндү үйлөп, өзүнө мүнөздүү илбериңкилиги менен сүйлөп, сөзүнүн учугун улайт...

...— Анан бул коллективдин мүчөлөрү өз бир тууганларындай сезилип, улуулардын өрнөгүн үйрөнүп, өзүңдөн кичүү жаштарга билбегениң үйрөтүп дегендей камыр-жумур болуп иштей бересиң. Таңды да, түндү да кызылча талаасынан тососуң. Албетте, таң менен түндү жөн эле сейилдеп тоспойсуң дечи. Бир күнү иштер жайында болуп, кушубак көңүлүң менен тоссоң, бир күнү «жаңжал» үстүндө андай сулуулукту байкабай калышың мүмкүн.

— Ал эмне болгон жаңжал?

— Ээ. Иштин ар кандай жагдайына туш келесиң. Маселен менин звеномдон бөлүмдүн башкаруучусу беде сугарууга киши сурап келет десеңиз. Ал эми бизде болсо ошондо иштин кызыган, ал түгүл тамактанууга да чоло калбай тургандай учур болот.

— Бергин!— дейт башкаруучу.

— Бербеймин!— деймин мен. Бирок анткеним менен акыры «жеңилүүгө» туура келет. Мынчалык зарылып жаткандан кийин, демек ал жерге киши өтө керек деп ойлойсуң. Анткени өзүңдүн кызылчаңа да адам керек болгондо сурайсыңбы? Сурайсың. Ошентип керектүү кишини убактылуу беребиз да, анын жасоочу ишин калганыбыз бөлүштүрүп алабыз. О-ой, мындай «жаңжалдар» биздин үчүнчү бөлүмдүн башкаруучусу Михаил Васильевич Васильев, бригадир Петр Григорьевич Полишук менен далай болбодубу. Бирок иш үстүндөгү мындай талаш-тартыштардын пайдадан бөлөк зыяны жок. Бул кишилер минтип кээде «кыйкырышканы» менен менден агалык кеңештерин, жылдап жыйнаган тажрыйбаларын аяшпайт. Андыктан өзүмдүн улам иштин көзүн таанып баратканым үчүн ушундай адамдарга милдеттүү экенимди эсимден чыгарбайм. Өзгөчө станциябыздын агроном-сыноочусу Макар Лукич Ярошенко менен тыгыз байланыш-



та иштегенди жакшы көрөбүз. Ал киши изденип иштөөнү каалайт, анын үстүнө иши да ошого байланыштуу. Маселен аянттын башынан бир-эки түп кызылчага байкоо жүргүзүү менен канча минералдык, же органикалык семирткич керек, ал канчалык өлчөмдө талап кылынат — ушулардын бардыгын так эсептеп чыгат. Эгер органикалык семирткич керек болсо, ал кишинин айтуусу боюнча кыкты кургатып (анткени жаңы кезинде өтө күчтүү болуп, өсүмдүктү күйгүзүп жибериши мүмкүн), сугат маалында суугa дозасына жараша эзип, анан азыктандырабыз.

— Бир сезондо кызылчаны нече жолу сугарасыздар?

— Тогуз жолу. Жалаң гана ДДМ—100 жамгырлатып сугаруучу установка менен.

— Күндүзү сугарылабы, же түнкүсүнбү?

— Керек болгон учурда. Күнбү, же түнбү, ага карабайбыз. Звенобузда кабыл алган шартыбыз ушундай.

— Эми, Степан Семенович, быйылкы жылдагы түшүмүңүз жөнүндөгү кепке көчөлү. Бул жылы бая айтып келаткандай алиги жаңы ыкма менен бардык 140 гектар аянтыңызды айдагандырсыз?

— Ооба, баарына айдадык. Себеби мурдагы эки жылдын түшүмүнөн улам бул ыкмага толук ишендик. Планыбыз гектарынан 480 центнерден, ал эми милдеттенмебиз 520 центнерден болчу. Быйылкы жерге берген мээнетибизди жер кайрадан кайтарып, гектарынан 626 центнерден алууга жетиштик.

— Абдан жакшы экен. Мында башка кызылча өстүрүүчүлөргө айтып, үйрөтүп коё турган жашыруун сыр жокпу, Степан Семенович?

— Кайдан болсун? «Эр эмгегин жер жебейт» эмеспи. Бул, биринчиден, мээнетке жараша. Экинчиден, чогуу иштеген коллективдин биримдүүлүгү, ынтымактуулугу керек. Үчүнчүдөн, бул эң башкысы — жерди сүйө билүү керек. Эгер жерди сүйбөсөң, жер да сени жактыра бербейт. Аны өз учурунда иштетип, бапестеп багып, суусунун кандырып турсаң — болгон жемишин сенден аябайт. Бир данынды жүз, жүз үрөнүңдү миңге айлантып кайтарат. Быйыл жакшы түшүм алуубуздун дагы бир орчундуу себеби — кызылчанын катар аралыгын звенодо биринчи болуп 45 сантиметр кылып септик. Ушундан улам түшүмдүүлүктүн дагы бир сырын үйрөндүк го деп ойлойм. Мурда аралыгы 60 сантиметр болучу. Бул Макар Лукичтин демилгеси.

— Эми мунун баары өзүнөн-өзү бүтө койбойт го? Нечен күйпөлөктөгөн күндөрдү, түйшүктүү түндөрдү узаткан чыгарсыздар?

— Албетте. Кыйынчылыгы жок бир калыптагы ишти өзүм да жаман көрөм. Кабыргаң кайыша кыйналып, анан ошол ишиң сенин жеңишиң менен аяктаса, кандайдыр жеңил басасың. Жеген наның да дамдуу, көңүлүң көтөрүлүп, ырдагың келет... Мына ошондой учурда иштен кадимкидей ырахат алат экенсиң. Мүмкүн сиз менин «иштен ырахат аласың» деген сөзүмө күлкүңүз келип жүрбөсүн?

— Жок. Эмне үчүн антмек элем? Мен сиздин оюңузга толук түшүнүп жатам, Степан Семенович. Айта бериңиз.



Бисквит фабрикасынын жумушчусу А. Бектурсунова.



Социалисттик Эмгектин Баатыры Д. Рафикова.

— Минтишимдин да жүйөөсү бар. Кээ бирөөлөргө ушинтип айтсам: «Тигини кара, кечке трактордун дырылдагына кулагын тундуруп жүрүп, анан кайсы ырысына ырахат алат имиш? Ишин жакшы көрөт деп мактап койсо андан ары дегеле...» деп күңкүлдөшөт. Мейли, күңкүлдөшсө өздөрүнүн эрки дечи. Мен андайларга капа деле болбойм. Ар кимдин эмгек жөнүндөгү, өз кесиби жөнүндөгү ой-пикири башка эмеспи. Мисалы артист өзүнүн жакшы аткарган ролунан, жазуучу чыгармасынан, өтүкчү ултарган туфлисинен ырахат алат, өзүнө ыраазы болуп, улам кийинки ишинин үстүндө изденет.

Ар бир жылдагы аракетиң да, алган түшүмүң да бири-бирине окшобойт. Ар бир жылда өзүнчө кайталангыс түйшүк менен чеке жарылчудай кубанычтуу күндөр болот. Капа болгон күнүңдү кубанычтуу күн дароо унуткаргандай, өз кезегинде кубанган күндү мүчүлүштөгөн күнүң чар учкандай сапырып иет. Ошондо кыйынчылыгыңа муңкүрөп, жетишкениңе дердеңдеп кетпей жүргөн оң. Себеби экөөнүн тең даамы сага тааныш...

...Жалаң талаа жөнүндө, кызылча, кызматташтары жөнүндө сүйлөп жаткан Степан Раковецке дагы бир жолу суктана карадым. Эртең менен таңды, кечкисин жылдыздарды талаадан тоссо, бул киши





«Улахол» совхозунун старший чабаны, Социалисттик Эмгектин Баатыры Кайыр Мукашова.



СССР Жогорку Советинин депутаты Надежда Лавская.

өзүнө ишеним көрсөткөн шайлоочуларынын наказдарына кайсы учурда назар салат болду экен? Ушуну сурайынчы...

— Албетте, баарына жетишип жатам деп кантип айтайын. Бирок ара-чолодо андай маселелерди райондун борбору Кантка, же Жогорку Советтин Президиумуна бара калганда чечишип жүрөм. Көбүнчө буларды кыш мезгилинде (анткени кышында бир азыраак убакыт болуп калат) бүтүрүүгө аракет жасайм.

— Баятан бери түшүмдү жыйнаганга чейинки жасаган аракеттер жөнүндө баяндадыңыз. Ал эми түшүмдү кандайча жыйнайсыздар?

— Колдон-колго өткөрүү системасы менен. Айталык, комбайн менен кызылча казылат да, бир жерге топтолот. Андан кызылча абдан тазартылып, тиешелүү кондицияга жеткирилип, автожүктөөчүнүн жардамы менен машинага жүктөлүп, кант заводуна жөнөтүлүп турат.

— Ошондо түшүмдү канча күндө жыйнап үлгүрөсүздөр?

— Он төрт жумушчу күндө. Бул жагынан алганда быйылкы жылы КСТ-3 маркасындагы комбайндарда иштешкен Владимир Зозуля менен Геннадий Зяблицкий, ал эми автожүктөөчүдө эмгекте-

нишкен Николай Сухоплясов, Шады Одынаевдердин ийгилигин айтпай кетсем болбос. Алар күн сайын дээрлик үчтөн норма аткарууга үлгүрүп жатышты. Бул, албетте, эмгекке болгон эң сонун мамиле. Муну сыймык менен гана айтуу керек.

Звенобузда 12 трактор бар. Ар бирибизге бирден десек болот. Механизаторлорубуздун дээрлик бардыгы 1—2 класстагы адистер. Биринин ордуна бири жөн гана иштеп кете беришет. Мындай адамдар менен иштешүүнүн өзү чоң бакыт. Жакында СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы жарыяланып, менин эмгегим бааланып, Социалисттик Эмгектин Баатыры деген эң ардактуу наам ыйгарылды. Бул кубанычтуу кабарды угузуу менен районубуздун жетекчилери чын ыкластарынан куттукташты. Буга абдан кубанам. Бирок бул жеке гана өзүмдүн керт башыма тиешелүү эмес, бүткүл звенодогу кесиптештеримдин, кала берсе «Союзсельхозтехниканын» Кыргызстандагы зоналык машина сыноо станциясынын коллективинин ийгилиги деп эсептейм. Бул наам мага берилгени менен анда кесиптештеримдин да аздап үлүштөрү бар экенин айтуу керек.

* * *

Бул астейдил эмгектин үзүрү. Айта келгенде жеңил болгону менен Степан Раковец өзү айткандай нечен түйшүктөн билгичтик менен өтүп, кажыбаган кайрат менен жеңип алган бакыт. Буга кубануу керек. Ананчы! Мына, Степандын жубайы Екатеринанын жүзү жылмаюудан арылбайт. Мүмкүн ал өзүн түш көргөндөй сезип: «Ырас эле мен Баатырдын келинчегиминби?» деп ойлоп, утуру Степанына карап, куттуктап келишкен меймандарга берер тамагын таппай өзүнчө убара. Анткени менен Катя дагы жубайы менен эмгектеш: талаада кызылча суюлтууда иштесе, үйдө балдарын тарбиялап, Степандын дагы жакшы иштөөсүнө шарт түзөт.

Акыры Степан Семенович Раковецтен — жакында Социалисттик Эмгектин Баатыры болгон адамдан — алыстай бергенимде гана убараланып таппай жаткан андагы өзгөчөлүктү таптым. Ал дыйкандын түгөнгүс байлыгы — жерге болгон сүйүү экен. Ошол сапат анын өзгөчөлүгү окшойт деген пикирде калдым.

Автобус улам ылдамдап, жолдун эки тарабындагы кыроо жамынып, күмүш түстөнгөн бактар артта калып барат. Ал бактардын ары жагы айдалган — Эмгек Баатырынын звеносунун аянттары... Ал жөнүндө ойлоп, бирде жылмайып, бирде томсоро калып сүйлөгөн элеси көзүмө элестейт. Азыр ал эмне жөнүндө ойлонуп отурду экен? Анысы мага белгисиз. Менин билгеним, Степан эртең эрте туруп, көнүмүш адаты менен талаа четине чыгып таңды тосот. Анткени бул — дыйкан кишилердин эч жерде жазылбаган, эч жерден үйрөнбөй, эч кимге үйрөтпөй турган өзүнчө адаты.



# РЕСПУБЛИКАМ— ДОСТУКТУН ӨЛКӨСҮ



*ТОКТОСУН МАМБЕТСАРИЕВ*

*тарых илимдеринин кандидаты*

# ОРУС ТИЛИ—ДОСТУКТУН, ПРОГРЕССТИН ТИЛИ

Тургеневдин, Толстойдун, Добролюбовдун, Чернышевскийдин тили улуу жана күч-кубаттуу.

*Ленин.*

Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын XXIV съезди биздин өлкөбүздүн социалдык-экономикалык жана маданий прогрессиндеги маанилүү жаңы этап болду. Съезддин материалдарындагы көп жоболор жана корутундулар илимий коммунизмдин теориясы сыяктуу эле коммунисттик курулуштун проблемаларын иштеп чыгарууда жаңы ири кадам болуп саналат. Мындай маанилүү проблемалардын бири — СССРдеги бир тууган улуттардын өз ара жакындашы, алардын тилдеринин эркин өнүгүшү, ошондой эле улуттар аралык катнаштын жана кызматташтыктын тили катары орус тилинин ролунун өсүшү жөнүндөгү маселе.

Илимий коммунизмдин негиз салуучулары Маркс менен Энгельстин тил жөнүндөгү теория-



Тажикстандын жазуучулары достук багын тигүүдө, 1962-жыл.



Балет мектебинде.

лык мурастарын андан ары өнүктүрүп, коомдун тарыхындагы жана тилдик ситуациядагы жаңы маалыматтарды терең изилдеп жана пайдаланып, Владимир Ильич Ленин көп улуттуу мамлекеттеги тилдердин ролу, функциясы жөнүндө бир катар теориялык жаңы жоболорду иштеп чыккан.

Владимир Ильич Ленин тил проблемасын Коммунисттик партиянын улут маселеси боюнча теориясынын жана программасынын ажырагыс составдык бөлүгү катары караган. Ал тил проблемасын чечпей туруп, улут маселесинин акыр-аягына чейин чечилиши мүмкүн эмес деп көрсөткөн. В. И. Ленин тилди адамдардын байланышынын эң маанилүү куралы деп эсептеген.

Улуу Октябрь революциясына чейин падыша өкмөтүнүн саясаты улуттук тилдерди аябай кемсинтүүгө, элдердин жана алардын тилдеринин теңсиздигин күчөтүүгө багытталган болучу. Ондогон элдердин жазуусу болгон эмес. Революцияга чейин кыргыз, молдаван жана башка майда улуттардын тилдеринде бир да китеп басылып чыкпаган. Ал гана турусун улут катары эчак калыпталган украиндыктардын тилинде да адабияттарды басып чыгарууга тыюу салынган. Падыша





Кыргыз ССРинин эл артисти Эстебес Турсуналиев.



Музыкалык мектепте, Фрунзе шаары.

өкмөтү тилдердин тең укуксуздугун атайлап белгилөө үчүн орус тилин мамлекеттик тил деп жарыялаган.

В. И. Ленин жана Коммунисттик партия бул факторду терең изилдешти жана партиянын улут программасын иштеп чыгууда эске алышты. В. И. Ленин бардык элдердин тилдерин тең укуктуу кылууну, кайсы гана тилдин болсо да артыкчылыгын жоюуну, ошону менен бирге милдеттүү, мамлекеттик деп аталган тилди жоюуну, өлкөнүн ар бир элинин эне тилин эркин пайдалануу, өз эне тилинде балдарын окутуу, китептерди, газеталарды, журналдарды басып чыгаруу үчүн реалдуу шарттарды түзүүнү талап кылган.

«Аң-сезимдүү жумушчулар,— деп жазган В. И. Ленин,— улутчул буржуазиянын ар кандай түрлөрүнөн айырмаланып... улуттардын жана тилдердин эң толук, ырааттуу, акыр-аягына чейин жеткирилген тең укуктуулугун жакташат. (ЧТЖ. 25 том, 144—145-беттер). Партиянын программалык бул жобосу «жумушчу демократиясынын улуттук программасы: бир да улутка, бир да тилге сөзсүз эч кандай привилегиялар берилбесин...» деп белгилеген В. И. Ленин. (ЧТЖ. 19-том, 385-бет, 1956-жыл).

В. И. Ленин «Улут маселеси боюнча тезистер» деген өзүнүн бел-

гилүү эмгегинде Россияда милдеттүү мамлекеттик тилдин кажети жоктугун негиздеп көрсөткөн. «Россияда андай тил өтө эле ашыкча болот,—деп жазган. В. И. Ленин,—анткени, Россиядагы калктын ондон жетисинен көбүрөөгү бир тууган славян элдерине таандык болот, ал эми булар болсо эркин мамлекеттеги эркин мектептин тушунда, экономикалык обороттун талаптарына ылайык, бири-бири менен түшүнүү мүмкүндүгүнө тилдердин биринин болсо да эч кандай «мамлекеттик» артыкчылыктарысыз жеңил эле жетише алышат болучу». (19-том, 259-бет, 1956-ж.).

Лениндик бул жоболор Коммунисттик партиянын тил жагындагы бардык иши үчүн чоң мааниге ээ болду. Ал иштер Улуу Октябрдан кийин улут саясатын ишке ашыруу боюнча партиянын бардык чечимдеринин негизинде жолго коюлду. Партиянын X жана XII съезддеринде да бул маселеге айрыкча көңүл бурулган. В. И. Лениндин түздөн-түз жетекчилиги астында өткөн Коммунисттик партиянын X съезди өзүнүн атайын чечиминде көп улуттуу совет элдеринин маданиятын жана эне тилдерин өнүктүрүүгө багытталган чаралардын кеңири программасын белгилеген. Партиянын милдети, деп көрсөтүлгөн бул чечимде, алга кеткен борбордук Россияны кууп жетүүгө великорусс эмес элдеринин эмгекчи массаларына жардам көрсөтүүдө турат.

Социалисттик курулуштун бардык этабында Коммунисттик партиянын лениндик улут саясатын изден тайбастан ишке ашыруу улуттук тилдик түзүлүштө мурда болуп көрбөгөндөй ийгиликтерге жетишүүнү мүмкүн кылды. Мурда өзүнүн жазуусу болбогон кырктан ашуун элдер жазуусуна ээ болушту, улуттук адабий тилдерин өнүктүрүштү. Советтер Союзунун бардык тилдери бул мезгилдин ичинде көп сандаган жаңы түшүнүктөр менен байыды, өздөрүнүн терминологиясын өркүндөттү, өздүк составын кеңейтти.

Советтер Союзунда «мамлекеттик» жана «мамлекеттик эмес» деп аталуучу тилдер жок жана болушу да мүмкүн эмес.

СССР элдеринин бардык тилдери көп улуттуу совет мамлекетинин турмушунун бардык сфераларында тең укуктан пайдаланат. Бул КПССтин Программасынын негизги жоболорунун бири.

Советтер Союзунун Коммунисттик партиясынын программасы СССР элдеринин тилдеринин азыркы кездеги абалын да, өнүгүшүнүн перспективаларын да көрсөтүп берди. Программада мындай деп айтылган: «СССР элдеринин тилдеринин мындан ары да эркин түрдө өнүгүшү, СССРдин ар бир гражданына ар кандай тилде сүйлөө, өз балдарын ар кандай тилде тарбиялоо жана окутуу боюнча толук эркиндик камсыз кылынсын, мында же бул тилдерди пайдалануу жагынан эч кандай артыкчылыктарга, чектөөлөргө же мажбурлоолорго жол берилбесин. Элдердин бир туугандык достугунун жана өз ара ишенчинин шарттарында улуттук тилдер тең укуктуулуктун жана бирин-бири байыттуунун негизинде өнүгөт.

Улуттук тилдердин тең укуктуулугун жана эркин өнүгүшүн советтик чындыктын фактылары айкын далилдеп турат. Социализмди куруу жылдарында мурда артта калган улуттук чет жакалардын



бардыгында мектептердин, техникумдардын кеңири тармагы түзүлдү. Бардык союздук республикаларда илимдер Академиясы, университеттер, ар түрдүү тармактагы институттар, көп сандаган маданий мекемелер, китепканалар иштеп жатат. Бардык союздук республикалар азыркы убакта өз эне тилдеринде жаштарга жалпыга милдеттүү орто билим берүүнү ишке ашырууда.

Социалисттик курулуштун шарттарында, лениндик улут саясатынын негизинде бир тууган социалисттик улуттардын тилдеринин үй-бүлөсүндө кыргыз тили да ар тараптан өнүктү жана байыды. Кыргызстанда азыр тогуз жогорку жана 36 атайын орто билим берүүчү окуу жайы, жалпы билим берүүчү 1810 мектеп иштейт. 1378 массалык китепкана, 1039 клуб бар. Улуу октябрга чейин жазуусу болбогон кыргызстанда азыр 140 ка жакын газеталар менен журналдар чыгып турат. Элүү жылдын ичинде республикада жалпы тиражы 100 миллион нускадан турган 20 миң китеп басылып чыккан. («Политическое самообразование» журналы 1972-жыл, № 11-санын караңыз).

Ошондой эле Октябрь революциясына чейин бир да илимий кызматкер болбогон Советтик Кыргызстанда азыр эки миңге жакын илимий кызматкер иштейт. Кыргыз тили жана адабияты, илимдин ар кайсы башка тармактары боюнча фундаменталдуу илимий эмгектер басылып чыккан.

Советтер Союзунда улуттук тилди кадырлоо 1970-жылдагы эл каттоодон да ачык көрүнүп турат. Эл каттоодо биздин өлкөбүздүн калкынын 94 проценти өз улутунун тилин эне тилибиз деп көрсөтүшкөн. Бул буржуазиялык улутчулардын жана ревизионисттердин СССРде улуттук маданиятты жана тилди мажбурлоо менен ассимилизациялоо жүргүзүлүп жатат деген ушактарынын бетин ачат.

«Өткөн жарым кылымдын ичинде болгон социалдык-саясий терең жана ар тараптуу өзгөрүүлөрдүн негизинде, дейт Л. И. Брежнев,— биздин коом сапаттык жаңы деңгээлге көтөрүлдү. Улуу Лениндин алдын-ала көргөндөрү турмушка ашты, ал социализм «адамзаттын» биргелешип жашоосунун жаңы, жогорку формаларын жасайт деген. КПССтин XXIV съезди белгилегендей, бизде адамдардын тарыхый жаңы жалпылыгы — совет эли түзүлүп, реалдуу чындык болуп калды (Л. И. Брежнев, СССРдин элүү жылдыгы жөнүндө, 22-бет).

СССР элдеринин тең укуктуулугу, алардын экономикасы менен маданиятынын дүркүрөп өнүгүшү, алардын ортосунда достук жана ар тараптан кызматташуу мамилелеринин орношу, тең укуктуулуктун жана өз ара баюунун негизинде алардын улуттук тилдеринин ар тараптан өнүгүшү өлкөнүн элдеринин катнашынын буга чейин болуп көрбөгөндөй тездешине алып келди. Буга байланыштуу биздин көп улуттуу өлкөбүз үчүн бирдиктүү, жалпы улуттар аралык тилдин зарылчылыгы келип чыкты.

СССР элдеринин ыктыярдуу макулдугу менен улуттар аралык катнаштын жалпы тили—орус тили болуп калды. Орус тилинин СССР элдеринин улуттар аралык катнашынын жана кызматташтыгынын



Кыргыз жеринде меймандарды тосуу.

тили болуп калышынын бир катар объективдүү жана субъективдүү факторлору бар.

Ал факторлор төмөнкүлөр:

Биринчиден, орус тили Советтер Союзунун калкынын көпчүлүгүнүн экинчи эне тили болуп эсептелет. Социалисттик курулуштун алгачкы этабында, 1926-жылы, орустар өлкөнүн калкынын 52,9 процентин түзсө, ал эми 1970-жылы СССРде болгон эл каттоонун маалыматы боюнча 53,4 процентти түзөт. Буга башка улуттардын орус тилин эне тилибиз деп эсептеген 13 миллион өкүлүн кошсок болот. Бул, орус эмес улуттардын орус тилин билген ар бир гражданы өлкөнүн калкынын бештен үч бөлүгү менен сүйлөшө алат дегендикке жатат. В. И. Ленин бул факторго токтолуп, 1913-жылы эле: «...Экономикалык оборотун керектөөлөрү бир мамлекеттин ичинде жашап турган улуттарды (алар бирге жашоону каалаган кезде) көпчүлүктүн тилин үйрөнүүгө ар дайым аргасыз болот» деп көрсөткөн. (23-том, 423-бет, Ф., 1956-ж.).

Экинчиден, башка тилдерге караганда, орус тилинин СССРдин эң ири эки улуттук тилине — Украина жана Белорус тилдеринин жакындыгы ага улуттар аралык байланыштык тили болууга негиз түзүп отурат. Бул тилдердин түпкү тамыры бир — байыркы орус





Дем алуу.

тили. Бул бир тууган үч эл кылымдар бою бирге жашап, душмандарга каршы биргелешип күрөшүп келишкен. Орус, украина жана белорус тилдери өзүнүн сөздүк фондусу, фонетикалык өзгөчөлүктөрү, грамматикалык эрежелери боюнча бири-бирине өтө жакын. Ошондуктан украиндыктар менен белорустар үчүн орус тилин үйрөнүү бир канча жеңил. Бул үч элди бирге алганда СССРдин калкынын 75 процентке жакынын түзөт. Улуттар аралык байланыштын тилин белгилөөдө бул факторду этибарга албай коюуга болбойт.

Үчүнчүдөн, СССР элдеринин орус тилин улуттар аралык катнаштын тили катары эркин тандап алышын жеңилдеткен факторлордун дагы бири орус тилинин өзгөчөлүгү, атап айтканда, территориялык диалектилеринин жакындыгы, орустун жазуу-адабий тилинин жана элдик оозеки тилинин, жазуусунун жана анын айтылышынын жакындыгы болуп эсептелет.

Тарыхый келип чыккан бул объективдүү факторлордон башка орус тилин улуттар аралык байланыштын тили кылган субъективдүү факторлор да бар.

Мында баарыдан мурда, башка элдердин орус тилин үйрөнүүгө болгон кызыкчылыгынын жыл сайын артып жаткандыгын айрыкча белгилей кетүү керек. 1970-жылдагы эл каттоонун маалы-

маттары боюнча 184 миллион адам, орус тилин эне тили же болбосо эркин сүйлөй билген тил катары көрсөтүшкөн.

Орус тили — бул биздин улуу жолбашчыбыз жана окутуучубуз В. И. Лениндин тили. Анын гениалдуу чыгармалары орус тилинде жаратылган. В. И. Лениндин ар бир чыгармасы ойдун — акылдын океаны, күрөштүн жана эрдиктин мектеби, жеңиштердин булагы.

Орус тили — илимдин, эл агартуунун жана маданияттын тили. Орус тилинде азыркы цивилизациянын эң бай жана баалуу чыгармалары жаратылган. Дүйнөдөгү адабияттын үчтөн бири азыр орус тилинде чыгат. Жарыяланган адабияттардын саны жана көлөмү боюнча орус тили дүйнөдө биринчи орунга чыгып отурат.

Орус тили достуктун, прогресстин тили. Мурда артта калган улуттардын маданиятынын өнүгүшүндө орус маданияты, баарыдан мурда, орус тили зор таасир көрсөттү. Биздин көп улуттуу өлкөбүздүн элдеринин тилине, алардын ичинде кыргыз тилине орус тилинин таасири эң зор. Орус тилинин таасири астында кыргыз тилинин сөздүк составы бир кыйла байып, грамматикалык түзүлүшү өркүндөөдө.

В. И. Ленин 1920-жылы 6-мартта Москва Советинин III интернационалдын бир жылдыгына арналган салтанаттуу заседаниесинде сүйлөгөн сөзүндө мындай деген: «Биздин «Совет» деген орус сөзүбүз — эң көп таралган сөздөрдүн бири болуп эсептелет, ал түгүл башка тилдерге которулбастан эле, бардык жерлерде орусчадай айтылып жүрөт. (30-том. 470-бет, Ф., 1958-ж.).

Кыргыз тили да ушундай тилдердин бири. Улуу Октябрдан кийин анын сөздүк фондусуна орус тилинен жүздөгөн сөздөр кирди. Азыр съезд, коммунист, партия, революция депутат деген сыяктуу сөздөр кыргыз тилине бекем сиңип калды.

Орус тилин өз эне тилиндей билүү илим, техника, искусство жана эл чарбасынын бардык тармактары үчүн улуттук кадрларды даярдоонун сапатын кескин түрдө жакшыртууга жардам берди. Бул ошондой эле орус элинин кылымдардан берки маданиятынын, көркөм жана илимий адабияттардын баа жеткис байлыгы менен таанышууга мүмкүнчүлүк берди. Орус тили кыргыздын окумуштууларына чоң илимге жол ачты. Орус тили аркылуу гана кыргыз элинин таланттуу жазуучусу Ч. Айтматовдун чыгармалары СССРдин гана эмес, дүйнөнүн элдерине белгилүү болду. Мына ушулардын бардыгы Кыргызстандын эмгекчилер массасынын алдында орус тилинин зор коомдук ролун ачык-айкын демонстрациялап көрсөттү, орус тилин мүмкүн болушунча жакшы билүүгө алардын умтулушун арттырды.

«Орус тили,— деп белгилеген Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары жолдош Т. Усубалиев «Пролетардык интернационализмдин туусу астында» макаласында,— башка советтик элдер сыяктуу эле, кыргыз эли үчүн да ар убакта советтик жана дүйнөлүк адабияттын кенчин ача турган эңсеген ачкычы болгон. Бардык совет элдери сыяктуу эле кыргыз элинин, айрыкча кыргыз жаштарынын орус тилин, өз эне тилиндей окуп-үйрөнүүгө умтулушууда. Анткени орус тили адабияттын, маданияттын, илимдин кылымдардан бери жыйналган казынасынын ачкычы. Орус тилин өз эне тилиндей билбей туруп,



илимдин, техниканын жана маданияттын жетишкендиктерине ээ болуу мүмкүн эместигин кыргыз жаштары жыл сайын айкын түшүнүп жатышат. Ошону менен бирге орус тилин окуп-үйрөнүү кыргыз жаштары үчүн жергиликтүү гана эмес, борбордук жогорку окуу жайларында окуу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Анткени орус тилин билбей туруп, космоско жол ачкан советтик алдыңкы илимдин жетишкендиктерине ээ болуу мүмкүн эмес. Ансыз бүгүнкү күндүн талабына жооп бере турган адистерди даярдоо да мүмкүн эмес. Мына ошондуктан кыргыз жаштарынын орус тилин жаңы талапка ылайык окуп-үйрөнүшү, апыртпастан айтканда мамлекеттик маанидеги маселе болуп отурат. Бул маселе ийгиликтүү чечилүүдө. Буга кыргыз уландарынын жана кыздарынын ичинен жогорку квалификациялуу адистерди даярдоонун жылдан жылга көбөйүшү айкын далил болот. Азыркы кезде республиканын жогорку окуу жайларында 50 миңге жакын студенттер окуйт. Алар болочоктогу адистер жана орус тилинин пропагандисттери.

Коммунисттик партия жана Совет өкмөтү орус тилин окутуунун жана пропагандалоонун абалы жөнүндө ар убак камкордук көрүүдө. Буга Кыргызстан КП БКнын «республиканын кыргыз тилинде окуткан жалпы билим берүүчү мектептеринде орус тилин окутуунун абалы жана жакшыртуунун чаралары жөнүндө» 1973-жылы кабыл алган токтому дагы бир жолу ачык-айкын күбө боло алат. Бул токтомду ийгиликтүү ишке ашыруу жалаң гана эл агартуу органдарынын эмес, комсомолдук уюмдардын да кужурмөн милдети.

КПССтин XXIV съездинин делегаттары орус тили совет элдеринин турмушунда прогрессивдүү зор роль ойноп жаткандыгын орус тили улуттар аралык байланыштын жана кызматташтыктын сыналган куралы, СССРдин бардык элдеринин экинчи эне тили болуп калгандыгын сыймыктануу менен белгилешти.

Орус тилинин улуу, күч-кубаттуу, бай тил экендигин жана анын зор маанисин В. И. Ленин бир канча жолу белгилеген. Ал «Тургеновдун, Толстойдун, Добролюбовдун, Чернышевскийдин тили—улуу жана күч-кубаттуу» деп жазган (20-том, 64-бет). В. И. Ленин Россиянын элдеринин орус тилин окуп үйрөнүшүн куттуктаган, «...Россияда жашап турган ар бир адам улуу орус тилин үйрөнүүгө мүмкүндүк алышын жактап чыгабыз»,— деп көрсөткөн ал (20-том, 64—65-беттер, Ф., 1956-ж).

Коммунисттик курулуштун процессинде социалисттик улуттар жана элдер өздөрүнүн эне тилин өнүктүрүү жана өркүндөтүү менен бирге улуттар аралык тил болгон орус тилинен улам кеңири пайдаланып жатышат. «Эне тилин үйрөнүү менен катар орус тилин ыктыярдуу түрдө үйрөнүү боюнча турмушта болуп жаткан процесс,— деп айтылган КПССтин Программасында,— оң мүнөздөгү мааниси бар, анткени, бул өз ара тажрыйба алмашууга жана СССРдин бардык башка элдеринин маданий жетишкендиктерине жана дүйнөлүк маданиятка ар бир улуттун, элдин аралашуусуна таасир кылат. Орус тили чындыгында СССРдин бардык элдеринин улуттар аралык байланышуусунун жана кызматташуусунун жалпы тили болуп калды. (КПССтин Программасы, 120-бет, Ф., 1972-ж.).

Ошентип, Коммунисттик партия лениндик принциптерди жетекчиликке алуу менен эч качан тилдердин эч кайсысын, анын ичинде орус тилин да зордоп таңуулаган эмес. Мамлекеттик тилди киргизүүгө умтулган эмес.

Биздин коомдук турмушубуздун интернационалдашуусу анын бардык сфераларын, анын ичинде СССР элдеринин духовный маданиятынын өнүгүү процессин өз ичине алат. Булардын бардыгы СССР элдеринин тилдеринин өнүгүшүнөн, биздин көп улуттуу жана көп тилдүү социалисттик коомубуздун тилдик өнүгүшүнөн көрүнүп турат.

Дүйнөлүк тилдик өнүгүүнүн азыркы этабында эки тилдүүлүк (билингвизм), демек, өз эне тилин жана байланышуунун сферасын кеңейте турган экинчи тилди билүү бул өнүгүүнүн закон ченемдүүлүгү болуп калды.

Советтер Союзунда өзүнүн улуттук эне тилин жана СССР элдери эркин тандап алган улут аралык байланыштын тили — орус тилин билүү тилдик өнүгүүнүн негизги багыты, эркин жана тең укуктуу элдердин улуу боордоштугунун символу болуп калды. Советтик элдердин арасында эки тилди жана көп тилди билүү калктын бир орундан экинчи орунга тез жылышынын, улуттук маданияттардын өз ара таасир көрсөтүшүнүн, өсүшүнүн натыйжасы болуп саналат.

Улуттар аралык байланыш тилинин болушу жана анын ролунун өсүшү улуттук тилдерди кемсинтүү дегендикке жатпайт. Тескерисинче, улуттардын ар тараптан экономикалык жана маданий кызматташтыгы, илимий, саясий жана техникалык билимдерди алмашуусу улуттук тилдердин өз ара байышына алып келет, аларды коомдук прогресстин азыркы деңгээлине шайкеш келтирет. Улуттар аралык байланыш тили этникалык жалпылыктын тилин — улуттук тилдерди алмаштырбайт жана алардын ордуна жүрбөйт. Ал улуттар аралык жалпылык катары совет элин тейлеп, улуттук тилдер менен бирдикте аракет кылат.

«СССРдин бардык улуттары жана элдери орус тилин улуттар аралык байланыштын жана кызматташтыктын жалпы тили катары өздөрү каалап тандап алышты»,— деп айтылган КПСС БКнын СССРдин түзүлүшүнүн элүү жылдыгына карата даярдык көрүү жөнүндөгү токтомунда. Мындай тандап алуу Коммунисттик партиянын тилдер жөнүндөгү, алардын тең укуктуулугу жөнүндөгү, улуттилдеринин эркин жана ар тараптан өнүгүшүү үчүн бардык шарттарды түзүү жөнүндөгү лениндик саясатынын натыйжасы болду.

Азыр орус тили СССР элдеринин улуттар аралык байланышынын жалпы тили, тынчтыктын, социализмдин жана элдердин достугунун тили болуп калды.

Коммунисттик курулуштун азыркы этабында орус тили улуттар аралык байланыштын жана интернационалдык тарбиянын кубаттуу куралы болуу менен биздин өлкөбүздүн бардык улуттарын жана элдерин пролетардык интернационализмдин туусу астында тыгыз баш коштуруууда. Бул сыналган туунун астында совет эли алга — коммунизмге ишенимдүү бара жатат.



## *АСАНКУЛ КАЛИДЕВ*

# ВЕНГР ЖЕРИНДЕ

Москва. Киев темир жол вокзалы. Күтүү залдарында орнотулган репродукторлордон түштүк-батыш багытында жөнөөчү поезддердин расписаниесин, маршрутун кулактандырган аялдын жумшак үнү угулат. Эл көп. Бардыгы кайдадыр ашыгышат. Вокзал ушул көрүнүшү менен таасирдүү, элестүү.

— Көңүл буруңуздар! 2-жолдо Москва убактысы боюнча 9 саат 07 минутада жөнөөчү Москва — Будапешт багытындагы поездге олтургузуу башталды.

Бул биз түшө турган поезд. Алган багытыбыз Венгрия, өткөн кылымдын белгилүү революционер-акыны Шандор Петефинин мекени. Кулактандыруудан кийин биз үчүн бөлүнгөн № 2— вагондун купелери ак калпакчан жигиттерге толо түштү. Ушул туристтик топ жалаң ала тоолук жаш малчылардан жыйналган эле.

Поезд өз убагында ордунан жылды. Перрондогу жүздөгөн көздөр вагондор тарапка тигилип, жүздөгөн адамдар бир-бирине кол булгалап жатышты. Биз беш-он мүнөттө кең Мекен жүрөгү—Москванын аймагынан суурулуп чыга бердик.

— Эми бир жарым суткадан кийин поезд Будапешт шаарында болот,— деди вагондо жүргүнчүлөрдү узатуучу болуп иштеген украин жигит.

Поезд бир калыпта сызып баратты. Аны жетелеген электровоз кичине станцияларга токтолбой кайпып өтүп, орус мейкиндигин аралай түштүк-батыш тарапка умтулат. Анын ичинде Кыргызстандан келе жаткан туристтик топтун мүчөлөрү өңчөй жаштар. Алардын арасында он жылдык мектепти бүтөөрү менен өз каалоосу боюнча мал чарбасында иштөөгө калган жигиттер көп. Кээси кой багып, жыл сайын арбын төл алса, кээси аппак сүтү көп болгон фермалардын бадачылары. Алар Фрунзе шаарынан чыккандан тартып эле кесиптери малга байланышкандыктанбы, же пейилдери төп келишкендиктенби, айтор бат эле жакындашып, жалпы тил табыша, бир үй-бүлөнүн мүчөлөрүндөй боло түшкөн.

— Эртең менен эле Москвада элек. Кеч бешимде минтип украина талааларына жетип келгенибизди карагылачы,— деди Брянск шаарынан бир кыйла узаганда Кант районунан келе жаткан жаш чабан Дүйшөмбек Абдырахманов,— желдей учкан электровозго даба жок экен го.

Ал күнү кечинде миң-сан жер жылдыздарынын кучагында жаткан Украинанын борбору Киев шаарын басып өтүп, поезд эртеси түшкө таяп Чоп станциясына алып келди.

— Мамлекеттик чек арага жеттик. Чопто документтерди текшерип, вагондордун дөңгөлөктөрүн алмаштыргыча эки саат токтойбуз,— дешти проводниктер.

Арытан келген тепловоз күш-быш эте вагондорду кайра сүйрөп жөнөдү да, башка рельстерге алып барып токтотту. Ал жердеги атайын вагон көтөргүч механизмдер жарым саат өтпөй вагондорду өөдө көтөрүп коюшту. Көрсө, Венгрияда темир жолдун эни биздикине караганда кичирээк болот тура. Ошондон улам алардын жолуна чак дөңгөлөктөрдү салып жатышты.

Бул учурда Чоптук адамдар бизден «кай тарапка баратасыңар?» деп сурап калышты. Венгрияга сапар алганыбызды айтканда:

— Ырас, өз досторубузда болуп келет турбайсыңарбы,— деди ошол жерлик, станцияда жолчу болуп иштеген улгайыңкы адам,— алар менен биздин элдин ортосундагы достуктун бекемдигине кошумча далилдөөсүз, эле, өз көзүңөр менен көргөндө ишенесиңер. Силер өңчөй жаштар экенсиңер. Достук — бул өзгөчө жаштар үчүн өтө зарыл нерсе. Силер атайын ат арытып алыс жактан келе жаткандыктан, мен достукка карата бир мисал келтире кетейин. Венгер жерине бара жатып ал жөнүндө билбесеңер болбос,— деди да жолчу чек арадагы Ленин атындагы достук багы жөнүндө баяндай баштады:

— Бул достук багынын жарымы Украинанын Береговск районунда, жарымы Венгриянын Сабольч-Сатмар областынын террито-



риясында жайгашкан. Бактын аянты болгону жүз элүү гектар жерди ээлегени менен, Совет жана Венгр эли үчүн достуктун символу катары баалуу. Адамдардын мээриминин жылуулугунан кубат алып, ажайып сулуулукка, коздукка ээ болгон бул бак, мында он бир жыл мурда тигилген.

Мында адеп бак олтургузууну чечишкенде, «чополуу жерге да бак өсмөк беле» деп кээ бир каршы чыккандарга карабастан, эмгекчил багбандар көздөгөн максаттарына жетүүгө бел байлашкан болучу: Венгр достор «джонатана» аттуу көчөт алып келишип, советтик багбандар менен бирдикте алгачкы он гектарга көчүрүшөт. Иш оңунан боло баштаганда бакты кеңитүү ишине советтик мелиораторлор, суу чарба кызматкерлери киришип, дренаж жасашты. Венгриялык «Нирмада» госхозунун агрономдору да карап турушпады. Натыйжада чек арада күз маалында алма-шагы ийилген бак пайда болду. Ушул тапта бак жеке эле достуктун символу болбостон, багбандар үчүн алдыңкы тажрыйбанын мектеби, баалуу эксперименттердин уюгу, агротехникалык аракеттердин натыйжасы катары кызмат өтөөдө. Достук багы ошондой эле эки өлкөнүн ботаник окумуштууларынын илимий лабораториясы болуп эсептелет.

Күз маалында достук багында «түшүм майрамы» өткөрүлүп, эки өлкөнүн эли чогуу-чаран алма үзүшүп, көңүл ачышаары салтка айланган. Ушул жакшы жөрөлгө, жакшы салт жөнүндө жолчу сыймыктануу менен айтып берди да:

— Жаш экенсиңер, силер да достукту баалай билгиле. Достук, ынтымак бар жерде ырыс, бакты бар. Кана эмесе, коштошолу, кетээр маалыңар да болуп калыптыр. Венгр досторго бизден салам айта баргыла,— деп ордунан турду.

* * *

Венгрияда алгачкы токтоочу жерибиз — Дебрецен шаары болуп чыкты. Дебрецен — бул өлкөнүн чыгышындагы областтык борбор, жеңил өнөр жайы өнүккөн, кооз шаар экен. Калкынын саны 250 миң. Анан улам бир поезд келип токтоп, же жөнөп жаткан көп элдүү вокзалына жетип, жерге түшөөрүбүз менен жаныбызга орус тилин билген арыкчырай, кыймылы ийкемдүү, жүзү сүйкүмдүү венгр кызы басып келди да, учурашып бүтүп:

— Сиздерди баш кийимиңиздерден улам дароо таныдым,— деп тамашалай сөз катты. — Атым Екатерина, фамилиям Ноди. Кыскача «Катя» деп койсоңуздар да болот. Мени Венгриянын саякат боюнча эл аралык жаштар бюросу «Экспресстен» сиздерди тосуп алуу үчүн жиберишти.

Эртеси эртең менен шаар көрүүгө чыктык. Автобус таза, жол кыймылы тартиптүү көчөлөрдү аралай жөнөдү. Катя гид катары ар бир көчөнүн атын атап, андагы эстеликтердин, архитектуралык өзгөчөлүктөрү бар имараттардын тарыхына токтолуп баратты.



Токтогул ГЭСиндеги искусствону сүйүүчүлөр.

Темир жол вокзалынын маңдайындагы кеңири аянтка венгр элинин өткөн кылымдагы революционер-акыны Шандор Петефинин ысмы коюлуп, элестүү эстелиги орнотулуптур.

— Шаарыбыздагы белгилүү аянттарыбыздын бирине Петефинин ысмынын коюлушу, элибиздин аны чын жүрөктөн урматтагандыгын билдирип турат. Аянт 1862-жылы курулган. Өзүңүздөр көргөндөй, шаардыктар бош убактыларында аянттагы орундуктарда эс алып, китеп окушат, радиоприемниктеринен музыка угушат. Айтор, бул жер калаанын сүйкүмдүү бурчтарынын бири,— деди Катя.

Шаардын борбордук көчөлөрүнүн бирине советтик Кызыл Армиянын аты коюлган. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде — 1944-жылы Советтик Армия фашисттик баскынчылардан Дебрецендин ушул көчөсүн биринчи болуп бошотушуптур. Ошондуктан, көчөгө советтик жоокерлерге арналган монумент тургузулган. Венгр элинин бул өлкөнү гитлердик бийликтин тырмагынан бошотуу үчүн курман болгон советтик баатыр жоокерлерге зор сый-ызат көрсөтөөрүн, аларды түбөлүк унутпасын ар бир кадам сайын көрүп-сезип жаттык. Шаардык көрүстөндө курман болгон советтик жоокерлерге арналган атайын аллеяга бардык. Анда коюлган ар бир жоокердин ысмы таш-





Орус драма театры.

ка оюлуп жазылып, курман болгон жылдары көрсөтүлгөн. Мындагы эстеликтерге ар күнү гүл коюлуп, аллея ар дайым иреттүү. Биз да Дебреценди бошотуу үчүн өмүрлөрүн арнаган жердештерибиз — советтик жоокерлердин эстелигине гүл кое, аларга таазим көрсөтүп, сойлуу турдук...

Үч күнкү Дебрецен аймагы менен таанышуудан кийин поездге олтуруп Венгриянын түштүк-батыш тарабындагы Балатон көлүнө сапар тарттык. Дебреценден жүз чакырымдан көбүрөөк узаган соң Тиса дарыясына жеткенде Катя:

— Өлкөбүздөгү маанилүү, ири дарыяларыбыздын бири,—деп калды.

Бир караганда Тиса биздин Сыр-Дарыяга окшоп кетет. Чындап аны менен тааныша келгенде бири-биринен миңдеген километр алыс жаткан бул эки дарыянын көп окшоштуктары бар болуп чыкты. Венгр акындары жылдар бою ал тууралуу ыр чыгарган романтикалуу Тиса чыгыш Венгрияны — Альфельд жерин түндүктөн түштүккө карай кесип өтүп, тынч агып жатты. Бир караганда Тисадан тынч дарыя жоктой көрүнөт. Бирок, бир мезгилде Сыр-Дарыя кыялданып, тоолордогу кар мол эригенде долулана ашып-ташып, суусунун көлөмү

10—12 эсе көбөйө түшөт. Ошондуктан, тарых анын кылымдардан берки кылык-жоругун чийип салбай өз ичине сактап келүүдө.

Тисаны жөнгө келтирүү — социализмде жашап жаткан азыркы венгр элинин негизги максаттарынын бири. Жакында Венгриянын өкмөтү суу чарбасын өнүктүрүү боюнча оңдогон жылдарга эсептелген перспективалуу план кабыл алыптыр. Бул зор максаттын чегинде Тисадагы суу системасын, каскаддардын сериясын түзүү, дарыяны шлюздоо милдети келип чыкты. Демек, Тиса да кадим биздин Нарын жана Сыр-Дарья сымал кызмат кылуу жолунда. Быйыл 16-майда Тисадагы ири курулуштардын бири—Кишкере плотинасы ишке киргизилген. Бул плотина Тиса өрөөнүндөгү шаарлардын, селолордун гүлдөшү, өнөр жайынын, айыл чарбасынын өнүгүшү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачып берери бышык. Себеби, Венгриянын он миллион калкынын төрт миллиону ушул Вльфельд алкагына жайгашкан.

— Кишкере суу сактагычы көлөмү боюнча өлкөбүздө Балатондон кийинки экинчи чоң көл болуп калмакчы. Кишкере плотинасы дарыянын суусунун деңгээлин 5—10 метрге дейре көтөрүп, узундугу 120 километрге чейинки участоктогу сууну топтоп турат,— деди ар нерседен кабардар болууга үйрөнгөн гидибиз Катя,— бул суу сактагыч бара-бара 300—400 миллион кубометр суу топтоого жөндөмдүү болот. Көл жээги болсо курорттук зонага айланмакчы.

Тиса дарыясынан өткөндөн кийин бир саатча убакыт өткөндө поезд бизди Венгриянын борбору — Будапешт шаарынын Чыгыш вокзалына алып келди. Будапештке эч токтолбостон Түштүк темир жол вокзалынан Балатон көлүн карай жол тарттык. Туристтик программа боюнча Венгриянын борбору менен кайтып келатып таанышмакпыз.

Балатон көлү Будапешттен жүз чакырымдай алыстыкта. Ал адам суктанарлык кооз жерге жайгашкан. Кыш биздин жердегидей ноябрь айларында келет экен. Жай бою суусунун температурасы 23—26 градус жылуулукта болуп тургандыктан, Балатон европалыктардын эс алуусу үчүн табылгыс курорттук зона. Климаты, көгүлтүр көлү, таза абасы, аны курчаган бөксө тоолор жана калың токойлор көңүлдү көтөрүп, ден соолукту чыңдоого зор жардам бергендиктен улам, акыркы мезгилде мында ар кайсы өлкөлөрдөн жыл сайын 300 миң турист келип эс алышат.

Ушул жакшынакай көл жээгинен орун алган Балатонфелдвар селосундагы «Экспресс» бюросуна тиешелүү жаштардын эл аралык курорттук лагерине бардык. Көлдө сүзүп, теплоход менен саякат жасаган кыргыз жигиттери жаратылышка суктана, Балатонду Ысык-Көлгө окшоштуруп, өздөрүн кайрадан кыргыз жергесинде жүргөндөй сезип жатышты. Биз жайгашкан лагерь бир мезгилде 850 адамды кабыл алууга жөндөмдүү болгондуктан, бул жерден Югославиядан, Чехословакиядан, Польшадан, ГДРдан, Румыниядан, СССРден жана башка өлкөлөрдөн келген жаштарды кезиктирип жаттык Ар күнү кечкисин атайын жасалган бий аянтчасында эстрадалык оркестр ойноору менен, туш-тараптан улан-кыздар агылып келишет. Түрдүү улуттун жаштары бири-биринин тилин түшүнө беришпесе да, кубулжуган шаңдуу музыка кубат берген көркөм бийлер алардын достугуна аралжы болуп, мамилелерин жакындаштырып жатты. Касиеттүү музыкага баш ийе, алыс жактардан келишкенин унутуп, бири-бирине кыналыша бийлеп жатышкан түгөйлөрдү көргөндө, жүрөк чиркин жетине албай кубанычтан улам толкуп жатты.



Эл аралык лагерде кыргызстандык жаштар менен польшалык жаштардын жолугушуусу кызыктуу жана эсте каларлык болду. Биз чогуу олтуруп орус, кыргыз, поляк тилдериндеги элдик жана жаштык ырларын ырдадык, пикир алыштык. Айрыкча «Катюша» ыры жаңырганда польшалык достор эч такалбастан так ырдап жатышты. Кеченин аягында улуттук сувенирлер, значоктор эки тараптан тартууланып, «Ар дайым күн болсун» аттуу ыр зал ичинде үстөмдүк кылып кетти.

— Сиздердин ак калпак бизге абдан жакты. Аны көргөндө ак мөңгүлүү тоолорду көргөнсүп калат экен адам. Кыргыз тоолору абдан бийик болсо керек. Бийик тоолорду али көрө элекмин. Бирок, кыргыз жаштары да тоолордой кең пейил, чымыр болот турбайбы,— деди польшалык журналист «Янтарь» аттуу жаштар газетасынын кызматкери Анна Черный берилген белекке ыраазы болушкандыгын билдире.

Лагерде мындан тышкары кечкисин кызыктуу конкурстар өткөрүлүп, ага ар бир өлкөнүн өкүлдөрү катышып жатты. Жаштар үчүн жакшы шарт түзүп, ушул оюн-шоокторду уюштуруп жаткан Венгриянын «Экспресс» бюросу 1957-жылы түзүлүптүр. Азыр «Экспресс» чет өлкөлөрдөгү саякат боюнча 250 бюро жана уюм менен кызматташ. Анын Балатондон башка жерлерде да мейманканалары, туристтик базалары бар. Чет өлкөлөрдөн келген жаштардын туристтик группаларын «Экспресс» бюросунун ары маданияттуу, ары сыпайы улан-кыздары (котормочу-гид) узатып жүрүшөт. Гиддер атайын курсту бүтүргөндүктөн, өлкөнүн маданий турмушу, экономикасы, географиясы боюнча суроолорго ойдогудай жооп беришкендигин көргөндө ичиңден ыраазы болбой койбойсуң.

* * *

«Экспресс» бюросунун «Ифюшаг» мейманканасы дөңсөө жерде, Дунай дарыясынын оң жагында алда кайдан көрүнүп турат. Балатон көлүнөн кайтып келгенден кийин ушул мейманканадан орун алдык. Будапешт кечинде «Ифюшагдын» бешинчи кабатынан кадим алаканга жайылган миң-сан бермет сымал көрүнүп турду. Ошондуктан, Венгриянын борборун Дунай бермети деп атоодон башканы ыроо көрбөдүк. Бул калаа күндүзгүсүн андан да жандуу, андан да жагымдуу экендигин адам тааныша келгенде билет. Будапештке келгендин эртеси «Экспресс» бюросунун автобусу менен биз жалпы шаар боюнча саякат жасап, калган күндөрү парк, музей, театр сыяктуу маданий жерлерге бармай болдук. Бирок, Будапешт жөнүндө сөз баштоодон мурда, ал бул атка кандайча ээ болгондугуна токтоло кеткен оңдур. Ушул шаар аты 1872-жылы Дунайдын эки тарабындагы Буда, Пешт



«Токтогул» операсынан көрүнүш.

жана обуда деген шаарларды бириктиргенде келип чыккан экен. Буда — бизче которгондо «тоо» деген, Пешт — «талаа» же «түздүк» деген маанide. 1950-жылы Будапештке дагы 7 шаарча, 16 село кошулат. Натыйжада азыркы мезгилде 522 чарчы километр аянтты ээлеген зор калаада 2 миллиондон ашуун адам жашап жатат.

Биз Дунайдын оң жээгиндеги Гиллерт тоосунда турабыз. Будапештке келген ар бир меймандын шаар менен таанышуусу традиция боюнча ушул тоодон башталат. Анткени, Геллерт тоосунан баш-аягы түгөнбөгөн ири калаа алдыга жайып койгон кардай көрүнүп турат. Бул тоодон он биринчи кылымдын орто ченинде козголоңчулар венециалдык монах Геллертти ичине мык кагылган челекке салып ыргытып жиберишет. Тоо ошондон улам Геллерт деп аталып калат. Азыр тоонун чокусунда Улуу Ата Мекендик согуш учурунда Венгрияны, Будапештти бошотуу үчүн курман болгон советтик жоокерлерге арнап венгр эли тургузган Боштондук монументи турат. Шаардын туш-тарабынан көрүнгөн зор монументтеги статуя — эненин бийиктиги 13 метр. Эстеликтин жалпы бийиктиги 40 метр. Немецтик фашисттерден Европаны бошоткон совет элине болгон венгр элинин ыраазычылыгын монументтин зор тулку бою билдирип турат.





Борбор шаарыбыздагы микрорайондор.

Туристтер кызыккан мындан жүз, эки жүз, беш жүз жыл мурда курулган имараттар — бул Будапешттин тарыхы, байлыгы жана кыйынчылык менен басып өткөн жолу. 896-жылы венгр уруулары өз мекенине ээ болгондо Дунай дарыясынын эки жээгине жайгаша баштаат. XIII кылымда Буда өлкөнүн борбору болуп калат. 1247-жылы татарлар басып киргенде Бела королунун буйругу боюнча Будай сепилинин курулушу башталат. Буда айрыкча Анжуйский тукумунун королдору жана королдор Жичмонда, Матиаша башкарып турганда абдан гүлдөп өнүктү. Ырас, көп эмгек менен тургузулган Дунай жээгиндеги бул сепил 1541-жылы Буда шаарын түрктөр каратып алганда катуу талкаланууга учурайт. Будай сепили түрктөрдөн 1686-жылы гана бошотулат.

Венгрлер сепил орун алган тоону өз тилинде «Вар» дешет экен. Дөңгө чыкчу жолдо курулган бири-бирине улай салынган эки-үч кабат үйлөр, ийри-буйру көчөлөр, эски фонарлар мындан бир нече кылым мурда кандай болсо, дал ошол бойдон өзгөрбөй турат. Сепил там курчаган тоо эс алуучулардын сүйкүмдүү жайы. Чет элдик туристтер да көп келишет. Жети кылым мурда курулса да эч бир бузулбай турган король Матиашанын ажайып храмы да, Балыкчылар

бастиону да ушул жерде. Король Матиашанын храм-чиркөөсүнүн ички-тышы ушунчалык чеберчилик менен кооз жасалгалангандыктан, дүйнө элдери ушул мезгилге дейре суктанышат.

Будапешттин бардык райондору жана башка шаарлар менен жүздөгөн кыйма-чийме жолдор аркылуу байланышкан Обуда бүгүн жашаруу үстүндө. Аны реконструкциялоо бир нече кезек менен жүргүзүлүп жатат. Биринчи этаптагы реконструкциялоонун өткөн төрт жылы ичинде эскилиги жеткен 2500гө жакын квартира бошотулду. Азыркы төртүнчү беш жылдыкта дагы жаңы микрорайондор пайда болот. 20 миң квартирага эсептелген — Бекашмедер районунун курулушу жүрүп жатат. Турак жайлар менен бирге көптөгөн дүкөн, мектеп, маданий, тейлөө багытындагы коомдук жайлар пайда болууда. Жогорудагы курулуш иштерин Советтер Союзунун жардамы менен жаралган үй куруучу комбинат тейлейт.

Шаардын Буда тарабынан Пешт тарабына кеткен жүздөгөн жолдор кошулуп олтуруп, Дунайдагы бир нече көпүрөдөн биригишет. Көчөлөрүнөн миң-сан адам, жеңил автомобилдер, жүздөгөн трамвай, автобустар, агылган Буда менен Пештти байланыштырып турган ушул көпүрөлөр. Алардын чоңдугу, конструкциясы, кооздугу бири-бирин кайталайт, ар типтүүлүгү менен Дунайга көрк берип турат. Гиллерт тоосунан караганда Эржебет, Петефи, Боштондук, Маргит көпүрөлөрү кадим Ленинграддагы Нева дарыясына салынган көпүрөлөрдөй суналып жатат.

«Ифюшаг» мейманканасынын бешинчи кабатындагы ресторандан кубулжуган музыка угулуп жатты. Эстрадалык оркестр мындан жүз жыл мурда пайда болгон венгр элинин ийкемдүү кайрыктарын безелентет. Ар күнү кечинде ойнолуучу ушул музыкага балкый, ресторандын Дунай тарапка караган балконунда түнкү шаарды карап турабыз. Мелтиреп аккан Дунайдын аркы өйүзүндө, Сепил районуна бет маңдайлаш асемдүү, салабаттуу тула бою көк-жашыл тартып «Өлкө үйү» — парламент турат. Аны курчаган ондогон кубаттуу прожекторлор белгилүү бир театрдын сахнасын кооздоп жаткансып, кайчылашкан жарыктарын парламентке түшүрүүдө. Түнкү Дунай күзгүсүндө да парламенттин зор көлөкөсү даана, кооз көрүнөт. Өткөн кылымдардагы готика жана баракко стилдеринин симфониясы, узак мезгилдин жана түрдүү беоктордун жуурулушкан гармоникалык бирикмесинен турган бул имараттын курулушу 1884-жылы башталып, 1902-жылы аякталат.

Чет элдик туристтерди жогорку деңгээлдеги устаттык менен тургузулган өкмөт үйү менен күнүгө бир маал тааныштырууга уруксат берилиптир. Биз узундугу 268 метр келген парламенттин түндүк-батыш тараптагы эшигинен кирдик. Ичи мрамор таштарга, кымбат жасалгаларга толгон, көпчүлүк оймо-чиймелери, буюмдары алтындын буусуна капталган ушул архитектуралык ансамблдин туурасы 118 метр, жалпы аянты 17 миң чарчы метр. Мында өлкөнүн бардык проблемаларын чечкен элдик чогулуш (сессия) болуп турат.

Парламенттин улуу даражалуу чет элдик меймандарды кабыл алуучу залдарынын биринен жалаң ширеңкенин талдарынан жана



кабынан кураштырылган имараттын татынакай макетин көрдүк. Аны жасоо үчүн 100 миң ширеңке керектелген.

Биздин Дунайдан өтүп Пешт менен таанышуубуз парламенттен башталган эле. Пешт чындыгында тегиз жерде аяк-башы көрүнбөй созулуп жаткан, ири шаардын административдик, саясий, маданий жана өнөр жай борбору болуп чыкты. Ал бөтөнчө кечкисин кооз. Бул маалда административдик имараттарды, жүздөгөн дүкөндөрдүн алдында күндүз каз-катар тизилип туруучу жеңил автомобилдер сейрек тартып, жөө адамдар көбөйө түшөт.

Пешт күндүзгүсүн ишмер мекемелердин борбору болсо, кечкисин эс алып, көңүл ачуучу борбор. Мында эки опералык, жети драмалык, ондогон кинотеатрлар бар. Жылына Пешттин театрлары койгон спектаклдерге бир миллиондон ашуун адам барат. Эс алуучу парктар, музыкка кубулжуган кафе-ресторандар да миңдеген эмгекчилердин көңүл көтөрүүчү жайларынан. Дунай берметинин кыскача сыры мына ушундай. Ал жөнөкөй, шаңдуу эмгекчил шаарлардан.

* * *

Адатта достук бар жерде достук мүнөздөгү өз ара жардамдашуулар да болот эмеспи. Советтер Союзу менен Венгр Эл Республикасы да бири-бири менен көп жылдардан бери экономикалык карым-катнаш түзүп келе жаткандыгы белгилүү. Мисалы, өнөр жайы боюнча жүргүзүлүп жаткан достук мамилелерди эле алып көрөлүчү. Будапешттеги «Ганц—МАВАГ» ишканасы кеңири ассортименттеги продукцияларды чыгаруучу он бир заводдун бирикмеси болуп саналат. Темир жолдордо миңдеген тонна жүк тарткан кубаттуу электровоздор, тепловоздор, электр энергиясын иштеп чыгаруучу гидротурбиналар, генераторлор, мелиорациялык иштер үчүн зор роль ойногон суу сордургуч станциялар, ал гана эмес трамвай вагондору да ушул көп тармактуу ишканадан кураштырылат. «Ганц-МАВАГ» да жыйырма миң адам эмгектенет. Анын жогорку сапаттагы продукциялары СССР, Вьетнам, Болгария, ГДР, Сирия, Турция, Египет сыяктуу дүйнөнүн кырк өлкөсүнө сатылат. Алгачкы продукциясын өткөн кылымдын орто ченинде эле бере баштаган бул ветеран заводду, Венгриянын индустриясын кыйла жерге тааныткан машина куруу флагманы, венгер элинин сыймыгы десек болот.

Бир тууган өлкө катары өзгөчө Советтер Союзу өнөр жайы боюнча Венгрия менен ар дайым тыгыз кызматташтыкта экендигин «Экспресс» бюросунда биздин группанын туристтеринен лекция окуган венгр жигит баса көрсөткөн эле. Сөзүбүз ишенимдүү болсун үчүн дагы фактыларга кайрылып көрөлү. Мисалы, Венгрияда Ленинварош деген жаңы, жаш шаар бар. Анда кийинки мезгилде пайдаланууга берилген бир нече химиялык ишканалар Советтер Союзунун жардамы аркасында курулган. Быйыл мында «Достук» нефть проводу жеткирилди. Ошондон улам, Ленинварошто СССРден келген нефтини кайра иштетип чыгаруучу кубаттуу комбинат биздин адистердин жардамы менен курула баштады.

Венгр достор да өз учурунда биздин өлкө үчүн зарыл продукцияларды жөнөтүп турат. Кийинки жылдары өлкөбүздүн айыл-кыштактарында да телефондук сүйлөшүүлөр автоматтык линияларга которулуп жаткандыгын көрүп жүрөбүз. Бул ишке Будапешттеги Белояннис атындагы байланыш техникаларын чыгаруучу заводдун кошкон салымы айта кетерлик. Азыр алар жөнөткөн автоматтык телефон станциялары (АТС) аркылуу бизде жарым миллион селолук абонент байланышууда. Фрунзе шаарынын көчөлөрүнө көрк берип, жүргүнчүлөрдүн көңүлүнө сыйымдуулугу, комфортабелдүүлүгү жана ыкчам жүрүшү менен жагып калган үч эшиктүү жана алыска каттоочу бир эшиктүү «Икарус» автобустарын да ушул өлкө берип турат.

Венгр жеринен «Жигули» маркасындагы советтик жеңил автомашиналарды кадам сайын кезиктирип жаттык. Будапешт, Дебрецен сыяктуу ири өнөр жай борборлорунда ал гана эмес такси катарында пайдаланылат экен. «Жигулинин» сапаты, ылдамдыгы, ийкемдүүлүгү жагып калгандыктан, Венгрия азыркы күнгө дейре ВАЗдан он миңдеген автомобиль сатып алыптыр. «Жигулинин» мында кеңири колдонулуп жатышынын дагы бир себеби — аны жасап чыгарууга Венгриянын да катышып жатышы. Мисалы, Будапешттеги «Баконь» комбинаты Тольятти шаарына автомобиль үчүн үн сигналы, айнек тазалагыч сыяктуу тетиктерди, «Эльзетт» заводу прибордук шиттерди жөнөтүп турушат. Ушундай чың байланыштардан улам үстүбүздөгү жылдын сентябрь айында «Правда» газетасы, Венгрдик беш ишкана жылына кооперация боюнча Волжскидеги автомобилдик заводго 300 миң комплект тетик жиберип турат. Венгрдик ишканалар менен ВАЗдын ортосундагы кызматташтык чыңалууда жана өнүгүүдө» деп жазган болучу.

Айтор, социалисттик жолдо өсүп-өнүгүп келе жаткан бир тууган Венгриянын Советтер өлкөсү менен болгон достугун, экономикалык карым-катнашын, кызматташтыгын жогорудагыдай мисалдардын молдугунан айтып түгөтүүгө мүмкүн эмес. Биз бул өлкөнүн азыр айыл чарбасы, индустриясы, маданияты, жалпы эле экономикасы өөрчүгөн социалисттик республика экендигин көрдүк. Венгр жаштары менен жолугушуп, алардын эмгеги, окуусу, эс алуусу менен таанышыштык. Алардын меймандостугу, маданияттуулугу биздин малчы жаштарга жакты, зор таасир калтырды.

Будапешттен жөнөп кетерибизде «Экспресс» бюросунун автобусун айдаган шофер темир жол вокзалына узатып баратып, өз демилгеси менен убакыт таап, кечки шаардын кооз көчөлөрүн дагы бир ирет көрсөтүүгө үлгүрдү. Бул венгр элинин кичи пейилдүүлүгүнүн, чын жүрөктөн сый көрсөтүүсүнүн бир белгиси эле. Ошол кечте шаардын борбордук аянттарынын биринен өтүп бара жатканда:

— Биз Москва аянтынан өтүп баратабыз. Сиздер эртең Москва шаарында болуп каласыздар. Улуу өлкөнүн борборунун дал өзүндө болуп, аны көз менен көрүү кандай сонун,— деп толкунданган гид кыздын жагымдуу үнү али эсибизде. Себеби, бул сөз алардын Москвага, жалпы эле совет жергесине, көп улуттуу кең пейил элине зор урмат-сый көрсөтүүсүнөн айтылган эле.



Туристтик группабыз Фрунзеге кайтып келгенде жаш малчыларыбыздын көпчүлүгүн дагы бир кубаныч күтүп туруптур. Бүткүл союздук социалисттик мелдеште жетишилген ийгиликтери жана эмгектери үчүн Токтогул районунан Куйбышев атындагы колхоздун чабаны Карачал Асанбаев Ленин ордени, Кант районундагы «Таш-Мойнок» совхозунун чабаны Дүйшөмбек Абдырахманов, Сокулук районундагы Кыргызстан тажрыйба станциясынын саанчысы Рыспек Юсупов Эмгек Кызыл Туу ордендери менен сыйланышкандыгын угуп, аларды куттуктадык. Өкмөттүк жогорку сыйлыктар Венгрияга келген дагы бир топ жаш малчыларга ыйгарылган экен. «Эмгек эрезеге жеткирет» деген ушул да. Жаш болсо да эмгеги менен тааныла баштаган жаш каармандарды эл урматтап, партия менен өкмөтүбүздүн баалап жаткандыгына кантип кубанбайбыз. Ошондон улам алар жаркыган заманыбызда ата-бабалар баспаган алыс жерлердеги элдин турмушу менен таанышып, андагы жаштар менен жүз көрүшүп, достук мамилелерин чыңдап жатышпайбы. Бул саякатты ошондуктан жаштыктын жана достуктун сапары деп койсок болот.

# МУСА МУРАТАЛИЕВ

# СУУСАМЫРДАН СУЗДАЛГА ЧЕЙИН

*(ПУБЛИЦИСТИКА)*

Мага чейин биздин тукумдан бири да Москвада болуп көрбөптүр. Жолго чыгар алдында ушул эсиме түштү. Бул жагы Каспий, тигил жагы Үч-Турпан, Кашгар аралап, Букара, Самаркандап ат арытып, жол карытып жүрүшкөнү менен Европанын босогосун аттап көргөн эмес экен. Биздин тукумдан биринчи болуп башка континенттин жүзүн көргөн мен болдум. Биз түшкөн экспресстин бир сааттык жол жүрүүсүндө көп узабай жолуккан он-он беш кабат үйлөр, эбегейсиз имараттарды көрүп, Москва деген ушул экен деген оюбуз Москванын өзүнө жеткенде төгүнгө чыкты. Бул шаардан көргөндөрүм боюнча кийин бир жыйынтыкка келдим. Көрсө, Москва дегениң анын босогосунан тартып эле тоодой белдей, аскадай, эң мыкты, сопсонун деген өңдүү сын атооч менен өлчөнө тургандыгын байкадым. Мейли, Москванын эли, турак-жай имараты же анда



# ТЕМИРКУЛ ҮМӨТАЛИЕВ,

*Кыргыз ССРинин эл акыны*

# КОМСОМОЛДУН МҮЧӨСҮ

Өз кезинде комсомолмун дечүбүз,
Күндүзгүдөй жарык эле кечибиз.
Баатыр элек эч бир баатыр теңдешкис,
Карылыкты ойлочу да эмеспиз.
Миң жылдарга турчудай гүлгүн кезибиз.

Комсомолдун мүчөсүмүн дегенде,
Көтөрүлүп өскөндөй болчу боюбуз,
Деңиз мисал толкундап кетчү оюбуз.
Короо-короо болгондой баккан коюбуз.
Өзүбүздү бактылуу да сезчүбүз.
Кудалашып түшпөсө да тоюбуз.

Бирөө айтса: «комсомолдун мүчөсү!»
Ушул сөздөн эсибизге эс кошуп,
Булчуң байлап күчүбүзгө күч кошуп,
Сыймык сезим жаштык менен достошуп,

Күрөшүүчү кайрат, эркти топтошуп,
Каарданып карыга найза илчүбүз,



Ош шаарында.

окуу жагынан москвалыктар дүйнөдө экинчи орунда турат деген билдирүүнү борбордук журналдардын биринен окуганым бар. Ушуларды көрүп туруп менин да көңүлүмө доо кетип, менин да кыргызым ушундай, көп окуса деп ойлонгомун. Москвалыктарга көп окуу салтка айланып кеткен, алар көптү билүү, баарыдан алдыда болууну, максат кылып алышкан. Совет бийлигинин доорунда үрпадатка айланган көп жакшы жөрөлгөнүн бири ушул.

Бул күнү кечте мейманга бармакпыз. Биздин курста окуп жүргөндөрдөн жигиттер өзүбүзчө чогулуп бармак болдук. Кыздар мурда кетишкен. Ошентип, биринчи жолу баарыбыз москвалык адамдын үйүнө башбакмакпыз. Он тогузунчу кабатка лифт көз ирмемде бизди чыгарып койду. Биз сыйда тамаша менен босого аттадык. Үй ээсинин аты Тамара. Ал да биз менен окуйт. Өзү москвалык кыз. Ал кенедей алжапкыч тартынып, чачын желкесине жайып, тарак менен басырып койгон. Татынакай жүзү албырып, мээримин төгө үч бөлмөлүү үйүнүн булуң-бурчтарына дейре бизге көргөзүп жүрүп, сылык гана кеп салып жүрдү. Үйдүн ичи чыныгы европалык ык менен жасалып, керебет, жыгач-таштан тышкары ар түрдүү стилде тартылган чоңду-





Ала-Тоонун этегинде.

кичине абстракттуу сүрөттөр. Конок бөлмөсү менен түндөсү уктай турган бөлмөлөрдө эки дубал бетин бербей жүздөгөн китептер. Куштун канаты, Африка урууларынын колунан бүткөн маскалар, жарымына дейре күйүп болгон мом чырактар, төрдө төшөлгөн килем үстүнө тыбыттуу эчки терисин таштап койгон. Ал жерге мандаш токунуп олтурса да болот. Азыр Европада мандаш урунуп олтуруу модага айланып кеткен. Себеби, медицина боюнча, мандаш урунуудан адамдын бут булчуңдары чыңалып, денеге абдан пайдалуу экендигин далилдеген.

Ташкенттен келген Халиков Аскар, Бакудан келген Жованов Рашид, Ашхабаддан келген Изчиев Нурмухамеддер болуп мандаш токунуп олтуруп жыргап калдык. Кыздар ашканада немец хрусталы менен үйдө өстүрүүчү лимон жыгачын, анан французча, түркчө кофе даярдоону үйрөнүп жүрүшкөн. Бурчтагы кызыл жыгачтан жасалган тумбанын үстүндө приёмник Варшавадан концерт берип жатты... Аңгыча кыздар келип, бизден орун талашып калышты. Алар да мандаш токунуп олтургулары келишет экен. Ленинграддык Беляева Наташа, ригалык Себре Гунта, вильнюстук Перскените Вика, үй ээси Тамаралар бизден эчкинин талпагын тартып алганга ыраазы болушуп,

каткырык-сүрөөн менен мандаш урунушту. Кыздар бүтүндөй шымчан эле. Мандаш токунуудан кыйналышпады. Ушундан кийин столдогу тамак-ашты ичмек болуп, ортобузга дасторкон жайылды...

Биз Шотландия вискисин ичип, Марокко апельсинин жеп отуруп кепке кирдик. Ушунча адамдар бири-бирин жылдап, айлап билишкенсип, бир кеп, бир ой айтылып жатты. Элден мурда Совет өлкөсүндөгү эл достугу, адамдардын тең укуктуулугу айтылды, анан искусствого жаңы түр болгон телевидениеге дейре кеп кылынды. Албетте, сөз арасы оюн-күлкү тамаша болуп, каткырык-сүрөөн менен чектелип турду.

Ушул Останкинонун жанындагы үйдө туруп сүйлөшкөн кепке маанилеш аңгемени күздө, өзүмдүн Кыргызстанымда, чөп чаап жүрүп Суусамырдан уктум эле.

— Тоолуктар келатат,— деди бир жолу Толик, ал азыр армияда. Жаңыдан биз менен таанышып, менин атым кыргызча — Төлөн деп таанышып калды. Себеби Толяны Толян деп эркелетип, ошондон улам аталган ат. Анан ошондон тарта биз Төлөн дечүбүз. Мына ошол Төлөн:— Тоолуктар тоодон келатат,— деди кыядан келаткан көчтү көргөзүп.— Кадим кинодогудай экен го, чиркин!

— Бул көрүнүш киного эмес, кино ушул көрүнүшкө окшоп турат. Искусстводогудай, мында закон ченемге баш ийүүчүлүк жок. Кубулуш дайыма болумуштан бай келет дешет го. Кино бир адамдын оюнан түшөт да, бир адамдын оюна чагылат. Ал эми бул болсо турмуштун өзү. Себеби, көч кайда болбосун ушул көчкө окшош. Маселен, Алайкуда же Атбашыда болсун, Суусамырда же Ысык-Көлдө болсун, Кара-Тоодо же Таш-Рабатта болсун, ушул гана көчтү көрөбүз.

— Ал болгон сырткы гана көрүнүшү. Башкача айтканда, формасы гана окшош. Бирок ички маанисине келсек, бүгүнкү адамдын бай дүйнөсүнө тетелик жөндөмдүүлүк, сабаттуулук өксү. Мен ушул туурасында айтып жатамын. Жайы-кышы тоо-ташты аралап, чоң дүйнөдөн четте болсо, эч жакка чыкпаса, албетте өксүйт да.

Өз болжолду далилдөө үчүн Төлөн экөөбүз көчтүн астынан чыктык. Көч Жумаалы деген койчунуку болуп чыкты. Карыянын кичүү баласы жыйырма бештер чамасында эле. Камчысын сүйрөп биз менен чай кайнамга көчтөн калып сүйлөшүп турду. Колхоздо трактор айдайт экен. Бул күнү кол-кабыш кылганы атасыныкына келиптир. Аты — Көкүл. Армияда жүргөндө —Горький, Новосибирск шаарында милдетин өтөгөн. Билими — орто, бирок үчөөбүз бирибирибизге кыйналып-кысталышпастан түшүнүп, аңгемелештик. Ошентип, Көкүл менен болгон аңгемеден кийин Төлөн өз болжолунан четтеди. Бүгүнкү күндөгү адам сезиминдеги жылыштар, ал жөн гана өсүш жолу эмес, сезимде жүрүп жаткан төңкөрүш, ал менин элимдин тарыхында болуп көрбөгөндөй өсүп жатат. Өзгөрүштүн баштапкы эле абалынан тартып, психологиялык жактан кайра курулуусу сөзсүз экендигин прогресс нугу бизге айкындап берди. Жаңы менен эскинин ортосундагы болгон күрөш ырбап баратканын жана жөн гана ырбабай, күчөп баратканын айтсак болот. Себеби, бүгүнкү күндө жаңы-



нын өзү тез аранын ичинде эскирип калып жатат. Барган сайын муундар арасындагы психологиялык жактан болгон өзгөчөлүк байкалууда. Доордун адамдар алдына койгон талабы беш-он эселеп өсүп жана өтө эле бат өзгөрүп жатат. Албетте, адамдардын мүнөзүнө алардын өз ара катнашында болгон ыкка, алардын ички дүйнөсүндөгү мүдөөлөргө, сезимдердеги кооздукту туюу өзгөчөлүктөрүнө замандагы болуп жаткан мындай зымыраган тез өсүш өз таасирин тийгизбей койбойт. Бирок коом процессиндеги өсүш түбү жүрүп жамандыкка алып барат дегенден четтебиз. Кечээ эле биздин аталар колу менен жасап алчусун кыбыла тарапты карап, кудайынан тилеп, айды жерге окшош десе балдарын кагып, ал эми күндүз ай көргөнү үчүн түлөө кылып, мазарга малаам байлап келишпедиби. Бир жагынан жаңы доордун агымында калып жүрсө да, бир жагынан кылымдар бою сөөгүнө сиңген кылыгы, көнүп калган дин дүйнөсүн бекем кармап келишпедиби. Анан ошол дүйнөнү төңкөрүп саларда: тарыхтын ритми менен ар бир адамдын ички дүйнөсүнүн кайра курулушунун ритминин ортосундагы байланышты биздин психика менен эң башкысы биздин адеп, ахлактуулук айлана-чөйрөдөгү болуп жаткан өзгөчөлүктөрдү айкалыштырууда жаңы адабият менен искусствонун эскирбешинин кайсы гана доордо болбосун адамды тарбиялап келиши да ушундан келип чыкса керек. Адабият менен искусство эмнелерди гана кучагына албайт. Эмнелерден гана кабар бербейт... Бул жерден бир мисалга кайрыла өтөлү. Биздин оюбузча бир нече томдогон тарыхты карап олтурсаң да биздин элдин тарыхы туурасында биз азыр айтып олтурган эки жарым басма табактан турган кенедей китеп бергенчелик бай кабарды бере албас. Биз айта турган кеп даниялык көрүнүктүү жазуучу Ханс Шефигдин «Кыргыз жеринде мейманда» деген китеби туурасында. Ханс Шерфиг жаш чагынан жакшы көргөн китептеринин бири В. Дрейер деген автордун «Жапайы адамдар турмушунан» аттуу китеби болгон экен. Ушул китепте артта калган адамдардын катарына кошуп, биздин элди, кыргыздарды да атаптыр. Көрдүңүзбү, курдаш, бирөө биз жөнүндө эмгектенип, китеп жазса, биз ал «эмгекти» окуй алган эмеспиз. Аны Ханс Шерфиг гана бизге кабарлады. Ал эми Дрейер деген бирөө кыргызды көрмөк тургай, Европанын босогосунан чыкпаса да биздин турмуш, жашообузду «жазып чыккан». Анын жазгандарынан Ханс Шерфиг бизге төмөнкүлөрдү билдирди: «Сыртынан караганда кыргыздар монголго окшош, биздин түшүнүк менен алганда, көзгө серт эл келет. Анын болгон байлыгы колундагы малы — кош өркөч төө, ат, уй, кой. Анын ой жүгүртүүсү ошол малынын камы тууралуу, ой көлөмү ошого байланышкан, ал ошол үчүн жашайт. Кыргыз адамынын пикири боюнча малчылык, мергенчилик, согуш, карактап талоо эрдикке тете иш болуп эсептелет...»

«...Кыргыздар күндүн көбүн кымыздан тарткан арак ичип, насвай чегип, бекерчиликте өткөрөт...» Биз эмне, ушундайбызбы? Ханс Шерфигдин китебин окудуңуз беле? Окуй элек болсоңуз шашылыңыз. Ал кыргыз, орус тилдеринде чыккан.



Ала-Бел ашуусунда

Дагы бир мисал: «Кыргыз элинин өзгөчөлөнгөн мүнөзү болуп бир жагынан — ак ниеттүүлүк, чын пейилдүүлүк, ороюраак болсо да боорукердик, меймандостук, сыймыктуулук, экинчи жагынан — жалкоолук жана кек сактагычтык эсептелет. Кыргыздарды эр жүрөк деп атоого болбос. Күрөштүн кызуусунда балким алар кай бир эрдикти жасашы да ыктымал, ошентсе да аларды баатыр эл дешке болбойт. Аларда чыныгы баатырдыктын бирден-бир касиети болгон токтоолук, эрдиктин эмне экендигин ар тараптан салмактай алчу оор басырыктык жетишпейт...» Чын эле биздин эл ушундайбы? Мында биз териге турган эч нерсе жок, бирок терикпей да коюуга болбойт...

* * *

Кыш суугуна карабай, жарым ай мурда кезекке жазылып, Суздаль тарапка барып кайтууну чечкенбиз. Таң жаңыдан сөгүлгөндө бири-бирибизди ойготушуп, Останкинонун алдына чогулдук. Шабаловкадан экскурсовод алып келгени кеткен экспрессибиз болжогондон чай кайнам кечигип келди. Бизди жетектеп жүрчү адам ооруп калыптыр, биз экскурсоводсуз жолго чыктык. Балким ушундай болгону





Таш-Көмүр шаарындагы шахтерлордун двореци.

дурустур, кыргыздар айткандай, «Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт», деп кызыкка ар ким өз алдынча батканы кызыктыр. Бирөөлөрдүн бат айтып бергенине караганда өз баамың менен бир сыйра карап өткөнүң оң го...

Жумшак орундуу, көгала жамбаш автобус шаардын имарат үйлөрүн санап, аркырап учуп ээлигет.

Мына — «Лось!» Таңкы саат алты. Ал эми газета, журнал сатчу киосканын алдында кезек күткөн элдер. Берээкте, учуп-конуп жай оттошкон көгүчкөндөр.

«Лось» жок болуп, токой аралап, сүңгүп киребиз. Карагай, кайың бирге өскөн калың токой аралап, электр сымы тартылган жерлердин жыгачтары кыйылып, жол салынган. Бирде тигинден, бирде мындан безе качып, токой жолдору менен тартылган темир сымдар далдага кирип, көрүнбөй калат.

«Гольяново»... Москваны курчап жаткан чоң жолдон өттүк... Токойдон «Да здравствует мир и дружба между народами!» деген ураанды жолуктурабыз.Горький, Владимир тараптарга бет алган чоң шосселердин айрылышынан токтоп, кийинки жолго бет алабыз. Эски жол. Мурдагы Ак деңизден Петербургга каттачу жалгыз жол.

Ат чана менен алты түнөп араң жетчү алыс жол. Миң жарым чакырымга декабристтерди айдап, сүргүнгө күндөп-түндөп киши айдаган кандуу жол...

Кыштак чатырларына же короо устунуна орнотулган чыйырчыктын уялары. Элден мурда таңдана кеткенибиз менен бара-бара аны туура көрүп, ал тургай азыр эле жай келип, ар бир уя оозунда кара чыйырчык комузун күүлөп отургансып, кыштак ичи көңүл ачаар бейишине окшоп сонундун сонуну болуп чыга келди... Ой кууп келаткансып, токой арасынан өзгөчө көзгө урунуп, жаш кайың Ала-Тоомдун ак кары менен ташынан сүйкөнүп алгансып, орус кызы, ак куу мойну кейиптенип кетет өзүнчө.

Жигиттер жолго камы жок чыккан экенбиз. Жаныбызда отурган бийкечтердин жолго алып чыкканынан бөлүшүп келаттык. Жеке эле биз эмес, кыздар да канча камдуу турушса да эртең менен шашылышкан экен. Менин жанымда отурган Гунтанын эки колунда эки түр колкап жүрдү. Көрсө эртең менен төшөгүнөн туруптур да, бири сур, бири кызыл экенине карабай, колуна тийген колкаптарын алып чыгыптыр. Бирок канча кылса да бүйрө калк го, дасторконун алып чыгыптыр. Бизге Гунтанын колкаптары шылтоо болуп, оюн-тамаша менен бараттык. Терезе айнегин көтөрүп, автобуска жел киргизип жиберишти. Ошол жылчык аркылуу тышты карап, жиптей созулуп, шыгыраган кайыңдар...

«Суздалда 13 чиркөө, 15 монастырь бар»,— дейт кимдир-бирөө арттан. Ушундан улам менин оюма Суздалга баратышыбыз жана Суздаль туурасында уккан-билгендерим, анан орустун туристтик шаарлары ойго келет. «Загорск, Ростов, Псков, Новгород, Владимир, Кижи Ленинград...»— деп ичимден санай баштайм. Аңгыча кыштак көрүнүп, анын жыгач үйлөрү аркасы менен утурлап жылып келип кайра капталын тосо артта калды.

— Сиз кыргызсызбы?— дейт арттан бирөө.

Мен жооп берем да, анын өзүнө кайрыламын:

— Сизчи? Өзүңүз кимсиз?

— Украинмин. Сизден сурап калганым, кыргызды биринчи көрүшүм. Кинодон, газета-журналдардан көргөм, бирок момундай бетме-бет келип, көрө элек элем. Ал эми казак менен өзбекти көргөм... Таанышып алалы. Мен Гришамын. Григорий Одарченко.

Мен да атымды айтып жатып, «украиндерди көрдүм беле?»— деп оюмда өзүмдөн сурай кетем. Жок, Украинди көргөмүн.

«Көңүлү жакын адамдарым да бар».

— Киевде турам,— деп кебин улайт Гриша,— келиңиз. Келип көрүп кетиңиз. Силердин уздар килем токуудан атагы чыккан эмеспи. Келериңизде жарты кулач болсо да килем ала келиңиз, курдаш.

— Килемди тажик, түркмөн токуйт. Биздин аялдар да килем согот, бирок...

Бул жерден Гриша талаша кетти. Анын айтканынан биздин шырдак жөнүндө түшүнүк алдым.

— Эгерде кийизге кийиз куралып шырылса, ал шырдак,— дедим мен.



— Анысын ким билсин, баары бир килем да. Ала келиңиз. Керебетимдин артына тартып алайын.

— Шырдакты жерге салат... Кандайча болор экен...

— Жок. Мен өз көзүм менен көргөм. Киевде тамдын боорунда илинип турган.

Мен күлдүм да, тим болдум.

Биздин автобус азга акырындай калганда арттан аркырай учуп экспресс өтөт. Андан да туристтер. Гунта анда шоктоно кыйкырат:

— Кто это нас обгоняет?

Шофер ээги менен оң тарапка жаңдап, токойдун ачыгынан чыга келген кыпкызыл чиркөөнү көргөзгөнчө:

— Ушул чиркөөдө Суворовдун никеси кыйылыптыр,— дейт. Биз эки айланып карай бергенге жетпей, чиркөө токойго кирип, көлөкөдө калат...

Миң жылдар өткөн Суздалды жердеген орус калкы сымал менин элим да Суусамырда дооран сүргөн. Ал эми Дрейерлер өңдөнгөндөрдүн мындан кабары болду бекен? Жок. Аларга көптү дүүлүктүргөн укмуштар, болжолдоп теория жасап, улутту улуттан айырмалап, адам баласын сары, кара, акка бөлүп, ушуга такап, эстүү, эси жок деген тыянак чыгаруу адат. Ал эми менин ички дүйнөм, ким экендигим жаздымда калат. Менин айтайын дегеним ушул. Кыргыз калкы кечээ эле кырдан чыга калган эл эмес. Ал кылымдардан кылымдар ашып, карып-арып келаткан журт.

Суздалдын миң жылдаган тарыхы бар дедик. Ал X—XI кылымдарда эле оозго алынган шаар болгон. Мындан тышкары дагы эмнелери эсте болду экен? Маселен, төрө Юрий Долгорукий өкүм жүргүзгөн шаар... Бул шаардагы монастырлар Россиядагы эң эски монастырлардан болуп эсептелет. Архитектурасы жыгачтан жана таштан тургузулган.

Эң алды менен Суздаль мага театр өңдөнүп кетти. Шаарга кире бергенде эле оңду-солду чиркөөлөрдүн кресттери көрүнүп, түрдүү-түстүү дубалдары бизди узата карап калып жатышты. Тигинден-мындан топ-топ болуп карарып, кардын үстүндө чиркөө, монастырлар арасында экскурсоводдордун айтканын уктум. Кай бирлери ток-топ угуп турса, кай бирлери жүгүрүп өтүп баратышты. Ушунун баары өзүнчө салтанат көрүнүп, кадим бүгүн шаарда бир чоң жыйынсый боло тургансып, бизди да азгырат. А чындыгында дубалдар гана агарып, кызарып, бозоруп, көгөрүп турганы турган. Биз үлгүрбөй калчудай, өзгөчө салтанат деле болгон жери жок. Көчөдөн көчөгө өтүп, чоң-кичине, орто монастырлар гана. Болгону алар мында көп эседе. Алардан тышкары көчө бойлоп, үйлөр. Кадимки эле биздин Фрунзедегидей, чатырчасы бар, морунан түтүн бураган жапыз үйлөр түшкөн. Архитектуралык өзгөчөлүктү сакташканы жатышса керек. Ал тургай, шаардын чөйрөсүнө төрт кабаттан бийик үй курууга уруксат жок экен. Бул да эски архитектуралык ансамблди бузбоо үчүн жасаган аракет экен. Мындай чиркөөлөрдү кайдан болбосун көрүп жүрөм. Ал эми бул жерде машина-машина болуп, эл чубап, сыйкырдуу сааттын алдына тургансып, көз кадашат. Эмнесине



Оодарыш.

тигилишет? Билбедим. Тим эле Микеланджелонун мадоннасын көрүп
турганcып тигилишет. Көп чиркөөлөр ураган боюнча турган. Көбүн
кайра калыбына келтирише баштап, куруучулар анда иштеп жүрүш-
тү. Менин оюма жарым ай мурда Суздалга барам деп ээленип, кез-
мет күтүп жазылганым эсиме түштү. Анда мен эзели көрбөгөн кызык
дүйнөнү көрөмүн деп үмүт эткем. Жаңы ачылыш көрөм деп сама-
дым, бирок көз көргөндөрдөн, андан акылга сыйбас эч нерсе көрө
албачудаймын. Мына мен күткөн учур да келди. Бир аздан соң ат-
тын башын бурабыз да кайра тартабыз. А мен күткөн кызыктар али
алдыда өңдөнөт. Кантсе да негизги нерсеге жете элек өңдөнөбүз. Ке-
ремет дүйнө астыда тургансыйт. Балким ал кереметти небак тепсеп
өткөндүрбүз же байкабай калгандырбыз! Жол маеги, балким, ошол
кереметтин өзүдүр. Же Гриша экөөбүздүн тааныштыгыбыздын өзү
кереметтир. Алыстан атагын укканда бул ажайыптан чөп башылап
болсо да билген өңдөндүк эле. Бирок бул жерге келип, Суздалдын
көчөлөрүн кыдырганда эч нерселерге тиши өтпөгөн түркөйлөрдүн
бири болдук да калдык. Көрсө, бул имараттарды түшүнө билиш керек
экен. Храм болсо жүздөгөн жыл мында, ушул абалында турат. Канча
жыл ушунча эл биякка чубап, көңүл токтоор нерсе таба алышкан.





Шырдак шыруу.

Ар бир муун ар башка ой таап, толуктап, Храмдын сырын ача алыш-
кан. Коoздугун көрө алышып, даңазалагандай каймана ой таба алыш-
кан. Менин гана ал нерсеге түшүнүгүм жете бербейт. Аз да болсо,
кайрадан туулуу доорун Ренессанстан Бароккону Рококодон ажырата
билүүгө кудуретим жетчү эле го. Третьяков гелереясы боекту оку-
ганга үйрөттү эле го? Эгерде бир нерсеге түшүнүгүм жетпесе анын
кыйын жагы эмнеде? Буларды билчү элем го?

Гришаны карадым. Колун артына алып, ойлуу. Эгер бул учурда
ал бир нерсе кармаган болсочу? Ага так ушул мүнөттө жаңы нерсе
ачылып жатсачы? Мен көрбөгөндү ал көрүп жатсачы?..

Мен кызганыч аралаш чиркөөлөрдүн дубалдарына көз каттым.
Балким мунун символикалык жагы болсочу. Чиркөөлөр менен мо-
настырь арасын кошуп, жерге жайылган бөйү желесиндей боз жол-
дор, чыйыр кара жол. Ошол жолдор кайдандыр тыш дүйнө менен
алыскы бир жактан ээрчитип келген бирөөлөр менен бирөөлөрдү,
маселен, мени эле алалычы, жолуктурган арачы өңдөнөт. Адамдар
менен адамдарды кошкон данакер гана эмес, адамдардын тагдыр жо-
лу өңдөнөт. Ал жол алыскы Суусамырдан башталып, алыскы Киев
калаасынан башталып, алыскы Вильнюс, Ригалардан башталып, ар

бирибиздин артыбыздан чубалып, тартылып жаткансыйт. Бул гана эмес, тагдыр жолдору да, андан ары кетип кылымга өтүп, сүңгүп барат. Ушул жерден тартып Суздалдын ушунча алыста жатканын, канча жылдар менден алыс болгонун эми гана даана туя баштаймын. Доордон доор кезип, бизди күтүп турганын сезем. Ошон үчүн бир тобу табигат жоосу менен кармашып жатканда кулап түшүп, урандыга айланган... Ушундан тартып там менен таштын бетине түшүрүлгөн издер тууpасындагы түшүнүгүм өзгөрүлө баштады. Биздин стиль дегенибиз тагдыр жолдорунан жогору өңдөнөт. Алар ар бир тагдыр тарыхы! Менин жети атамдай материктен материкке өтүп көрбөгөн элдердин тагдырынын тарыхы. Өз кылаасында, өз тоо-таштарында адашкандардын, өз чөйрөсүндө камалгандардын тарыхы. Таш бооруна, там бооруна калтырган тагдыр издери... Жайдары мүнөз Гриша менен аппак Гунта арасын азыр жарым кулач жер бөлүп турат. А чын-чынынан келсек алардын түп-тамырын, ички калыптанышын метрлеп ченей албайсыз. Ан үчүн космостук эсеп керек. Ал аралык мейкинден мейкин кезип, аягына көз жетпейт. Бири-бирине бейтааныш, өмүрү бири-биринен кабары болбогон жандар азыр да бири-биринен бөлөктөр... аларды мен гана оюмда кошуп, бириктирип турамын. Ал эми бул учур экөөнүн ички дүйнөсү эки жакта сапар куруп же турпатын аралап, же өзү менен кошо калып, арт жагынан сагалап жүргөндүр. Бири-биринен алыс. Балким мен «кошкондон» соң экинчи кошулбас...

— Гриша, бул жакка мурда каттадыңыз беле?

— Каттабаганда. Москвага келген сайын бир тийип өтөм.

— Көп келгениңизди кандай түшүнүүгө болот?

Гриша ийиндерин куушуруп, жылмайды.

— Жөнүнчө эле... Бир көңүл коюп көрүш үчүн келем.

— Максатыңыз?

— Ал негизинен көңүлгө жараша болот.

— Бирок ар келген сайын эле бир гана Суздалга келип жатпайсызбы? Аны бир эле көрсө болбос беле?

— Жок.

— Баягы эле чиркөө, монастырь да. Башкача айтканда, константа эмеспи.

— Аныңыз чын. Бирок Суздаль өзгөрбөгөнү менен ар келген сайын өзүм өзгөрүлүп келем.

— Дубалдарчы? Алар кайрадан эле баягы биринчи жолку жолугуудагы элести кайра алып келсечи?

— Мен үчүн чиркөө дубалы абстрактуу сүрөткө тете. Ар бир көргөн сайын анын бетинен көөнүмдө жаткан нерсени көрөм. Ал биринчи көрүнүштү кайталамак турсун улам башка түшүнүккө мени жетелеп турат. Мага ушунусу жагат,— деди Гриша чиркөөнү жөөлөй карап.— Архитектура жагынан ат салыша албайм. Мен үчүн тамың кырлуу чатырча, жумуру төбө, же дубалдары жылма, одурак болсун, баары бир. Кай бирлер айткандай, Суздалда кышында кыштап, жайында жайлап жүргөн периште, Саба, пайгамбар, кудай бар экендигине деле ишенбейм. Болгону ар келген сайын эле жүрөгүм кубаныч



ала кайтат... Менимче, ар бир элдин бир учур барып көңүл жайлап, кубанып кайта турган жери болуу керек. Ар бир калктын өз Суздалы бар деп ойлойм. — Ушул жерден Гриша токтой калды да: — Булар көп чиркөөлөрдүн бири,— деди илең-салаң.— Айтайын дегеним, европалыктар да өз кургандарына өздөрү сыйынат экен деп кеп кылып кетпеңиз. Анын сөзүнөн мага дайыма белгилүү жана кайталап эскертчү эскермени, түшүндүрмөнү байкадым. Мен бул жактагылар менен сүйлөшө келсем көп учурда ушундай түшүндүрмө берүүнү милдетим деп эсептеше турган. А чындыгында ансыз эле эбак түшүнгөн элем. Көрсө, кыйла адам биз өңдүү адамдарда аздыр-көптүр даярдыгы жетишпейт деп болжошот экен. Мындай учурда алар колдорун жаңдап, жүзүн бырыштырып, иши кылып турган турмушу менен сага түшүнүк берүүгө өтөт. Гришанын эсине да ушул түшө калды көрүнөт.— Балким сиз үчүн мунун маанисин түшүнүү кыйындыр, —деди ал. — Менин айткандарым, негизинен...

— ...каймана маанидe,— дедим мен аны толуктап.

Ал ойлоно калды да, кубана күлүп, башын ийкеди.

— Туура айтасыз. Өтмө маанидe айттык. Демек, пикирибиз келишиптир.

Мен күлдүм да тим болдум. Жада калса, өзүмдүн курдашым Гриша да менин түшүнүгүмдү өзүнүкүнөн бөлөк деп болжойт. Дүйнө жүзү мен үчүн таптакыр эле бозоргон боп-боз нерсе деп ойлойбу, айтор, кыйла жолу ушул көрүнүш кайталанды. Бирок мен таптакыр башкамын. (Мындан биринчи жак менен жазууга туура келет, себеби ишенчилигимди, мындан да тагыраак айтканда, өзүмдүн сөзүмө өзүм ээ экенимди билдирип жатам.) Мен Гриша болжогон же Дрейер болжогонго окшобой, башка адам болушум керек. Ошон үчүн мен касымды да, досумду да түшүнө билген, мезгил тамырынын согуштун туйган жогорку максаттуу адам болушум керек. Албетте, бул айткандарым эбактан элге маалим, жышылып бүткөн, орусча айтканда банальный, супсак сөздөр, бирок кандай гана болбосун, жүрөктө жатканды айтышым керек болуп, ооздон түшө калганды айтышым керек болду.

Ошентип, Гриша экөөбүз Суздалдын тар көчөлөрүн аралап, көптүн артынан жүрдүк. Мына бул чиркөө кыркаларын бул жерге түшпөдү дейли. Мынабу лабиринттей уйгу-туйгу, чоң-кичине көчө жок дейли, мынабу орус мужугунун балтасы тийген жыгач тамдар, жел тегирмен, кайыңдан кагылып-согулган ак жолдор, жерден өсүп чыккансып, дөбөнүн учуна улай, асмандата салынган асман түспөл ак жылдыздар себилген кең чарбада кооз чиркөө, кырдан караганда тогуз коргоол тактайын жайып койгонсуп, тогуз чуңкур коргону бар, өйүздөгү эркектер монастыры, таш төшөлгөн кең базар жок дейли, момундай каз айдаган боз балдар, эңкейе калып, кир чайкап жүргөн жээктеги аялдар, дайра кескен кара жол жок болсун дейли... анда Суздалдын эмнеси кызык болот эле? Жер үстүндөгү миңдеген кыштак-шаарлардын бири болмок да калмак. Маселен, «Дөдөмөл», «Акы» же «Долоно» деген сыяктуу, көп жердин бири болмок да калмак. Себеби «Дөдөмөлдү» ошол айылда жашагандар гана билет. Ал эми

Гришадан бул туурасында сурап көргүлөчү? «Ал эмне» деп кайра
өзүңдөн сурайт...
Баарыбыз жөнөп бергенде артыбыздан дүбүрт калып, биз ток-
тогон жерден бизди кууп жымжырттык да жете келет... Бул күнкү
көзгө көрүнүп, кулакка угулгандын баары сыйкыры бардай көөнү-
бүзгө уюп, шаардын көчөлөр арасын байлаган чиркөөлөр ансамбли-
нен тартып, бурч-бурчтарда, жапсарда турган «чөнтөк» дүкөнгө че-
йин, короосунда жуурканын күбүп, көрүнгөн бапайган жоон, үй ээси-
нен тартып, колуна бидон көтөрүп алдыдан чыккан кемпирге чейин,
ал тургай музейдеги кайра көчүрүлгөн икондордун сүрөттөрүнөн
тартып, эстеликке делип сатылып жаткан майда-барат буюм-тейинге
дейре өзгөчө бир сыймыгы бардай, өзүнө бир ардагы бардай баа-
луу көрүнүп турду... Атагынын таралышы жагынан Суздаль Москва,
Ленинград, Киев жана башка шаарлардан кем калышпайт. Себеби
анын жүзүндө кылымдар изи, тарых тирүү бойдон сакталып калган.
Эл аны коргоп кала алган. Ошонусу менен Суздалга өлбөс өмүр,
алыска тараган атак-даңк алып берген. Дүйнөнү жети айлансаң да эч
жерде жолукпаган, кайталангыс жүзү түзүлгөн, кокус биреөлөргө тап-
шырылып, башка бир жерге экинчи бир Суздалды кургун десе, ме-
нимче буга эч ким макул болбос эле. Аны эки жаратууга болбос. Суз-
даль өзү гана. Мунун сыры кайда? Бул күндөрү кандай гана нерсе
болбосун, антисептикадан тартып атомдон бөлүкчөлөрдү алганга че-
йинки күчтү эске алсак да, ушул күчү жеткен заманда болсо да, баа-
ры бир Суздалды кайра куруу колдон келбейт. Муну бир сөз менен
кесе айтууга тил жетпейт. Бул шаарды — Суздалды мен көркөм образ
дээр элем. Кылымдар менен элдер биригип, бирге тургузган образ
дээр элем. Элдик чыгармачылыктын бир өнөрү Суздалды жараткан.
Кадим көркөм чыгарма окугандай, биз Суздалды окуй алабыз. Ар
ким аны өз кудуретине жараша окуп билет, түшүнөт. Бул шаардын
Гриша экөөбүздү алыстан өзүнө тартып, кусадар кылышы да ушуга
байланыштуу болуу керек. Гриша үч кайталап баргандай, менин да
бул күндөрү Суздалды эңсеп, аны кайрадан барып көргүм келип
жүрөт.

# ЫР САПТАРЫНДА— ЖАШТЫК ЖАНА ТУУГАН ЖЕР



9—3188

*ТЕМИРКУЛ ҮМӨТАЛИЕВ,*

*Кыргыз ССРинин эл акыны*

## КОМСОМОЛДУН МҮЧӨСҮ

Өз кезинде комсомолмун дечүбүз,
Күндүзгүдөй жарык эле кечибиз.
Баатыр элек эч бир баатыр теңдешкис,
Карылыкты ойлочу да эмеспиз.
Миң жылдарга турчудай гүлгүн кезибиз.

Комсомолдун мүчөсүмүн дегенде,
Көтөрүлүп өскөндөй болчу боюбуз,
Деңиз мисал толкундап кетчү оюбуз.
Короо-короо болгондой баккан коюбуз.
Өзүбүздү бактылуу да сезчүбүз.
Кудалашып түшпөсө да тоюбуз.

Бирөө айтса: «комсомолдун мүчөсү!»
Ушул сөздөн эсибизге эс кошуп,
Булчуң байлап күчүбүзгө күч кошуп,
Сыймык сезим жаштык менен достошуп,

Күрөшүүчү кайрат, эркти топтошуп,
Каарданып карыга найза илчүбүз,

Жек көрүүнүн ак бараңын октошуп...
Заманынын жоокер атын минчүбүз.
Тап душманга түйгүндай учуп тийчүбүз,
Ач көздүктүн чебин бузуп кирчүбүз.
Эскиликтин жонунан кайыш тилчүбүз.

«Комсомолдун мүчөсүмүн» деген сөз,
Ыйык эле жаштар үчүн өзгөчө.
Бөк түшпөстөн айкүр түшкөн өлчөсө!
Даяр элек: «комсомолсуң, азамат,
Башың менен тоону көзөп өт!» — десе.

О, чын эле тоону көзөп жол салдык.
Болот чептей аскага да кол салдык.
Бабалардын түшүнө да кирбеген,
Коркунучтуу көп иштерди аткардык,—
Эң биринчи тракторду миндик биз,
Эң биринчи самолетту башкардык!

Биз сугарып гүлзар болгон жерибиз,
Биздер менен сыймык күткөн элибиз!
Кызыл-Кыя көмүр берген араңдан,
Жылыткамда биздин жаштык демибиз.
Он миң түркүн жумуш бүткөн кездер да,
Бүткөн эмес биздин милдет чегибиз!

Күндүз иштеп көчөттөрдү отурттук,
Түн ичинде сабатсызды окуттук.
Бир жагынан тынчтык бербей басмачы,
Көчөлөрдө болгон кезде «кокустук»,
Ары-бери жыйнаштырып бардыгын,
Аскер менен аскер атын токуштук.

Таңдан кечке пахта тердик тынбастан,
Таң атканча бир орундан жылбастан,
Мылтык кармап эл кампасын күзөттүк,
Ошондо да жалакайлык кылбастан,
Китеп ачып, илим-билим арттырып,
Биз болгонбуз улам бийик кыр ашкан!

Партиянын тапшырмасы болгондо,
Даярбыз! — деп сапар тартчу жолдорго.
Ала билдик автоматты колдорго,—
Фашисттерди чөп чапкандай кылды го,
Жараган жол ак кайракты оргонго!

Жарылганда бомба түшүп тегизге,
Жаткан кезде кан кошулуп деңизге.



Ок ышкырып ажал бүркүп турганда,
Октон нечен куйкаланган эңишке,
Окоптордон ыргып чыгып кыйкырдык:
— Алга, достор! Башка жол жок
жеңишке!

Партиянын тапшырмасын аткарып,
Туу көтөрүп алга басты комсомол.
Калбай эч бир кыйындыктан сактанып,
Нечен татаал кырдан ашты комсомол.
Үшүгөндү деми менен жылытып,
Жаш жүрөктөн жалын чачты комсомол!
Жалын чачты, жалын чачат комсомол,
Жаңылыкты далай ачат комсомол!
Миллиондун жүрөгүнө, оюна,
Ленин ысмын даана жазат комсомол!
Бүгүн иштеп, эртеңкини даярдап,
Бейтаанышка саламдашат комсомол!
Бардык жерде комсомолдун мүчөсү,
Билек түрөт албан-албан жумушка.
Бардык жерде комсомолдун мүчөсү,
Жарап берет туу түбүнө турушка!
Эл башына кыйын-кыстоо күн келсе,
Шумкар болуп шуңгуп кирет булутка!
Бардык кезде комсомолдун мүчөсү,
Барын иштеп, барын жеңер күч ээси!

***ЖОЛДОШБАЙ АБДЫКАЛЫКОВ,***

*Кыргызстан Ленин комсомолунун лауреаты*

## КҮТҮП ТУРАТ САПАРЫМ

Түйшүктөрдү башыма үйүп күндө улам,
Тынч өмүргө бир каниет кылбагам.
Мейкиндерди түрө басып, тоону ашып,
Мен жолоочу сапар чегип тынбаган.

Карыбаган узак-узак сапарым,
Сезбейм күндүн атаарын да, батаарын.
Барган сайын баары кызык көрүнүп,
Жашыл дүйнө каалгаларын ачамын.

Улам алга карайм, тиктейм үңүлө,
Токтото албайт той-тамаша, дүнүйө.
Тыныгам да,
Артынчагым артынып,
Жолоочулап жолго чыгам күнүгө.

Алдым тосот Ай менен Күн экөөлөп,
Алмак-салмак алат колдон жетелеп.
Күн койнунда, таң койнунда магдырайм,
Ай талаада асман, жерди жеке ээлеп.

Дасторконун жая салып көп ирет,
Жер-эненин жемиштери төгүлөт.
Кардым тоюп түн кучактап жатамын.
Ал аңгыча аппак таңым сөгүлөт.

Кайра турам, кайра сапар башталат,
Тынчтык калат, ичилбеген аш калат.
Таштактарда, даңгыраган жолдордо,
Тарс-тарс этип кадамдарым ташталат.

Барган сайын катаалданып жол улам,
Токсон тогуз тоскоолдорго жолугам.
«Артыңа кайт, анда эмне бар, барба» деп,
Бейпил турмуш кайра тартат колуман.

Басам!
Болбойм буттарыма ооруган,
Карабаймын таманыма жооруган.
Кыйындыкты мен эрөөлгө чакырып,
Кырсыктарды жеңүү максат тооруган.

...Төмөн тартып бутуман да, шымыман,
Ал бир маалда сормо сазга тыгылам.
Далбас урам, үмүт үзөм жашоодон,
Шалдыраймын, шайым кетип жыгылам.

Амалсыздан күтүп өлүм кезегин,
Балыр суугa малынарда эми ээгим,
Кайдан-жайдан келе калып жаныма,
Кармалаган адам колун сеземин.

Кийимдерди жууп, тазалап булгаган,
Адамдардын мээримине курганам.
Аз дем алам, аз мезгилде сеп алам,
Алыс самайм, адатым ай, турбаган.



Жакшы күндөр... жатпайм көпкө батырап,
Кызыктар көп, кел—дегендей,—батырак!
Аргымагым дароо тартып алдыма,
Алыс сапар арбап кайра чакырат.

Ыргып минип жарк дей түшүп кабагым,
Жүрөк туйлап үмүт отун жагамын.
Аба жиреп зымырылып айдыңда,
Ашыгамын тизгин-чылбыр кагамын.

Көөдөнүмө максат тилек батпаган,
Алга сүрөйт, атырылам, бат барам.
Жолум арбын, жаңы чектер алынып,
Акыл-ойдун мүдөөлөрүн аткарам.

Эс-мас кылат жеңиштердин шаттыгы,
Издеп барып колдон алам бактымы.
Дүнүйөм түгөл, телегейим тептегиз,
Адам жоктой менден ашкан бактылуу.

Болор-болбос ийгиликтер мас кылып,
Кылыктанган сулуулардай азгырып.
Ат суулугун аста кармап ныгыра,
Ак жолумдан адаштырып, жазгырып...

Арбап мени манчыркоолор кастыгып,
Алдаганын туямын да аз туруп,
Аярлабай моюнга чаап атымды,
Алга карай кетем кайра бастырып.

Бардык бактым түгөнбөгөн сапарым,
Күтпөйм күндүн атаарын да, батаарын.
Үмүт, максат көөдөнүмө жык толуп,
Жетүү, жеңүү жалгыз гана капарым.

Татаал жолдор, табигаттын кысымы,
Бир билбеймин ай, сапардын кызыгы!
Атым жүрбөй, аны таштап жөө басам,
Куйкаласа болбой күндүн ысыгы.

Бутум күйүп, эрип барат маңдайым,
Булак, кудук турмак кайда дапдайын.
Кашык суу жок, тамчы суу жок татканга,
Такылдаймын таштай катып таңдайым.

Көзгө сүртөөр бир жашаң жок, гүл эмес,
Эшилген кум коко-тикен түк өнбөс.
Айдар менен сапырылган тозоңу,
Какшыган чөл аяк-башы түгөнбөс.



Кыргыз сувенирлери.

Беттен урган борошого кезигем,
Жаагыма чаап, артка түртөт төшүмөн.
Чыдайм ага.
Чыдаттырбайт бир гана
Бир ууртам суу учуп барат көзүмөн.

Ат агызып, агымы күч тездеген,
Дайраларды кечип жүргөн кезде мен,
Бир тамчысын миң дилдеге алмашкыс,
Суунун мынча кымбаттыгын сезбегем.

Адымдаймын нечен кумдуу жарды ашам,
Алым жыйып ажал менен кармашам.
Өлөөрүм чын өз бейитим жазданып,
Умтулбасам, улам алга барбасам.

Кум кечемин согончогум тарпылдай,
Барган сайын уюйт бутум тартылбай.
Какыраган чөлдөн дайным табылбай,
Каламынбы өлгөн аттын тарпындай.





Комуз.

Көмөлөнөм көөдөнүмөн басып кум,
Ырп эте албай ылдый кулап максат-туум.
Бүттү дегем...
Тирүү экемин дагы эле,
Түгөнбөптүр көрөр күнүм, ичээр суум.

Даярданган кишилердей тосууга,
Ким бирөөлөр жете келип оозуна.
Алып калып арачалап ажалдан,
Беттен сылап, суу тамызат оозума.

Эсим жыйып, бир маал көзүм ачамын,
Ач талаа эмес, аппак чатыр жатагым.
Адамдардын мээримине жылынып,
Адамдардын кучагында жатамын.

— Чарчадыңбы?— дебе мени, катарым,
Дале элебейм күндүн атаар, батаарын.
Максат-үмүт жолго чык деп шаштырып,
Ат токумдап күтүп турат сапарым.

АБДЫЛДА БЕЛЕКОВ,
*акын*

# МАХАББАТ КҮЧҮ

## (КҮКҮК-ЗЕЙНЕП)

*(ПОЭМА)*

1

Жөнөп калды аскерге биздин Мукаш,
Анда согуш жалыны жерде туташ.
Поезд жыла бередре жигит түшкөн,
Бир кыз келип кол берип, чубуртту жаш.

Кол жоолугун саймалуу кошо берди,
Сөзгө келбей паровоз озо берди.
Сөзгө келбей кыз дагы, жигит дагы,
Үзүлүшкөн колдорун созо берди.

Анда Мукаш унутуп бүт дүйнөнү,
«Жүрбөйүн,—дейт,—мен болуп чын
сүйгөнү?»

Чурагандан чурады зуулап поезд,
Артта калып узаткан аттуу-жөөлүү.

Кара көзү мөлтүрөп кубакай кыз,
Кара чачы куюлат түндөй айсыз.
«Бир күн түшүп калсамбы бул поездден,
Жүргүчөктү жүрөгүм болуп жайсыз».

Жок, антүүгө болбоду, Мукаш кетти,
Ала-Тоолор алыстап, чөлгө жетти.
Унутулбайт, уктабайт которулуп,
Баягы кыз башка үйүп балакетти.

* * *

Жүндөн токуп энеси берген көйнөк,
Аны кийген баягы бир кыз Зейнеп.
Медицина курсунан окуп келип,
Ноокастарын айлынын жүрдү тейлеп.

Кыш кычырап бороону боздогондо,
Арык муздап суулары тоздогондо,



Кыштоолорго кыдырып жетип барат,
Аптечкасын тыкыйтып алып колго.

Комсомолдун уюму айылдагы,
Агитатор Зейнепти дайындады.
Күнү-түнү жөө жүрүп күйүп-бышып,
Кабар окуп газеттен, кайыл жаны.

Түшүндүрөт көп окуп согуш жайын,
Малчы айылы сүйүнөт келген сайын.
Барын билген кыйын кыз турбайбы—деп,
Муздагыча угушат ичкен чайын.

Окуса да газетти ойдо Мукаш,
Баштагыдай болбоду ичкени аш.
Элестетип жортуулду кызыл кыргын,
Тегеренет ойлонсо көзүнөн жаш.

Кээде кирет Мукаштын короосуна,
Кыргызбайга кыйылып кыз ак-куба.
«Ата, кандай абалың, ден соолугуң?»
Деген сөз да карыга кубат тура.

Кедең-кедең кемпири сандык ачып,
Катын издеп уулунун калдыратып.
«Сүрөтүн да салыптыр Мукашбайым,
Карасаң»—дейт, ал кызга берип жатып.

Энесинин көзүнөн уулун уурдап,
Көрбөсүн деп жүрөгү кыздын шуулдап.
Тышка чыгып келгендин ортосунда,
Өөп алат сүрөттү, бети дуулдап.

* * *

Командирден кат алды Кыргызбай чал,
«Кандай кабар болду»—деп чочуду саал.
Бүткөнчөктү катты окуп жаш мугалим,
Кеткен экен бириндеп буурул сакал.

Орусчаны оодарып кыргызчага,
Айтып берди, жылмайып куба бала:
Салгылашта эрдигин көрсөттү,—дейт,—
Фашисттерге уулуңуз кыргын сала!

Тарбиялап өстүргөн мындай уулду,
Билдирем дейт командир алкышымды.
Жашып кетип Кыргызбай кубангандан,
Оозуна бир сөз келбей, жаш кылгырды...

II

Күндөр өттү бир далай күңгүрөнүп,
Бала туулса эсепсиз эрлер өлүп.
Баатырлар да туулду бул согуштан,
Өмүр менен өлүмдү даана көрүп...

Кавказ жери аскалары калтылдап,
Кара-Деңиз канга баткан шарпылдап.
Маскара жоо алкын ачкан кези эле,
Москваны аламын деп алкымдап.

Калый эне кийинпп таң заарында,
Уктай албай сергек жан уй саарында.
Эки киши учкашып келе жатты,
Минген аты бышкырып анда-мында.

Жакындаса Мукашы алдыңкысы,
Жаз алдында жарк эткен келгин кушу,
Калдыратып чакасын таштай салып,
Жерге тийбей жүгүрдү эки буту.

Эне-бала эркеп учурашты,
Эриткендей сагынчы кара ташты.
Атасы да көлөшүн бутка салып,
Көйнөк менен дамбалчан аралашты.

Туткасына кол сунуп каалганын,
Көкүрөгүн Мукаштын басты жалын.
Туулуп өскөн боз тамга баасы кымбат,
Бир үйү да тең келбес Европанын.

Оң санынын ок тийген жараттарын,
Эне-атасы ээн-эркин сурап баарын.
Көңүлдөрү тынчышты көрүп алып,
Карты түшүп, айыгып келатканын.

—Келдиңби,— дейт,— бир жолу? курган эне,
— Бир жол, эмес, бир айлык отпускага.
—Соолгон бул согушуң качан бүтөт?
—Гитлердин киргенде башы көргө.

—Качан кирет Гитлер кара көргө?
—Олуялар билбесе салып төлгө?..
—Бая күнү бир кемпир Сокулуктан,
Төлгө салып айтыптыр барган элге:

«Бир жыл калды немистер көрөр күнгө,
Тумоо тийип кырылат колу мүлдө.
Таяк алып колуна думанача,
Качып кетет Гитлер базар күндө».



* * *

Эки-үч күнү эл келип опур-топур,
Убакыт жок, учпады чымын сокур.
«Зейнеп эжем пунктта бар экен»—дейт,
Атчы бала баягы кара Чотур.

Жарадардын жашырын сыры барбы,
Чыгаралбай ичинен жалындарды,
Чымчыктары чуру-чуу, тал-теректүү
Медпунктка жаш жоокер кирип барды.

Көзү сурма, өңү сур, чап жаак келген,
Шыңга бойлуу шыңкыйган жигиттерден.
Кызыктырып кыздарды күлүп коюп,
Бала кезден аз сүйлөп сылык көнгөн.

Кирип барды жаш жоокер боз шинелчен,
Чоң ботинке, боз тумак бойго көркөм,
Күткөн өңдүү келер деп, кыз да жалгыз,
Күкүк-Зейнеп жолукса жоктур өлчөм...

Ысык жашы Зейнептин бетин жууду,
Айтайын деп айталбай белин бууду.
— Аткарайын, айт,— деди акырында,
Кыргызбайдын жарадар аксак уулу.

— Жактырамын өзүңдү баштатадан,
Арманым жок дечү элем көрсөм аман.
Эгер мени чын сүйсөң ала кеткин,
Өзүң менен согушка бирге барам.

Анда Мукаш билалбай эмне дээрин,
Сөз катпастан көтөрүп кыздын ээгин.
Махабаттын күчүнө макул болгон,
Оолдон сүйүп, от басып көкүрөгүн.

Махабаттуу күндөрдүн бир күнүндө,
Үйгө кирбей жаш жоокер кеч күүгүмдө,
Короодогу дөңгөчкө көчүк койду,
Сыры бардай айтчудай алда кимге.

— Билесиң го, энеке, Зейнеп ошо,
Ала кет дейт согушка мени кошо...—
Асман айдан түйүлөт байкуш эне,
Кандуу согуш элестеп, кызыл жошо.

—Эмне дедиң анан,— дейт Калый эне,
— Макул дедим, эмине болмок эле.
— Кырууланшып кулундуу бээден бетер,
Жүргөнүңөр тозок күн болчу беле?

Ок мөндүрдөй төгүлсө жер үстүнө,
Эрин ээрчип аялы барыш күнөө.
Жарашабы бирөөнүн жаш баласын,
Кой дегендин ордуна, кайра сүрөө.

Шашпай туруп жаш жоокер жооп берет:
— Угуп турсаң, энеке, андан көрөк.
Бая күнү эң сонун бир сөз айттың,
«Ырыскысы ар кимдин өзүндө» —деп...

Бүт үй-бүлө, бүт кыштак, бүтүн шаарлар,
Биздей эмес, силердей кемпир-чалдар.
Бала дебей, чоң дебей курал алып,
Булук салган душманга партизандар.

Военком да болгон жок бизге каршы,
Аяган жок кагазын мобул чарчы.
Жаман уулуң бир билсин өзүн-өзү,
Жаман болбос, энеке, мунун арты.

Айры өңөргөн атасы аттан түшүп,
Тоодон келген түрү бар, чөптү бүтүп,
Отун жакка айрысын таштай салса,
Кача берет каңк этип кара күчүк.

Кемпиринин кейиген сөзүн угуп,
Басып барып, колунан кармап туруп.
Бириндетип сакалын күлүмсүрөп,
Кайра жоктоп, Кыргызбай улутунуп:

— Өмүр деген бир келет оттой жанып,
Чагылгандай жарк этип, көктү жарып.
Тулпар деген тушунда, жаш чак болсо,
Барар элем урушка өзүңдү алып...

Тоо суусуна тоо өзү кылбас бөгөт,
«Болуптур» — деп баласын энеси өбөт.
Чукул болуп сүйлөсөң сөз маанисин,
Чукулдашып тоюнун камын көрөт.

Бир тилекте болушуп бүтүн кыштак,
Мукаш менен Зейнепти сыйлап, куштап,
Үйлөндүрүп, согушка жөнөтүштү,
Жүкчүл поезд жанданды вагон ыкшап.



Эшелону толтура түркүн жүккө,
Поезд шашат фронтко, зор үмүткө.
Андан дагы толтура эки жүрөк,
Кең Чүй ата суусундай келген күчкө.

III

Кандай жүрдү согушта эки жубай?
Көрбөгөн соң айтпайлы көңүл улай.
Кырк экинчи жылынын жаз айында
Бир кат келди Зейнептен мына мындай:

«Күйүк токой капкара...
Мен болчумун сестра.
Жаздык кылдым колумду,
Жарадардын астына.

Ошол кезде ок тийди,
Оң көзүмдөн от күйдү.
Эстен танып баратып,
Энеке,
Элестеттим өзүңдү.

Келе жатам сакайып,
Энеке,
Болгонум жок чоң майып.
Күбүп салып көз жашты,
Күлүп койгун жылмайып.

Мукаш болсо көп менен,
Жоонун жолун беттеген.
Жөнөөрүндө шашылып,
Жазып ийгин кат деген.

Мында жалгыз мен эмес,
Муңкануучу сен эмес.
Кыздары көп Советтин
Бир туугандай энелеш.
Кызыңар Зейнеп».

Чыкыроон шамал жүрүп жазгы Чүйдө,
Чыйрыгып турган кези бүтүн дүйнө.
Кызынан келген катты жоолугуна
Бек түйүп, катуу келет эне бүйрө.

Кыргызбай үйүндө экен, кирип барат,
Калчылдап Сүйдүм эне, каарданат.
Буркулдап күйүп-бышып, кепке келбей,
Зейнептин катын алып жерге чабат:

«Жутмак элеңер,
Жутуп тындыңар, кызымды!
Жемек элеңер,
жеп тындыңар кызымды!»...

Акыры кеп түгөндү, баары айтылды,
Ичинен бугу чыгып, Сүйдүм тынды.
Кыргызбай каадасынча тамашалап,
Соорогуп кемпирлерди, кайрат кылды.

Кебине Кыргызбайдын кулак тосуп,
Чай ичип, талкан салып, каймак кошуп.
Балдарга өмүр тилейт, жеңиш тилейт,
Чамынган эне жолборс эми жоошуп.

* * *

Айланган урандыга орус шаары,
Төгүлүп бомба болуп душман каары.
Морлордон кыштын күнү түтүн чыкпай,
Сороюп көктү тирейт мамылары.

Ортосу эки суунун бул Воронеж,
Күмбөз да миң жыл турган мындай эмес.
Таланган, талкаланган тамтыгы жок,
Тажаалдын колу менен ырайым билбес.

Турганда кышкы чилде чык-чык этип,
Биздин кол шаарга кирди сууну кечип.
Тозоктун тогуз баштуу ажыдаарын,
Кууп чыкты узак айлар жаткан бекип.

Багжайган баатырлардын арасында,
Боз шинель кыргыздын көр баласын да.
Боштукту, эркеликти күбүп таштап,
Жетилген чоң майдандын талаасында.

Дүңкүлдөп бошотулган орус шаары,
Эзелки элдин Ата конуш шаары.
Жеңиштин жер силкинтип салюттары,
Күркүрөп күнгө жетти дабыштары.

Чыдабай ошол күнкү кубанчына,
Мукаштын үйгө жазган каты мына.
Жаш жоокер баарын жазды карындаш таап,
Эрденип ээ боло албай акылына:



«Ардактуу атам, энем сен,
Кемибес байлык, кенемтем.
Кишидей киши болгун деп,
Ар дайым айткан элең сен.
Караанын көзгө көрүнүп,
Кай жакта жүрсөм мага дем.

Өткөндү айтам биздин жак,
Волгадан, Дондон адымдап,
Кара боор жоонун башына
Каран түн түшүп турган чак.
Зейнеп да эбак сакайган,
Жаагында калып айдай так.

Үйүндөй болуп госпиталь,
Сестра болуп иштейт ал.
Энеке, баса сүйүнчү,
Көз жарды жаңы балаңар.—
Келиниң эркек төрөгөн,
Жаңырган кезде январь.

Акыры тирүү биз болсок,
Тоюбуз болуп тең орток.
Тушоосун кесип уулуңдун,
Туйтунсаң, эне, көңүл ток.
Турмушта болбос арман деп,
Уулуңду согуш ойлонтот.
Кат жазган Мукаш».

Кыргызбай жайдыр, кыштыр күчүн үрөп,
Жашарып тайдай туйлап кары жүрөк.
Бул өңдүү кубанычты көрбөгөнсүйт,
Жетимиш алты жолу жете түлөп.

10—3188

IV

Чал, кемпир шымаланып көп катары,
Багышып жүргөн чагы кызылчаны.
Дем байлайт уул, келинин согуштагы,
Көрүшүп сүрөттөрүн болсо дагы.

Шайы жок бутун тартар шалдайышып,
Түшкө маал кыйшайганда чалап жутуп...
Боюна чоң өстөндүн сары талдуу,
Бир бала жайдак атчан келет учуп.

Баягы кара, Чотур жакындаса,
Ат багып желден озгон закымдаса.
— Кара терге чөмүлтүп жаныбарды,
Мынча неге чаптың,—дейт Кыргыз ата.

— Сүйүнчү, Зейнеп жеңем келатыптыр,
Мынакей телеграмм, жүргүлө шыр.
Мынакей, поезд менен бүгүн кечки,
Ат мына, таппай койдум ээрин такыр.

Учкашып жайдак атка кемпир-чалы,
Талаадан үйдү көздөй адымдады.
Калпагын колуна алып кара Чотур,
Арыштайт ат менен тең келбей жаны.

* * *

Сокулук. Поезд келет... поезд келет.
Келе элек келер поезд, азыр делет.
Бир мүнөт эки сааттан узак болуп,
Зейнепти күтүшкөндөр тегеренет.

Бул кезде күткөн поезд күчүн үрөп,
Кыргыздын кыйрын басып жаңы кирет.
Көзүнө туулган жери көрүнгөндө,
Зейнептин боюн каптайт ысык илеп.

Ой болуп ажырагыс анын досу,
Түбөлүк жанында жок жан жолдошу.
—Ээ, Зейнеп, Мукаш кана, сүйлөчү,—деп,
Эңкейип сурагансыйт Ала-Тоосу.

Күл болуп күйүп барат күйүттүү жар,
Элестеп көз алдына мына булар:
(Мукаштын бир жолдошу аман калып,
Көргөнүн өзү келип айтканы бар).

«...Курскиде, февралдын бешинде,
Кычыраган кыштын суук кечинде.
Кармаш болуп, карсылдашып бетме-бет,
Талкаланган чоң шаардын четинде.
Мукаш жатты айдөш жерде күрсүнүп,
Ок жайлаган оор жарат төшүндө.

Тирүү калган жылып барса бир жоокер,
Онтойт алсыз, ошол жерден жан кетер.
Карбаластап таңам десе, жаратын,
«—Убакытты кетирбе,—дейт, кур-бекер».



Ошентет да Мукаш сүйлөйт энтигип,
Онтоо күчөп, каш-кабагы серпилип:
— Госпиталда аялым бар, балам бар,
Айтып койгун калганымды мертинип.

Төш чөнтөктө сүрөтү бар алардын,
Берип койгун, бел байласынаралдым.
Мобул жаткан өлүктөрдүн баарын айт,
Кайрат кылып, камын көрсүн баламдын».

Берки жоокер мойнун буруп көз салат,
Өлүк дендер бирин-бири жазданат.
Фашисттердин тоголонуп каскасы,
Эми каска кийбей турган баштанат.

Эки эсе көп биздикинен өлүгү,
Фашист ушул тепсеп келген төрүмү.
Туман болуп каптап келген көгүмү,
Деген өңдүү көпкө кетип көңүлү.

Берки жоокер мойнун буруп алгыча,
Бек күрсүнөт Мукаш баатыр аңгыча.
Жалгыз гана «Зейнеп!» деген сөз сүйлөйт,
Ууртунан кара кочкул кан сыза.

Солдат кейийт, кейигенде эмне арга,
Бала жоокер кетти кантет, арманда.
Аткарам дейт бул жоокердин айтканын,
Мерт болбосом көөдөнүмдө жан барда.

Төш чөнтөктөн кочкул канга чыланган,
Билет табат комсомолдук, уландан
Арасында алакандай сүрөт бар,
Канга баткан, кантип тааныйт бул андан.

Жаш жоокерди — жаш баатырды батыраак
Чукул жерде чуңкурчага жашырат.
Ойрон салып, орус уулу Василий,
Душмандардын күлүн көккө сапырат...»

Жаш эне жашын төгүп ойлоп келет,
Жүрөгү көөдөнүндө ойноп келет.
Ал оюн — кайгы-дарттын оюну эле,
Бир туруп өзүнө-өзү кайрат берет.

Аңгыча күтпөс жерден, туура жактан,
Күкүктүн үнү чыгат калың бактан.
Момундай бир уламыш эске түшөт,
Зейнептин кыз чагында энеси айткан:

«Жигит-кыз ашык болуп бир-бирине,
Бак кушу түнөр кезде түндүгүнө,
Капыстан каптап келип, элди жоо чаап,
Бытырап чачылган дейт тирүү бүлө

Эки жаш табыша албай бири-бирин,
Куш болуп кеткен дешет алар бүгүн.
Жигиттин ысмы — Күкүк, кызы—Зейнеп,
Көгүш чаар көйнөк кийген, уккун үнүн:

— Күкүк!.. Күкүк!..
Күйүттөп үшкүрүнөт Зейнеп түтүп.
— Зейнеп!... Зейнеп!..
Күкүк да бир жакта дейт, кызын күтүп.

Атымды Зейнеп койгон эмнеге?
Арманды тагдырыма жаздың беле?
Мукаш! Мукаш!
Кезигүү чын болсочу о дүйнөдө...»

Мынакей поезд келди... поезд келди...
Күтүп ал күкүктөрдү, зейнептерди.
Көтөргөн коптилкасын темир жолчу,
Аларга бир аз жарык кылып берди.

Зейнеп жок, ана чыгат, мына чыгат,
Кыргызбай кирип барат турбай чыдап.
Чыкыйган аскер киймин кийген Зейнеп,
Баласын колуна алып тынч олтурат.

Сыртынан тынч олтурат, тынч отурат,
Бүлбүлдөп жарык күйбөй эл топурап.
Байкаса тынч отурган Зейнебинин
Бетинен салаа-салаа жаш чубурат.

Өөп туруп чекесинен кайната карт,
Колунан баланы алып токтобой шарт.
— Садагаң, эмне болду? Мукаш кайда?
Сүйлөчү, сүйлөй койгун. Батыраак айт!!

— Мукаш жок — Айткан жообу ошо болду,
Кан акты көздөрүнөн жошолонду.
Караргандан түнөрүп айланасы,
Карыны кайгы басты кара тондуу.

Кыргызбай колуна алып ымыркайын,
Түшүнүп болгон иштин алы-жайын.
«Тулпардан калган туяк ушу» дейби,
Дем байлайт ымыркайын кадам сайын.



Куланып сакалынан жашы тама,
Көтөргөн кол башындай колдо бала.
Ээрчитип жаш келинин жалын кечкен,
Вагондон чыга келген картты кара...

Жаш келин жалын кечкен — өзү жалын,
Оор күндө окко учуруп сүйгөн жарын.
Жүрөгү толтосунан жараланып,
Жанында басып келет карыянын.

Майданда жаздым болду бала жоокер,
Баладай жетимсирейт жаш жароокер.
Капкара көздөрү ойноп ымыркайдын,
Көңүлдүн черин козгойт ого бетер.

***ИСАБЕК ИСАКОВ,***

***акын***

# ЖАШТЫК

Көрдүң бекен мартен
мештин жалынын,
Көрдүң бекен көп
металлдын агымын.
Айтсак чынын анда
жаштык илеби,
Аалам жаттап эмгек
ырын, жаңы ырын.

Ай, комсомол,
жаштыгым,
Намыс ойноп каныңда,
Бакыт үчүн, күн үчүн,
Баттың бийик жалынга.
Көрдүң бекен коргоп
талаа көктөмүн,
Жоо кыйратып жоокер
канын төккөнүн,
Айтсак чынын анда
жаштык күүлөрү,
Даңазалап тарых
жолун өткөнүн.

Ай, комсомол, жаштыгым,
Өлбөстөр көп сабында.
Дүйнө сырын ачкынын,
Болуп күрөш табында!
Кереметпи, өзүң эккен
гүлүңдөн,
Өмүр жайнап, ажал
качып түңүлгөн.
Балбан күчүң баян
болуп дүйнөгө,
Байлык ташты, бакыт
кетпей үйүңдөн.

Ай, комсомол, жаштыгым,
Ай нур агып шарында,
Эрдик жатат чалкыган,
Эртеңки өмүр таңында.

Аткаргын деп милдет
такса жолуңа.
Ала-Тоону аркаладың
жонуңа.
Керек болсо ракет
болуп атылып.
Жанып турдуң Чолпон
болуп дооруңа.
Ай, комсомол, жаштыгым,
Намыс ойноп канында.
Бакыт үчүн, күн үчүн,
Баттың бийик жалынга!..

## КУРДАШТАР

Эстечи, жашыл өзөндө,
Кумдарга сиңген из кайда?
Бир баскан сулуу көчөмдө,
А силер кайда, биз кайда.
Тилектештер, карлыгачтар — курдаштар!

Эрдикке элин кубантар,
Эмгектүү жолуң—соз колуң,
Силерсиң өмүрдү улантар,
Сыймыкка бөлөп өз доорун.
Жүрөктөштөр, карлыгачтар — курдаштар!

Чырпыктай кезден жетилип,
Чынарга боюн теңешкен,



Күлүгүң суудан кечирип,
Көрүнчү кайра белестен?!
Жүрөктөштөр, каргылачтар—курдаштар.

Жаркылдап сенин жүздөрүң,
Заманым күлө караган.
Баатырдык жолун издедиң,
Балалык күндөн самаган.
Ниеттештер, карлыгачтар —курдаштар.

Үмүттөр күйгөн шам болуп,
Уядан учкан түлөктөр,
Максаттар аткан таң болуп,
Толкундан бүткөн жүрөктөр,
— Булар кимдер?
— Алар:
Тилектештер, карлыгачтар —курдаштар.

## КӨҢҮЛДҮН АКТЫ СЫРЛАРЫ

Классташ кыздарга

Кыздар ай, кыздар парталаш,
Кызгалдак өмүр кырдагы,
Көңүлдө гүлдөп кайта жаз,
Көңүлдүн акты сырлары.

Ар-намыс күтүп мекендин,
Ар милдет, ыйык ишинде.
Ободо аткан таң нуру,
Ойноду бекен жүзүңдө?!

Кыздар ай, кыздар кылыктуу,
Назиктик менен ширелген.
Өмүргө болуп уютку,
Өмүргө тоодой тирелген.

Каткырып күлгөн кезинде,
Кабагың күндөй жазылып.
Ак сүттөй сүйүүң сезимде,
Астра гүлдөй ачылып.

Ак гүлдөр—сулуу кыздар ай,
Ачылып жылдыз элесиң.
Кышы, жай эзел муздабай,
Махабат отун төгөсүң.

Кыздар ай, кыздар жайнаган,
Кызыл гүл болуп айылда.
Ак жарык болгон айланам,
Бир жүрсөм сенин жанында.

Бириңер илим мактанчы,
Жайнатып шахта мөмөсүн.
Бириңер, малчы, ак данчы,
Бириңер баатыр энесиң...

Бириңер врач өмүрдүн
Билинбес жибин улаган.
Бириңер акын көңүлдүн
Миң толгоп күүсүн бураган.

Кыздар ай, кыздар парталаш,
Кызгалдак өмүр кырдагы.
Көңүлдө гүлдөп кайта жаз,
Көңүлдүн акты сырлары.

## КҮН КӨТӨРҮП БАРАЙЫН

Көз уялтар кут денеңди
керемет күч сулуулап,
Оо, улуу күн, баратасың
сапар улап зымырап.
Сенин мээрим илебиңен
жаш канаттар жетилип,
Жашоолордун өлбөс күүсү
шыңгыр даана угулат.

Сени сүйөт жыттуу жалбыз,
бийик учкан көпөлөк,
Сени сүйөт залкар тоолор
далысына бөпөлөп
Сени сүйөт шүүдүрүм да
нуруң тийсе касиет,
Кетет алыс түрмөктөлүп
булут болуп көкөлөп.
Жада калса балбан билек
кумурска да сүйүнгөн,
Жумуш десе ачып кабак
миң секирип түйүлгөн.
Жаадырашып, дене жазып
кубаныч күлкү тартуулап,
Сансыз тажы жыпар жыттуу
гүлдөр сага тигилген.



Оо, сулуу Күн, адамзаттын,
тиричиликтин өмүрү,
Сезет сени, сыйлайт сени
бар жандуунун көңүлү.
Сезет сени зор бакыттай,
чексиз улуу максаттай,
Пайда болуп дайраларда
ашып-ташкан көбүрүү.

Кана эмесе, Күндөн мен да
өз энчимди алайын,
Керек болсо миң кубулуп,
Күн нур болуп жанайын.
Аалам тыңша, жүрөк тыңша,
адам атым билгизип,
Алсыздарга, алыстарга
Күн көтөрүп барайын!

***ТУРГУНАЛЫ МОЛДОБАЕВ,***

***акын***

## НАРЫН ДАЙРА

Нарынды багынтып жатышкан
жаштарга арналат.

### БИРИНЧИ СҮРӨТ

Шамалды-Сайды чаң каптайт,
Төбөдөн тийип күн кактайт.
Таңдайы катып боз торгой,
Тамчы суу таппай акактайт.

Кеберсийт талаа суз карап,
Керимсел чөптү уйпалап.
Кендирин кесип өмүрдүн,
Кейитти жерди куйкалап.

Топурагы тоз болуп,
Жел жүрсө чаңы козголуп.
Куураган жансыз чөл жатат
Кубарып өңү боз болуп.

Адырлар кумдан жабыгып,
Аптапка талаа камыгып.
Чаңкаган адам күткөндөй,
Чөл күтөт сууну сагынып.

Талыкшып солуп жандуу зат,
Нуруна күндүн от тамат.
Кашык суу бүркпөй талаага
Как жарып катаал дайра
агат...

## ЭКИНЧИ СҮРӨТ

Болгондур мүмкүн капкачан,
Сапарга жөнөп тоо жактан.
Дайраны кечип өйүзгө
Өткөнү келди салт атчан.

Күрпүлдөп дайра тоотпой,
Жанына жанды жолотпой.
Таш агызып чамынды
Майышпас, сынбас болоттой.

Жинденди Нарын кутуруп,
Добушу кулак тундуруп.
Ажылдап күчөп жулунду
Толкундан найза сундуруп.

Жутмакчы болуп суу шашып,
Ажалдар келди арбашып.
Бой тирешти адам да
Долу суу менен кармашып.

Толкунду толкун жапырып,
Көбүгүн көккө сапырып.
Тентек суу чапчып адамды
Тереңге түртөт матырып.

Эр жигит салды кайратын,
Карт Нарын болсо айбатын,
Ак толкун ала салдырып
Аскага урду эр атын...

Тирүү жан ташка тырмышты,
Жылмышты колу,
жылмышты...
Кармамак болду көзү өтүп
Калкыган сууда камышты.



Кубаты калбай өзүндө,
Жалыны өчүп көзүндө.
Кайдадыр алсыз үн берсе,
Калтырайт үмүт сөзүндө.

Түбүнөн толкун түрүлүп,
Жигитти урду сүрүлүп.
Бир көрүнүп жок болду,
Күн боздоду үңүлүп.

Түркүгү челген көктө айды
Түнөрүп тоолор сумсайды.
Текеберлүү дайра да
Тепкилеп жатты чоң сайды.

Калдайып кайгы муздары,
Каткырып күлдү суу шары.
Желге учуп жигит мүдөөсү,
Үзүлдү өмүр сапары...

## ҮЧҮНЧҮ СҮРӨТ

Буурусун жерди чие элек,
Талаалар жаңы кие элек.
Кылымдар турган токойго
Балтанын мизи тие элек.

Чамынып Нарын ыргыштап,
Тереңге сактап сыр катат.
Ийрилип өйүз-бүйүздө
Илмейип ичке жол жатат.

Жазында, жайда ар убак
Уу-чууга толуп дайра жак.
Карт Нарын бойлоп жер
кезип,
Калкылдап жөнөйт көч чубап.

Боз кыроо түшкөн күзүндө
Жаканын конуп түзүнө.
Эсен-соо кыштан чыксак
дейт,
Сарсанаа түнөп жүзүнө.

Чыйрыгып боз үй калтырап,
Дайрада көк муз жалтырап.
Түлөгөн тайдай самтырап,
Үлдүрөп балдар олтурат.

Түтүнгө өпкө ышталып,
Түн кирсе үйдө жок жарык.
«Жамандык тилеп» ит улуйт
Караңгы түндү как жарып.

Канаты талган көчмөндөр,
Кам жебей кышка көчкөндөр.
Кыйналып ата-бабасы
Өмүрү тоодо өткөндөр...

## ТӨРТҮНЧҮ СҮРӨТ

Олтурат дөңдө бир кары,
Самандай өңү керсары.
Көзүнө кээде жаш толот
Көөдөнгө батпай муң-зары.

Оюнда жөөлүйт... мелдешип,
Толкундар менен сермешип...
Бөлөнгөн бала чыңырып,
Дайрада агат бир бешик.

Кардыккан доош угулуп,
Ташка урду толкун жулунуп.
Эзилип ичи өрттөнүп,
Эт жүрөк барат суурулуп.

Баш айланып... жер көчүп,
Бакырат адам ый кечип.
«Алла!» деп көккө жалынса,
Капкара болгон күн өчүп...

Баса албай муун шалдырап,
Бет буруп суута жалдырап.
Караңгылап көңүлү
Зил оору болду далдырап.

Көч үстүндө чуу чыгат,
Эркектер бак-бак унчугат.
Сезимге чылап туз куюп,
Сергибей дүйнө тумчугат...

Көчкөндө үйүн көчкү алып,
Көкүрөгүн зил чалып.
Көк жалын бүркөт үшкүрсө,
Көк ирим сууда өч калып.



## БЕШИНЧИ СҮРӨТ

Арыбас, талбас күчү бар,
Асканы чапчыйт толкундар.
Канаттуу куштай зуулады
Калкылдап сансыз ай,
жылдар.

Жашоонун жайын түк билбей,
Көчмөн эл жүргөн эндекей.
Байырлап кыргыз жердеген
Нарындын жээги мынакей:

Жээкти тепсеп, сай өрдөп,
Жайылат малы өндүрлөп.
Төбөсүнө чөп чыккан,
Бозоргон тамдар көрүнөт.

Короодо талы эрбеет,
Сын тагып токой кердеет.
Керимсел кеткен куйкалап,
Адырда эгин сербеет.

Тегирмен ташын айланткан
Дайрага өзөн шар аккан.
Солкулдак, мажес көпүрө
Чалдыгат көзгө ыраактан...

## АЛТЫНЧЫ СҮРӨТ

Эңсеген тилеп зор ишти
Багынтып чөлдү жеңишти,
Кайратына кар күйгөн
Каарман жаштар келишти.

От чачып жерге жайкы аптап,
Алоолойт ысык чөл сактап.
Чырылдап чардайт саратан,
Чымчыктар солуйт акактап.

Кылымдар элде эңселип,
Чөп өссө деген сеңселип.
Жалындап оттой кайраты,
Жаш күчтөр кирди белсенип.

Сызгырып ысык каарыды,
Бетиңе чачып жалынды.
Кум сээп, шамал ыркырап,
Куюну ойноп чамынды.

Чок тиштеп куу чөл оозуна,
Күч катып дайра суусуна,
Жеңдирбес үчүн ант кылды
Жинденген эки кошуна.

Кумсарды талаа, кумсарды,
Буулугуп бүркөт муң-зарды.
Куйкалап аптап өттү эле,
Куу чөлдүн куму кызарды.

Өмгөктөп, жөөлөп балакет
Өктөмдүк кылды аракет.
Титиретип талааны
Тирешти кыйла бетме-бет.

Жалынга жанып кайратты,
Эмгекке бөлөп кубатты.
Алп эңшерип өткөндө
Суйкайып талаа сулк жатты...

Эскилик калып бүлбүлдөп,
Жаңылык өстү дүрүлдөп.
Алыска көзүн чаптырат,
Ат минген кыргыз күлүңдөп.

## ЖЕТИНЧИ СҮРӨТ

Чып минген дайра үстүнө,
Көрк кошуп талаа көркүнө.
Күпүлөп поезд өткөндө.
Солк этпей болот көпүрө.

Трактор бузуп дыңдарды,
Сапырды желге муң-зарды.
Кубарган чөлдө суу күлүп,
Калк созду шаңдуу ырларды.

Өксөбөйт шамал кутуруп,
Өзгөрдү талаа кулпуруп.
Мөмөлөр жерге жүгүнүп,
Буркурайт жыпар жыт уруп.

Керимсел сокпойт шыбырап,
Ак тамдар түздө жыбырап.
Дайраны жээктеп тасма жол,
Машина учат зымырап.



Мекендеп ак куу каналды,
Суусуна өңүн каранды.
Каккылап майда толкунга
Канатын эргип таранды.

## СЕГИЗИНЧИ СҮРӨТ

Ачуусу ташып дирилдеп,
Алкынат дайра, силкинет.
Ак толкун мизин майтарып,
Алп күчтөр жүрдү бой тиреп.

Жээкке толкун серпилет,
Жеңдирбейм деп желпинет.
Чиренип койсо жигиттер
Түйүлө түшөт булчуң эт.

Зым минип жалын шыр кетет,
Аскалар кулап күп этет.
Агыны жиндеп алкынып,
Ансайын Нарын кекетет.

Күчөнсө дайра күркүрөп,
Үстүнө бөгөт түртүлөт.
Үйдөй таш кулап түшкөндө
Булутка толуп бүркүлөт.

Чамынат дайра тек жатпайт,
Бөгөттү тиреп суу каптайт.
Шыкалып өйүз-бүйүздө
Көргөнү келген эл батпайт.

Талашып чөлгө өмүрдү,
Кулпунтуш үчүн гүлдөрдү,
Чарпышып өжөр суу менен
Чарчоону билбей калк жүрдү.

Пардасын тартып түн кирди,
Жарыкты бойго сиңирди.
Балбылдап жанып электр
Айдады желге иңирди.

Күркүрөйт дайра, шаркырайт,
Кулаткан ташка шарпылдайт.
Күрөштө күчөп жаш күчтөр
Мотордун доошу басылбайт.

Алакан күйүп аязда,
Адамдар жүрдү түн ката.
Окторулуп агалбай
Онтоду Нарын таң ата.

Толгонуп, боздоп теминди,
Толкундар мокоп чегинди.
Жигердүү жаштар колунан
Жинденген дайра жеңилди.

Алкынган Нарын кебелбес,
Алптарды ээрчип акты тез.
Дайранын эски нугуна
Тамырын сайды Нарын ГЭС.

...Алдыда далай бар сүрөт,
Акынга боёк сүрттүрөт.
Ынтызар кылып ал сүрөт
Сени да, мени күттүрөт.

*МАР АЛИЕВ*

## КОМСОМОЛ ЖӨНҮНДӨ ОДА

Ошол өткөн граждандык согушта
Октон коркпой далай жигит тапталган.
«Комсомолго мүчө болуп өтөм» — деп,
Көбү келип райкомго катталган.
Каарын чачып, октор учкан окопто
«Катюшалар», «Суликолор» жатталган.

Эчендерди сокур октор жашырган,
Эчендерди эл душманы аттырган.
Ойдо-тоодо, согуш жүрүп жатса да,
Ошондо да жыйналыштар ачылган.
Оңбос душман сары изине түшсө да,
Ошондо да «Искралар» басылган.

Кырчын жаштар аскер болуп кетишкен,
Кырка тарта комсомолго өтүшкөн.
Кайда болсо комсомолдор алга деп,
Качан болсо жеңиштерге жетишкен.
Азаттыкка, эркиндикке бел байлап,
Айтканына каны менен бекишкен.



Корчагинди үлгү кылып алышкан,
Колчактарга коркпой кирип барышкан.
Деникинди, Красновду кыйратып,
Душмандарды дит бактырбай салышкан.
Бардык жерде эмгектенип тынымсыз
Байге алышкан социалдык жарыштан.

Анда өткөн кырк биринчи жылында,
Аламатты салган кезде чынында.
Чылк жаштардан гвардия түзүлүп,
Чыккан болчу фашисттердин кырына.
Азыр деле комсомолдун эрдиги,
Акындардын өлбөс-өчпөс ырында.

Кыргын салып, фашист бизди каптады,
Катюшалар кайра аларды таптады.
Матросов, Чолпонбайдай көп жаштар,
Баатырларча берген антын актады.
Эли үчүн эрктүү жаштар аттанып,
Эчен-эчен баракчалар чаптады.

Жеңиш алдык, бүткүл дүйнө угушту,
Жексен кылдык, токтоттук биз урушту.
Кыйрап калган шаар менен кыштакты,
Кыйла иш жасап комсомолдор курушту.
Андан кийин айлантышты «бейишке»,
Ангараны, андан ары чыгышты.

Жаштык ырлар бардык жерде жаңырды,
Жаңы ырлар ала келди жалынды.
Жеңиш, эмгек, тынчтык менен айкаша,
Жергем сайма, элим орден тагынды.
Комсомолдор коркпой учуп жол салып,
Космос дагы башын ийип багынды.

Ар-намыстуу ата жолун жолдогон,
Айыгышта ач душманды сомдогон.
Ал комсомол — партиянын иниси,
Ак эмгекте Ата-Журтун колдогон.
Жеңиштерден жеңиштерди жаратып,
Жергебизде гиганттар көп ондогон!

## ЖАЗ ЖАНА ЖАШТАР

Шамал ызгып чийдин башын жапырат,
Боз үй солк дейт керегe-уук качырап.
Короолордон козу маарап, кой маарап,

Тээ, күүгүмдө аздап барып басылат.
Көктү карайт чабан туруп короодон,
— Оо, буюрса эртең асман ачылат.

Жаз келди эми алпурушчу түн менен
Жаштар мында уйку десе билбеген.
Таң атаарда «куш уйкуну» салат да,
Таң кулаңөөк кошо турат күн менен.
Сакмалчылар жапа тырмак күзөттө,
Сактап төлдү бирин-бири үндөгөн.

Демеп иштейт бири дагы мойнобой,
Кол бошосо, бир аз тыным ойномой.
Жаштык барда жалын да бар, эмгек бар,
Эмгектен соң тура алышпайт ойнобой.
Жүрөгүндө эл ишенчин бек актап,
Жүзүм жарык боло көр деп ойлонмой.

Күндүз чыгып, эки жакты карачы,
Кой-козуга толот кокту арасы.
Чабдар атчан кой кайырат ыр менен
Чыйрак өскөн чоң чабандын баласы.
Жардам берип, ар бир сакмал турбаса,
Жетээр эмес чабандардын чамасы.

## *ЭСЕНГУЛ ИБРАЕВ*

*акын*

# КҮЗ БЕРЕКЕСИ

Той түшүп толукшуган коңур күзгө,
Токчулук ырыс жууруп каймак, сүткө.
Төркүлөгөн кош бойлуу келинге окшоп,
Арпа, буудай ыкшалат талаа-түздө.

Айылда кызуу кыймыл бу таптарда
Дүр-дүйнө түшүм батпай кучактарга.
Ныксырап, тойдон келген балага окшоп,
Таранчылар үргүлөйт бутактарда.

Машиналар тынымсыз кулак жарып,
Чубап келип, кампага чубап барып,
Кызыл сузган дыйкандын каш-кирпиги,
Сезилет аяз ата сыяктанып.



Ыракаты эмгектин делебе козгоп,
Ыр жаңырып талааны желе- жортот.
Алкагында эгиндин сүзүп барат,
Аштык—деңиз, комбайн—кемеге окшоп.

Дыйкандар дасторконун жайган анык,
Көзүң тоёт көркүнө тайгаланып,
Бах, чиркин! Коңур күздүн берекеси ай,
Колуңду кайда сунсаң майга малып.

# ОШОНДО БИР КУБАНАТ

Акыркы кар талаадан кетип эрип,
Шыбак бүрдөп, көктөмдүн кези келип.
Короолордо бул кезде ызы-чуу көп,
Козу маарап, тууган кой мекиренип.

Көз ирмебей күзөтүп күндөп-түндөп,
Койчумандар—командир бак-бак сүйлөп.
Чай ичүүгө чоло жок... Козулардын
Чарайнасын шыпырып, мурдун үйлөп.

Күндүз үйдөн узоо жок ыраак жайып,
Түнкүсүндө бурч-бурчка чырак жагып.
Койчумандын аялы көптү көргөн
Колу жеңил Умай эне сыяктанып.

Саман төшөп алдуусун кургак коюп,
Алсыздарын тонуна чулгап коюп.
Кирди-чыкты жумушун да бүткөрүп,
Кийген кийми, кол-буту туңгак болуп.

Ата Мекен анысын артык баалап,
Акын ырдап эмгегин шаттык каалап.
Койчумандар ошондо бир кубанат,
Короосунан козудай бакыт маарап!

# ТҮШҮНҮП КОЙ

Тыным албай жер айланат огунда,
Ачкычы анын азыр адам колунда.
Канча ачылыш калды баскан жолунда,
Канча ачылыш күтүп турат соңунда.

Акыл сенин кылган ишиң омоктуу,
Чынга айланттың бүгүн минтип жомокту.
Музейлерден балам көрүп таңданат,
Кечөөкүнкү биз кармаган орокту.

Ушул таалай Мекенимди жайпаган,
Ушул бакыт ырыскыга чайкаган,
Түшүн, уулум, башталганын дал ушул,
Жөпжөнөкөй Орок менен Балкадан!

## ЗАМАНДАШЫМА

О менин учкул канат замандашым,
Оргуштап нур төгүлөт маанайыңдан.
Атырыл, айды карай вулкан болуп,
Ала-Тоо пастык кылат таалайыңдан.

О менин өрттөй жанган замандашым,
Обдулгун, бийиктердин кыл учунан.
Ырда, күл, кубатыңдан таш жарылсын,
Ысык-Көл кемдик кылат ырысыңдан.

О менин тынымы жок замандашым,
Оргушта, сапырылган фонтан болуп,
Досторуң жеңишиңе жетиналбай,
Кастарың оозун ачсын аң-таң болуп.

О менин жаркын маңдай замандашым,
Соболоң айдан ашык, күндөн бийик,
Өркүндө, өнөрүңө маашырланып,
Өмүрлөр мөмөлөсүн шагын ийип.

О менин уюткулуу замандашым,
Толкунда, тоо томкорор илебиң бар.
Деги сен жеңбей турган эч бир күч жок.
Дем берген партияң бар, Ленин бар.

О менин тынымы жок замандашым,
Оргушта, сапырылган фонтан болуп,
Досторуң жеңишиңе жетиналбай,
Кастарың оозун ачсын аң-таң болуп!

## ТОЛГОНУУ

Тэ-э бир жакта бомба ыргытса абадан,
Мээлеп туруп дал төбөмө аткансып,
Тынчым кетип, төбө чачым тик турат,
Коюнумда бака чардап жаткансып.



11—3188

Тамдар урап, талааны өрт каптаса,
Думугамын менин денем күйгөнсүп,
Мазем кетет, тула боюм дүркүрөйт,
Коюнумда жылан сойлоп жүргөнсүп.

Тэ-э бир жакта жапа чегип канча жан,
Тэ-э бир жакта балдар өлсө ачкадан,
Бүлүк түшүп, ойлорумду иритип,
Сар-санаанын зардабына капталам.

Иштен кийин баламды алып бакчадан,
Сөөмөйүмдү кармап алып басса анан,
Дүйнөдөгү кооганы бүт унутуп,
Бак-таалайдын чарбагына башпагам.

## ТУРДУБЕК ЭЛЕМАНОВ

## КОМСОМОЛДОР

Комсомолдор,—
Октябрдын нуру менен туулган.
Кырчылдашкан кан майданда жуунган.
Далай душман
Үстү-үстүнө сокку жеп,
Жалын жүрөк,
Жалын жүрөк, кайратынан куулган.

Лениндин
Акылынан кайрат алып,
Шыктанып,
Улам күчөп кубаттанып.
Дайраны туура буруп,
ГЭСтер куруп,
Жарк этти
Эмгектери нурдай жанып.

Партия
Мекенимдин мээси болсо,
Комсомолдор
Согуп турган жүрөктөй...
Кан тамыры
Мекениме жан берген,
Кайда болсо,
Комсомолсуз иш бүтпөй.

Комсомол деп
Башталмакчы кебибиз,
Комсомолдор
Жоо өтө алгыс чебибиз.
Алкыш айтып
Өмүрү узун болсун деп,
Жыргап жатат
Ыракатта элибиз.

Комсомолдор —
Сүйкүмдүү ысым достук деген,
Алгалайт
Кадамдары дайым кенен.
Силерсиңер
Заманымдын ээси, күчү,
Ар качан
Бирге жүрөм силер менен!

Эрдик иш,
Унутулбайт өтсүн жылдар,
Силерден
Өсүп чыккан Дүйшөнкулдар.
Чолпонбай
Мекени үчүн окту тосуп,
Тынчтыкта
Өссүн деген артта балдар.
Алп завод,
Фабрика тургуздуңар,
Береке
Турмуш үчүн дың буздуңар.
Катары көбөйүүдө
Гагариндин,
Ааламды
Саякаттап түз учтуңар.

Апыртпай
Ар бир сөздү айтсак калыс,
Силерде такыр болбойт
Артта калыш.
Башкага
Үлгү болуш көндүм адат,
Баарынан
Эң жогору турат намыс!

Көбөйсүн
Секунд сайын катарыңар,
Байсалдуу



Боло берсин сапарыңар!
Саймала,
Кең өлкөмдүн ою-түзүн,
Силерге
Куп жарашат атак-даңктар!
Партия
Мекенимдин мээси болсо,
Комсомолдор
Согуп турган жүрөктөй
Кан тамыры
Мекениме жан берген,
Кайда болсо,
Комсомолсуз иш бүтпөй!

***ГҮЛСАЙРА МОМУНОВА,***

***акын***

## ОН АЛТЫ КЫЗ

Каркырадай катар учуп бараткан,
Каректерди катарына кадаткан.
Канат күүлөп карлыгачтар чыгышты,
Калкыбызга эмгек шаңын тараткан.

Эмгек менен элге алынып өскөн жан,
Тоодой таянч, тирек болуп Өлмөскан.
Алп эмгектин бешигине терметип,
Төрөп он алты асыл өчпөс жан.

Ай талаада кызыл ала түрбү деп,
Жалаң кыздар жандуу өскөн гүлбү деп.
Шаңдандырып жаштык эмгек шаанисин,
Таңданасың күндө майрам күнбү деп.

Он алты кыз бирге чыкты жеримден,
Он алты кыз алда келди теримден.
Ач талаанын көркүн ачып иш менен
Бали, ырахмат, алтын кыздар дедирген.

Он алты кыз билектерин бир түрүп,
Эмгек этип жаркылдаша бир жүрүп.
Гүлзардагы булбул кушту сүрдөтөт,
Ырлар ырдап шыңкылдаша бир күлүп.

Бири жүрөт болот тулпар башкарып,
Жалгыз өзү жүздөн норма аткарып.
Бири тартса тууган жердин келбетин,
Бири ырдайт күлмүң-күлмүң каш кагып.

Эмгек менен күндө аппак таң атат,
Алтын колдор аппак тоолор жаратат.
Пейли толуп кызыл нурга боёлуп,
Алп кыздарга күлө карап күн батат.

Он алты кыз чыккан кезде тандалып,
Бүт теребел тына калат таңданып.
Жаштык демден жаштык алып шаңданып,
Какыр талаа күлүп иет жанданып.

Кыз колунан жердин мээри төгүлдү,
Суктандырып тартып алды көңүлдү.
Жердин күчү, кыздын күчү жуурулуп,
Жеңиштердин сересинен көрүндү.

Кыз колунан жер денеси ийиди,
Какыр талаа жашыл көйнөк кийинди.
Күз келгенде жаш келиндей жаадырап,
Аппак жоолук башка салып сүйүндү.

Алгалашса ак билектер түрүлүп,
Алыс качты түн пардасы сүрүлүп.
Жашылданбай жарашыктан түңүлүп,
Калган талаа башын ийди жүгүнүп.

Ала-Тоодон атыр сепкен жел келип,
Ата-Журттун алкыш сөзү дем берип.
Ак пахтадай кыз көңүлүн агартып,
Алга күүлөйт жанга кубат дем берип.

Жетелешип жергебизге жеңишти,
Он алты кыз марага эрте келишти.
Үлүшүмдү кабыл ал деп Ата-Журт,
Алтын колдон аппак була беришти.

Он алты кыз өрнөгүнө кызыгар,
Адам эмес, ай талаа да ынтызар.
Сиңдилери он алтынын артылып,
Айылдарда ат салышып чыгышар.

Бүгүнкү салт ушу эмеспи кубанар,
Башталган иш эл ичинде уланар.
Бири баштап, миңи колдоп алуучу,
Өрнөктүү иш көптүн көөнүн буралар.



Жымың-жымың талаа чеги чакырат,
Он алты кыз дале шашат, ашыгат.
Мейли шашсын тойбой балбан эмгекке,
Биздин күндөр мына ошону жактырат.

Он алты кыз ысымыңар аталуу,
Калкың сүйүп, калк ичинде макталуу.
Кандай бакыт, Ата-Журттун алдында
Милдет алып, ал милдетти аткаруу.

*ЧОРО ЖУНУСОВ*

## ТУУГАН ЖЕРГЕ

Тууган жер, тирүүлүктөй эң кымбатсың,
Ден сакта ат аргытаар адырмаксың.
Мен ооруп жаткан кезде терезеден
Көрүнгөн бир тал жашыл жалбыраксың.

Тууган жер, ар-намыстай эң кымбатсың,
Сен кантип башка жактан табылмаксың.
Досторго ак көңүлдөн миң эсе кең,
Душманга тар пейилден тарыраақсың.

Энени сулуулугу үчүн эмес,
Сүйгөндөй энелиги үчүн аны.
Тууган жер, сүйөм сени, кулдук кылат,
Өмүрдүн сага бардык учурлары.

## ЖАЙЛОО ЖАНА ҮЙ ТӨРҮ

Эшикке шаша чуркап ат алышкан,
Эзилип отто казы-карта бышкан.
Кыргыздын үйүндө бар бир орундар,
Орундар—алар ТӨР деп аталышкан.

Суулары алдас уруп бат агышкан,
Кыздары гүлдү туурап жасанышкан.
Кыргыздын тоолорунда бир жерлер бар,
Жерлер ал.. ЖАЙЛООЛОР деп аталышкан

Жайлоодон сергүү албайт ким көңүлгө,
Ким келбейт куттуу төрдөн сый көрүүгө.
Элимдин айырмасы башка элдерден,
Атайлап өзүнчө бир салтка айлантып
Адамды, табиятты сүйгөнүндө.

## КЫШ ТҮНҮ КЫРГЫЗ ҮЙҮНДӨ

Чымчылайт бетти кышкы түн,
Чыкса да тоодон ай толуп,
Ай жылат... сынбай бүпбүтүн,
Аккансып суугa май тоңуп.

Жылдыздар көктө жыбырайт,
Жылтылдай үйдө сорпо үстү,
Сорпосуз кыргыз жылыбайт,
Күйсө да меште от күчтүү.

Кээде көп, кээде аз жылдыздар,
Кетилип, кайра ай туулат.
Түгөтпөйт салтын кыргыздар.
Түнкүсүн айдай май туурап.

## АВГУСТ

Августта алмалар кызарышып,
Алмачылар бакчасын кызганышып,
Ар тараптан келишет окууларга
Аптабына өмүрдүн кыздар бышып.

Фрунзеде ушул маал — бир укмуш маал,
Жыпар жытын жемиштер буруксутар.
Уландар да көбөйүп көчөлөрдө,
Жаңыланып жаштыкка институттар.

Алыска узап, түндөрүм ай-жылдыздуу,
Азыр менде — өмүрдүн августу.
Жаштыгына турмуштун салым кошуп,
Болсом деймин дагы уул, дагы кыздуу.



*ЖЭЭНБАЙ МАМБЕТАЛИЕВ*

## ЖАЙЛООДО

Асман тиктеп боз үйдүн түндүгүнөн,
Уйку жок эрте ойгондум күндөгүдөн.
Алыста бирин-серин жылдыз турат,
Алсырап калган окшоп түндөгүдөн.

Зоолордун арасына булут түнөп,
Алптардан элес келип, болк дейт жүрөк.
Жел уруп керегенин түптөрүнөн,
Короодо конушу жок кой жөткүрөт.

Жамынып жууркапынын жармын гана,
Бейкапар уктап жатат тентек бала.
Уюн саап, коломтого от жакканы,
Жеңекем туруп жатат будалана.

Тартылып кыялымда укмуш сүрөт,
Толкунум токтоо бербейт алга сүрөп.
«Күндө эле көрө жүргөн таң» дегенсип,
Ат токуп жылкы айдачу атам жүрөт.

## ТҮНКҮ ПЕЙЗАЖ

Түн...
Көл сулуу жатат уктап.
Көшүйт да, көшүйт
Тоодон соккон жел аргыны жыттап.
Желбирейт жамынган шейшеби,
Жээкти көздөй ыктап.

Калың токой бир-бирине:
«Акырын, көл уктасын,
Кулак түрүп тыңшап калат,—
Жел жүргөндө жеңил камыш
Шыбырашып тынчтык бузуп жатпасын».

Ай асманда кирпик какпай жалдырайт:
«Көлөкөдөн көлдүн эси чыкпасын».
Кең көкүрөк ал Ала-Тоо
жел жөнөттү:
«Көлдү барып таптасын!»

Тынчысаңчы ой, тентек булак,
Көл эс алсын,
Көл чочубай уктасын.

## АДАМДАР

Жер — ааламдын кампасы,
Адам — жерге кампачы.
Айга барып келсек да,
Ачылбай жатат канчасы.

Ай, күн — асман жүрөгү,
Тоолор — булут түнөгү.
Кан берип турат жашартып,
Алардын адам жүрөгү.

## КАРЫЯЛАР—ЫЙЫК АТАЛАР

Карыялар — ыйык аталар,
Сөздөрүнөн соолбос гүл өнгөн.
Карыялар — тарых дастаны,
Гималайдын чокусу өңдөнгөн.

Ден соолуктун символу өңдөнүп,
Булчуңдары, жумур билеги...
Бирге турсаң бирпас ургансыйт,
Узак жаштын ууздай илеби.

Кыргыз жери тоосуз көркү жок,
Бир сулуулук жетпей калгандай.
Карыясыз айыл көркү жок,
Иштеринин баары жалгандай.

Карыялар—ыйык аталар,
Тилек, ырыс... барын тең бөлгөн,
Карыялар — тарых дастаны,
Тынч океан тереңи өңдөнгөн.



### ДҮЙШӨБҮБҮ ЖАМАНСАРТОВА

## КОМСОМОЛДУК БИЛЕТИМЕ

Күндө көрүп өзүңдү,
Курчутамын сезимди.
Күжүрмөндүү өткөрсөм,
Комсомолдук кезимди.

Эстейм, сактап катамын,
Элесин Ильич атанын.
Тапшырма берсең аткарып,
Талыкпай ашуу ашамын.

Узак жолго жөнөсөм,
Урматтаймын, кеңешем.
Алптыгыңды жаңылбайм,
Ай-жылдызга теңесем.

Эмгекти айтат сырларың,
Эпкиндүү жаштык жылдарың.
Чечкиндүү намыс-ар берип,
Чертесиң жүрөк кылдарын.

Күмүш нуруң себесиң,
Кубат берип келесиң.
Кайда барсам жан биргем,
Комсомолдук билетим.

### БЕРГЕНАЛЫ БАЗАРБАЕВ

## АРТЫП БАРАТ ИШЕНЧИМ

Башын жөлөп бооруңа, төшүңө ыктап,
Балаң күлсө жаркылдап, кыткылыктап.
Бакыттын бардыгынан ашык тура,
Байкасаңар, достор эй, мына ушул чак.

Бала—бакыт агылган булак болуп,
Баратабыз биз улам ынак болуп,
Элжиретсе жүрөктү жоруктары,
Эрип кете жаздайм мен сымап болуп.

...Ал көтөрчү алоолуу туу мына,
Арткан өңдүү ишенчим уулума.
Артып барат күнүгө ишенич-сүйүүм,
Арт жактагы келаткан муунума.

## МАЙМАК СТАНЦИЯСЫНДА

Поезд өтөт чыгыш жактан батышка,
А батыштан чыгыш жакка кайтара.
Алардын бүт кыймылына көз салып,
Сырын катып үнсүз жатат ай талаа.

Поезд келсе чиркелишип шарактап,
Жүрөк ырдайт комуз болуп үч кылдуу.
Релсалар ийрилишип жыландай,
Андан-мындан от чыгарат учкундуу.

Башкаларга түк окшошпос турмуш бар,
Байкап көрсөң ушул чакан аймакта.
Поезд өңдүү ойлор келип шарактап,
Поезд болуп поезд күттүм Маймакта.

Көмкөрүлүп турду менин үстүмө,
Көк асманда толгон жылдыз, толгон ай.
Ушул күнү окууга уулун узатты,
Майсалбек деп жашын төкпөй Толгонай.

* * *

Аз-аздап... унута баштап жаштык ырын
Сезбейсиң өткөнүн да жаштыгыңын.
Экөөбүз жок шарактап баштагыдай,
Кол кармаша көчөдө басчу мурун.

Сен эми «ак бөпөмдү» жатка ырдайсың,
Ыргагында бешиктин кыйчылдаган.
Тынчың алат ал сенин күлүп, ыйлап,
Тыбыратып колу-бутун мыйтыңдаган.



Сен эми бешик ырын ырдап жаткан
Энелердин гимнине өз үнүңдү
Кошосуң да, уулуңа бакыт-таалай
Тилейсиң түбөлүккө ачык күндү.

...Өмүр ушул уланат чекити жок,
Өйдөлөп бара берет жаштар улам.
Сен эми эне болдуң, эне баркын
Да жакшыраак сезесиң баштагыдан.

### ЧЫНАР УНУРОВА

## ҮЗҮЛБӨГӨН ҮМҮТ

*(Согушту сурабачы, каралдым дейт.)*

Күн чубагын сиңирип көөдөнүнө,
Эне отурат жүн тытып үй түбүндө.
Чыбык атты камчылап өтөөр элем,
Үнүн укпай белгисиз күңгүрөгөн.

Мезгил өттү, өзгөрдү табият да,
Бойго жетти чырпык да терек болуп!
Мына азыр ойго чумуп мен отурам,
Тагдыры ал эненин элес болуп.

* * *

Болуптур жаралгандан беш баласы,
Бешөө тең бойго жетип солкулдаган.
«Каран түн кайдан түштү» деп ойлоду,
Ал апа батыш жакты карап турган.

Мекенди коргоо үчүн баары кетти
Энеге үзүлбөгөн үмүт таштап...
Кеткенден бири кайтып келгени жок
Көөдөнүн ачыштырды оору каптап.

* * *

Согушту каргайт минтип бардык жүрөк,
Болбосун согуш эми бир да мүнөт.
Үзүлбөй канча эненин үмүттөрү
Согушка кеткендерин күтүп жүрөт.

Күн чубагын сиңирип көөдөнүнө,
Эне отурат кыймылсыз үй түбүндө.
Салам айтсам акырын жакын барып,
Көпкө карайт колун алып чекесине,
Көз тунарып кайтса да кайратынан,
Кабарсыз балдарынан үмүт үзбөйт.

* * *

Мынчалык зор үмүткө өмүр улап,
Фонунда кызыл күндүн эне турат.

* * *

Көлүм кийип күндүн кызыл көйнөгүн,
Көлөкөм да узак кетти ыраактап.
Жээгинде сергип, шаңдуу келатам,
Кыялымды жүрөгүмдө тузактап.
Келди менин жаш балача ойногум,
Кумду шилеп, толкунуңду кучактап.

Ай, көлүм ай! теребелиң чалкыган,
Мен турамын илебиңен аптыккан.
Эрке желиң саамайыман сыласа,
А ниетим пейилиңди жактырган.

Шашпайм неге, кайтуу керек калаага,
Карегиме элесиңди чөгөрөм.
Бир тамчыңды алакандан карасам
Ойноктогон, чагылышкан күн көрөм.

Батты күн да мээримине балкытып,
Сезимиме шоокумуңду жат кылып!
Бүгүн сенден алыс узап кетсем да,
Шашып келем эртең эле сагынып.

## МАЗМУНУ


Түзүүчүдөн . . . . . . . . . . 7

Улуулар баскан жол

К. Баялинов
Шумкар бийикке учат . . . . . . 15
С. Сасыкбаев
Мектеп, өзүм, окуучуларым . . . . 21
Ж. Саатов
Өчпөс из (Очерк) . . . . . . . . 39
А. Чебурашкин
Кыргыз элинин баатыр уулу . . . . 45

Улуулар жолун кичүүлөр улантат

Т. Самудинов
Жаңырган жергебиздин жол новеллалары . 53
З. Турсуналиев
Жанган жылдыз (Очерк) . . . . . . 69
Ж. Шаршеев
Таңды тоскон адам (Очерк) . . . . 79

Республикам — достуктун өлкөсү

Т. Мамбетсариев
Орус тили—достуктун, прогресстин тили . 91
А. Калидев
Венгр жеринде . . . . . . . . 101
М. Мураталиев
Суусамырдан Суздалга чейин (Публицистика) . . . . . . . . . . 114

Ыр саптарында — жаштык жана туулган жер

Т. Үмөталиев
Комсомолдун мүчөсү . . . . . . . 131
Ж. Абдыкалыков
Күтүп турат сапарым . . . . . . . 133

А. Белеков
Махаббат күчү (Поэма) . . . . . . 138
И. Исаков
Жаштык . . . . . . . . 149
Курдаштар . . . . . . . 150
Көңүлдүн акты сырлары . . . . . 151
Күн көтөрүп барайын . . . . . 152
Т. Молдобаев
Нарын дайра . . . . . . . . 153
М. Алиев
Комсомол жөнүндө ода . . . . . . 160
Жаз жана жаштар . . . . . . 161
Э. Ибраев
Күз берекеси . . . . . . . . 162
Ошондо бир кубанат . . . . . . 163
Түшүнүп кой . . . . . . . . 163
Замандашыма . . . . . . . 164
Толгонуу . . . . . . . . 164
Т. Элеманов
Комсомолдор . . . . . . . . 165
Г. Момунова
Он алты кыз . . . . . . . . 167
Ч. Жунусов
Тууган жерге . . . . . . . 169
Жайлоо жана үй төрү . . . . . . 169
Кыш түнү кыргыз үйүндө . . . . . 170
Август . . . . . . . . . 170
Ж. Мамбеталиев
Жайлоодо . . . . . . . . 171
Түнкү пейзаж . . . . . . . 171
Адамдар . . . . . . . . 172
Карыялар — ыйык аталар . . . . . 172
Д. Жамансартова
Комсомолдук билетиме . . . . . . 173
Б. Базарбаев
Артып барат ишенчим . . . . . . 173
Маймак станциясында . . . . . . 174
Ч. Унурова
Үзүлбөгөн үмүт . . . . . . . 175
«Көлүм кийип...» . . . . . . . 176

Инв. 225777

**МОЙ КИРГИЗСТАН**

ПУБЛИЦИСТИКИ, ОЧЕРКИ, СТИХИ

На киргизском языке

Для молодежи

Жаштар үчүн

Составитель *Калыбай ОСМОНАЛИЕВ*
Редактор *Б. Асаналиев*
Художник *А. Мисюрев*
Фото *В. Утешова, Э. Вилчинского*
Худ. редактор *Ю. Ким*
Тех. редактор *В. Г. Косарева*
Корректор *Н. Жусупбаева*